С кырг
Т25



# ОШТОГУ МЕНИН ӨМҮРҮМ

Кармышак
ТАШБАЕВ
(Аликетегин)

Скырг
Т25

**Кармышак Ташбаев**
**(Аликетегин)**

# Оштогу менин өмүрүм

**Ырлар, публицистикалык ой толгоолор жана поэмалар**

«Рух инсандары– эл куту»

ИНФОРМАЦИОННО-
КРАЕВЕДЧЕСКИЙ ОТДЕЛ

ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ № 469070

«Бийиктик»
Бишкек 2006

ББК 84 Ки 74
Т 47

*«Рух инсандары – эл куту» сериясын Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмери, эл аралык «Руханият» ассоциациясынын Президенти* ***АКУН ТОКТОСАРТОВ*** *негиздеген.*

**Ташбаев Кармышак (Аликетегин).**

Т 47 Оштогу менин өмүрүм: Ырлар, публицистикалык ой толгоолор жана поэмалар. Б.: «Бийиктик», 2007. — 160 б.

ISBN 9967 — 21 — 960 — 2

Чыгармаларында философиялык ой толгоолору менен окурмандардын өзгөчө кадыр-баркына ээ болгон белгилүү акын, прозаик жана котормочу Кармышак Ташбаевдин бул топтомуна кийинки жылдардын аралыгында жазган ырлары, публицистикалык ой толгоолору жана поэмалары киргизилди. Эгемендүү мамлекетке айланган жумуриятыбыздын он төрт жыл аралыгындагы коомдук-саясий, социалдык турмушун ар тараптуу чагылдырган чыгармалар жыйнактын негизин түзөт. Рынок мезгилиндеги калкыбыздын турмушу, үмүт-тилеги, ой-санаасы жана келечекке болгон оптимисттик көз караштары бийик поэтикалык эргүүлөр менен чагылдырылып берилген.

Автордун бул ыр жыйнагы поэзияны сүйгөн окурмандардын кол китебине айланат деген үмүттөбүз.

А 4702300100 — 03 ББК 84 Ки 74

ISBN 9967 — 21 — 960 — 2

© Ташбаев К., 2007

*Көрүнүктүү коомдук ишмер, Эл аралык «Руханият» Ассоциациясынын Президенти, Каракулжалык атуулдардын башын бириктирип турган иним Акун Токтосартовго ушул китепти чыгарууга демөөрчүлүк кылгандыгы үчүн ыракматымды айтып, ыраазылыгымды билдирем!*

***Автор***

# *АДАМ ЖАНА ТАБИЯТ*



## Оштогу менин өмүрүм

Кырк жыл Ошто жашадым
Суусун ичип, абасын жутуп, тузун татып,
Дагы канча жашаарымды Кудай билет.
Эрте-кеч көчөлөрүн күндө басып,
Ыпысык нанын жедим набайынын,
Канча да жер-жемишин алдым сатып.
Эсепсиз чайкананын чайын ичтим,
Булоолонгон палоосун жедим,
базарына түштүм.
Көп ирет Сулайман тоого чыгып барып,
Багынан сүйгөн кызымды күттүм.
Кечкисин театрына шаштым,
Ижарага үй издеп
Далай коргондордун эшигин кактым.
Багын аралап, дүкөндөрүн кыдырып,
Жүздөгөн чакырым көчөлөрүн бастым.
Төрт жыл акы төлөп жашадым
бирөөнүн үйүндө,
Көп күндөр жүрдүм махабаттын бийинде.
Үйлөнүп бала-чакалуу болуп,
түйшүк артып
Бул жашоонун жүгү түштү эки ийинге.
Төрт жыл облустук гезитте иштедим,
Жети жыл кабарчылык кылдым.
Далай жолу таң
атарда жатып,
Далай жолу таң алды турдум.
Күндөр болду эзилип кайгы жеген
Алышып күнү-түнү ойлор менен.
Бирөөгө салмагымды салганым жок,
Өзүмдүн өз жолумда илкип келем.
Бирөөдөн жардам бер деп суранбадым,
Бирөөнүн нанын колдон жулганым жок,
Баш ийип жалынбадым башкаларга,
Чегелеп кошоматтык кылганым жок.
Үч ирет үй алмаштым —
Түбөлүк бир орунда турганым жок.
Баарынан кызыктуусу — саган
Таңгалычтуу туюлар, азиз окурман, —
Кызматтан чоңойсом деп улам-улам
Мансапты көздөбөдүм,
Бүгүнкү бир орундан
Экинчи бир кызматка которулган.





Бирөөгө сын такпадым,
Бирөөгө кылганым жок ичкүйдүлүк.
Ыр жаздым өз бөлмөмдө,
Ыр жаздым талаа-түздө, тоодо жүрүп.
Таап жедим өз нанымды
өзүмдүн колум менен,
Бактысын бирөөлөрдүн талашпадым
Келатам өзүмдүн ак жолум менен.
Көп жолу сыйлуу конокторо болдум,
Достордун арагын ичип, ашын жегем.
Чоң-чоң жыйындарда сөз сүйлөдүм
Бирөөнүн мажбурусуз, өзүмдүн башым менен...
Шаарда жашап жөө да жүрдүм,
Такси да миндим,
автобуска да түштүм,
Даамын билдим ак эмгектин
Даамын билген сыяктуу айран-сүттүн!
Алыс менен жакынды араладым,
Дос да күттүм, душман да күттүм!
Бапыраган март күндөрдү өткөрдүм
Бир тыйынга зарыккан убагым да болду.
Бирөөнүн сөзүнө көңүл майдай эрисе,
Бирөөнүн сөзүнө көңүл муздай тоңду.
Кырк жыл Ошто жашадым
Суусун ичип,
абасын жутуп,
тузун татып,
Дагы канча жашаарымды Кудай билет.
Эрте-кеч көчөлөрүн күндө басып!
Дайрасына чөмүлүп, кумуна жаттым,
Уктадым серүүнүндө салкын бактын.
Эли-жериме ырларымды арнап
Аз болсо да кадыр-барк таптым.
Жамандык кылганым жок душманга да.
Жүздөгөн чакырым
жакшылыктын жолдорун бастым.
Кубанычын, кайгысын сездим адамдардын
Абалын түшүнүүгө аракет жасадым
Айбан тургай, жерде жаткан таштын!
Мен Оштун аэропортунан учуп кетип
Кайрылып сүйгөн шаарга учуп келдим.
Жайкы ысыгына чыдап,
Кышкы суугуна көндүм.
Кээ бир достордун ичкүйдүлүгүн
Көбүнүн жакшылыгын көрдүм.

Турпагын басып жүрүп Жердин куттуу,
Кулагым канча да көп ушак укту.
Жаз келип, кыш алыстап,
Ыргытып жеңилденип жондо жүктү,
Кайрадан адырларга чөптөр чыкты.
Жер боору адамына мынча жакын,
Гүлдөрү адамына мынча жыттуу!?

Оюнкараак балалык жаш кезимде
Улуулар айтып жаткан «кепти» жеген.
Тилалчаак үлбүрөгөн жигит элем, —
Жооп бербес тамашага алгандарга
Уялган бетке чабаар келиндерден.
Ушак-айың сөздөрдү тыңшабаган
Кыңыр-кыйшык иштерди элебеген...
Бүгүн мен —
Ал күндөргө караймын башкачараак.
Ал күндөргө серп салам акыл менен.
Азыр мен —
Көптү баштан кечирип,
Көптү билип, көптү көргөн,
Бул турмуштун ысык-суугуна чыдап
Оорун колдон алган,
жеңилин жерден...
Бул жердин абасын жутуп, суусун ичип,
турпагын басып,
Ишин иштеп, тилегин тилеп Кудай деген
Бир адамың — Кармышак Ташбай уулу
Алике палбан небиреси — мынаке мен!
Кырк жылдан бери Ош шаарында
Көп элдин шары менен
Жашап келем,
жашап келем!!!

*1982 — 2005-ж.*

## Адам жана табият

Эч нерсе жок табияттан акылман:
Баарын тегиз ойдогудай жасаган.
Сансыз дүйнө — кара келип жакындан
Канча жан бар жер боорунда жашаган.

Ар биринин ар түрдүүчө турмушу —
Көргөн күнү, жашоо шарты ар башка.





Жашайт алар биз жашаган күндү ушу
Чыгат алар ар түрдүүчө кармашка.

Чөптөн тартып өсүмдүктөр дүйнөсү,
Жер боoруна терең жайган тамырын.
Ар бири анын ал өзүнчө дүйнө өзү
Алып жашайт Айдын, Күндүн жарыгын.

Кайберенди мээлеп туруп атсаң да
Ойлой көрбө кызыгына жетем деп.
Тоо, талаада, токой, чөлүн, асманда
Жан-жаныбар Жерде жашайт мекендеп.

Жерде жашоо — укмуш сырлуу түйүндө...
Ар биринин билсең болот арманын:
Чычкан коркуп кире качкан ийинге
Мышыктардын, караң, батпай калганын.

Бака байкуш коркуп кетип өлүштөн,
Ыргыйт сууга калаарында жутулуп.
Куш чеңгелин матырарда —
көгүчкөн
Кетет черге кире качып кутулуп.

О табият кендигиңе ырахмат!
Кучагыңа кирип барам тартылып.
Мылтыгы бар көйрөңдөнгөн бир адам
Атып таштап кеткен суурду калтырып.

Бекер атуу — ушунчалык жаман да!
Келбейт анын терисин да алгысы.
Табиятты оюн көргөн адамга
Ал суурлардын неге тийбейт каргышы?!

Бизде адам көп өмүр бою тойбогон,
Оюу алардын — чылк алтынга малынса.
Кайберенди сулатты деп ойлоном
Мылтык үнү аскалардан жаңырса.

Бүтүн Аалам Табияттын колунда!
Эгер билсек — Адам анын бутагы.
Дем алмаксың неден? — Аба жогунда —
Тарып кетсе бул Ааламдын кучагы!

Иче турган суулар эгер ууланып,
Жердин боору кетсе атомго өрттөнүп.

Адам өзүн алдамакпы кууланып,
Алааматты өз башынан өткөрүп?!

О Адамзат! Көп талаш бар кеңешчү
Акылга кел, анын түркүн жолдору.
Бул ааламда зыяны жок эмеспи
Пилдин жана кумурсканын болгону.

Бул табият жалп деп өчүп өңүнөн
Жан-жаныбар дүйнөсү бүт кырылат!!!
Каргыш айтып тынч жаталбай гөрүнөн
Арбактары Аталардын чыңырат.

Жаратылыш! — Сен бир улуу түшүнүк!
Биз адамдар кучагында балабыз.
А биз сени бүтө элекпиз түшүнүп, —
Чеки иш кылсак биз каарыңа калабыз.

О табият! Жибербегин көптүрүп, —
Эриш-аркак биз жашайлы ар убак.
Чырпыгыңды Чынар кылып өстүрүп,
Чычканыңды оорул калса дарылап!

*16-март, 1987-ж.*

## Табият жана биз

Биз кээде албуут шаардын агымында
Күндөлүк турмуш менен алек болуп
Жүрөбүз.
Бир сезимдер ар бир жылда
Ойгонуп сайрай баштайт бакка конуп.

Ал сезим — сагынычы табияттын
Көңүлгө ырахатын алып келген.
Жол жүрүп канча тоонун белин аштың? —
Эсиңе түшөт жерлер көзүң көргөн.

Эгер биз келе жатып чарчап-арып
Кез келсек агып жаткан тунук суга —
Куланып аттан түшүп башты малып,
Жыргайбыз, жол азабы унутула.

О курбум, алп тоолордун кучагында
Жапайы сырлар жатат айтылбаган.





Бул жерде текеберлик такыр кылба —
Ак болсун, таза болсун ар бир кадам.

Моокумун көргөн көздүн бүт кандырат,
Элеси жол боюнда жаткан таштын.
А кээде сабап өтөт добул эң бат
Нурларга жалтыратып булут астын.

Биз келип табияттын кучагына
Равшан боло түшөт көңүлүбүз.
Сезимге канат бүтөт учаарына
Жашарат бир топ жашка өмүрүбүз.

Ар убак аткаралбай санаабызды,
Көңүлгө көп эле ирет түшөт булук.
Өмүрдү биз өткөрөт турбайбызбы
Баркына табияттын жетпей жүрүп!

*21-июнь, 1984-ж.*

## Көк челип турган өлкөм — Кыргызстан

Бул жерде — күнү дайым тоодон чыккан,
Көрбөсөң, бирок аны кулак уккан.
Памирдей, Тяньшандай гиганты бар
Көк челип турган өлкөм — Кыргызстан!

Бул өлкө жашап жатат тоосу менен,
Ителгиси шаңшыган зоосу менен.
Өзөнү, капчыгайы, жылгалары,
Коктусу, коңул, чабы, коосу менен.

Булуту кебез сымак бийиктеги,
Зоолордун боорундагы кийиктери,
Илбирси, аюулары менен бирге
Жашоодо бул аймактын ийип жери.

Жапайы кайберени менен бирге,
Ак чач тоо моюн созуп жатат Күнгө!
Мойнуна ак мөңгүсүн артып алып
Шылдырап булак суусу кирип тилге.

Суу бойлоп кеткен сокмо жолу менен,
Алатоом жашайт бары-жогу менен.

Мергени менен тоодо кийик аткан
Мергендин мылтык, бычак, огу менен.

Алатоом жашайт жашыл жери менен,
Шаркырап дайралары кемибеген.
Өзүнүн аба, куму, чөбү, ташы
Боорукер Кыргыз деген эли менен!

*20-май, 1982-ж.*

## Тоолордогу улуулук

Түркүн гүлдүн жыты коштоп абасы,
Укмуш тыптынч ушул тоонун арасы.
Миң кубулуп торгойлордун үндөрү
Күкүк сайрайт тескей бетте карачы.
Тоо койнунда өнүп-өскөн экен го
Ысык-суугун татып кыргыз баласы.

Кара, мына биз да жашап келебиз,
Салыштырсак эң эле аз элебиз.
Тоо сыяктуу көккө тийип төбөбүз,
Тоо суугуна көнгөн беле денебиз.
Бирок ушул тоолуктардын дилинде
Жөпжөнөкөй эрдик жашайт ченегис.

Мен ар убак туш болуп от-жалынга,
Жапайы бир сезим бийлейт канымда:
Турмушуна пайда берээр ар убак
Элим үчүн тапсам дейм бир табылга.
Тоодо жашоо кубаныч да, кайгы да
Коркунучу бирге жүрөт жанында.

Нур сыяктуу ак жарыгын себелеп,
Биз жашайбыз замандарда келелек.
Дөңгөлөгү чимирилип мезгилдин
А жылдарын акырындап элемек.
Тоолор гана сыр бербестен тургансыйт
Бут алдында кылымдарды тебелеп!

Калган кезде акырындап түн кирип,
Ай жаркырайт ааламды бүт күлдүрүп.
Терендикти ушул элде жашаган
Байкабайсын катарлаша бир жүрүп.





Таңда, кечте сайраганы улардын
Турат дайым улуулукту билдирип.

Сен ар качан көңүл бургун жаш адам,
Жакшылыкты тоолуктар көп жасаган.
Мурас болуп келет бири-бирине
Белек сымал келе жатат атадан.
Улуу тоонун улуулугун коротпой
Улуу тоодо кыргыз гана жашаган!

*24-май, 1988-ж.*

## Бүлөөлү

***(Мамат Жакыповго)***

Токой, тоолор — агын суунун түнөгү!
Болсо, балким, Жердин эгер жүрөгү.
Көркөмдүгү
сулуулугу жагынан
Анын өзү — жалгыз гана Бүлөөлү!

Мен арытып далай жолдун чектерин,
Жаш убакта ушул жерден өткөмүн.
Азга токтоп, айланама көз салып
Кооздугуна бир мас болуп кеткемин!

Бүгүн келип Бүлөөлүнүн чатына,
Атап Күндү койгум келди атына.
Көңүлүмдү кыз жытындай жашартып
Жаз ыраңын коштуң менин жашыма.

Сен табият, өз үнүңдө сайрачы!
Жан эргитет куштарыңдын сайрашы.
Айгыр болуп алыстыктан азынап,
Жолборс болот жакын келсен дайрасы.

Айтчы мага, сен табият сырыңды,
Мен таң калып карап турам мунуңду.
Чөптөрүңдүн аккан жыты жел менен
Жарып ийе жаздап турат мурунду!

Сен ар качан деңге кубат бересиң,
Кандай сулуу, кандай көрктүү элесиң?!
Мен таң калып карап чыктым айланып,
Үй ордундай кайыңдардын денесин.

Сен жашай бер! Күндөрүмүн биринде
Келип алып дарагыңдын түбүндө
Ырлар жазып олтурармын, Бүлөөлүм, —
Мен бармынбы? Демек, менден түңүлбө.

Аман болгун, саламат бол — Бүлөөлү,
Биз ар качан саламдашып жүрөлү.
Эч убакта коюнуңа киргизбе
Көңүлү жаман сугалактан бирөөнү!

## Акбосого

Акбосогом! Кечир келген уулуңду?!
Баш кеңгирейт кечээги ичкен шараптан!
Мен биринчи көрөмүн деп тууруңду
Келдим сага, мен эмесмин жадаткан.

Жуттум тунук сууңду жана абаңды,
Даам таттым мен жакшылардын колунан.
Кечир мендей ичип алган balанды
Өз уулундай коздугуна тоорулам.

Асканд мына ак мөңгүнү жамынган,
Андан агып түшүп жатат сууларың.
Акпай эле өтүп жатат канымдан
Элестетип күндүн жыргал, кууралын.

Сен бир бейиш жер экенсиң арчалуу,
Жан жыргатат муздак жели талааңын.
Жашап өттүң замандардан канчаны
Бешигине окшош эгиз баланын!

Бетегең бар жашыл түстө кулпурган,
Арча жыты жыргатууда жанымды.
Биз бир пенде, тирүүлүккө умтулган
Келип сага көңүлүм гүл тагынды.

Талаа-түзүң, кокту-жылган көктөмдүү
Мен ыраазы боло берем баарына.
Ушул бойдон өзүңдү алып кетсемби
Алаканга салган бойдон шаарыма!

Сууларыңдын шаркыраган үндөрүн,
Булутуңду аска учунда калкыган.





Алып кетсем — анда сенин күндөрүң
Кандай болот? Бирок элден тартынам.

Бул дүйнөнүн мен төрт бурчун кезсем да,
Көрөм сени өңүм менен түшүмөн.
Коздугуңду акын өңдүү сезем да,
Адам сымал баркыңды мен түшүнөм!

*25-май, 1991-ж.*

## Жайлоо тууралуу ыр

Жыбырашып жылдыздары асманда,
Жашыл шибер туш-тарабың басканга.
Каймагың жеп, кымызыңан шыңгытып,
Кандай жакшы жайлоо бекер жатканга.

Жүздү чайкап агын сууга, гүлдөргө,
Кумарланып кызыктуу бул күндөргө,
Эриккенде эл кыдырып, жер көрсөң
Кандай жыргал жайлоо бекер жүргөнгө.

Мал жайылып кокту, колот, белдерге,
Суу шылдырап, үйлөр бардык жерлерде.
Жайлоо — чиркин бейишиндин бейиши
Бир күн түнөп конок болуп келгенге!

О мындайда дилге кирет тазаруу,
Бирок анын түгөнбөйт эч казалы.
Жан жыргаткан жыргалына барабар,
Жан кейиткен жайлоонун бар азабы.

Күн жадырап балдар ойноп сүйүнүп.
Турган кезде, топ булуттар түйүлүп,
Кабак чытып бороон жетет заматта
Кар аралаш сага жүзүн үйүрүп.

Бир заматта дабыратып жабыкты,
Кышалардан жамгыр суусу сарыкты.
Буюгат деп мындай ызгаар жамгырда
Үй ээлери кулундарын агытты.

Кычыратат үйдү шамал агылган,
Эне жүрөт кудайына жалынган.

Көк тиреген тоону бөлө чапкансып
Чарт-чурт этип төбөндө ойнойт чагылган.

Кара күүгүм каптап кирет түнөрүп,
Жанган отко үйдүн ичи бүдөмүк.
Меймандарды олтургузуп тонго ороп
Жүдөсө да эч айтышпайт: «Жүдөдүк!»

Козу-улактар бир капшытка корголоп,
Ит кыңшылап астанада кор болот.
Жука жерин таап алып үзүктүн
Дир-дир этип агат жамгыр шорголоп!

Карышкырлар улуп мылтык атылат,
Жылкычылар жылкысына шашылат.
Азынаган айгыр үнү угулуп
Бүтүн аалам көөдөй түнгө жашынат.

Таң да атат. Малчы малга жүгүрөт.
Күн көзү жок. Муздак шамал жүгүрөт.
Кыроо туруп жалбырактын бетине
Шүүдүрүмү шиберлерден күбүлөт.

Жаан басылып үйлөр түндүк түрүшкөн,
Иттер жүрөт анда-санда үрүшкөн.
Короодогу уйлар мөөрөп чыйрыгып
Кулун-тайдын төрт аягы бүрүшкөн.

Түтүндөрүн чууртушуп кемеге,
Түгөнбөгөн түйшүк түшөт энеге.
Ал аңгыча үйүр келет күтүрөп
Эрди-катын кулун байлайт желеге.

Мындай түндүн бири миңге барабар,
Мал түгөлбү? — Анан тынчыйт санаалар.
Бардык тарткан кыйындыктар жок болот
Күтүрөтүп бышылганда сабаалар.

Күкүк сайрайт тоо суусунун шарында,
Күн нуру ойнойт жылкылардын жалында.
Бу жайлоонун азап менен тозогу
Кошо жүрөт жыргалынын жанында!

Суктанасың бейиш го деп көргөндө,
Сугунду артып суусу тунук жерлерге.
Жайлоо жыргал — боз үйүнө бир түнөп,





Козусун жеп, кымызынан куйдуруп,
Шаарды көздөй кайра баса бергенге?!

*7-июль 1989-ж.*

## Жаз деми

Жаз болуп турат мына бардык жагым,
Эсептеп бералбасмын анын баарын.
Алды-артым, туш-тарабым көзүм түшкөн
Көңүлүм,
        көкүрөгүм,
                аккан каным —
Жаз болуп бүрдөп барат бардык жагым.

Аралап кечип барам шиберди мен,
Басканда бутум тепсеп жерге ийилген.
Жапжашыл шибер чөптү аяп кетем,
Артымда калып барат бир сап сүйлөм
Аралап бараткандa бутум тийген!

Желпинет аткулактын жалбырагы,
Жапжашыл адыр, талаа,
                жардын алды.
Тоолордун чокусуна качып кеткен
Кечээ эле мында жаткан кардын алды.
Жаз деми тартып барат бардык жанды.

Денинен таштардын да бүчүр бөртүп,
Талаалар жатат мына жазга көлкүп.
Жамгырын төгүп өтөт бул табият
Сууларын өзөндөргө көлкүлдөтүп,
Булуттар турат андан жылып өтүп.

Безенип куштар сайрайт бакка конуп,
Кыздардын көкүрөгү нурга толуп,
Өздөрү ажайып бир жазга айланып
Кеткендей жүрөктөрү жашыл болуп!
Гүлдөрү кол табына калган солуп!

Мен бүгүн жазды көрүп айран калдым,
Мынча не жапжаш дүйнө болуп жандың?!
Алыстап кыйырынан кеткен кезде

Алгачкы жаштыгымды эске салдың.
Ал учур от ойнотуп өттү го арбын!

*21-май, 1988-ж.*

## Арал деңизи

Самолётто он миң метр бийиктикте баратсам
Чөл ичинен жашыл өзөн көрүндү.
Мен тааныгам Арал сенин өңүндү:
Таң алдында уктап жаткан деңизди
Көрө салып кыйкырганбыз көңүлдүү.

Мен ошондо ойго баткам капырай,
«Деңиз деле тоолор сымак турбайбы —
Кылымдарды карытып толкуп тынбай
Кебелбестен бир кунунда жатыр ай».
Санагансып сан жылдаган өмүрүн
Жаткан өңдүү заманына татыбай!

Тырмап алдык — денебиздин жарасын,
Ал ырбады. Булгап чөлдүн абасын,
Аябастан туз жаадырып тынымсыз
Ар күн сайын соолуп кетип барасың —
Арыктатып Азиямдын талаасын.

Денебиздин жарасы эми айланды
Айыкпаган азабы күч жараатка.
Биз эми аны эң кор туткан экенбиз
Эми ал бизден өчүн чындап алат да!
Анан барып түшүрөт деп ойлоном
Бийиктиктен ок тийгенсип канатка.

Көз көрүнөө бастык сенин демиңди,
Эске албадык сенин кемтик-кемиңди.
Аму менен Сырды буудук жибербей,
Каналдарга бөлүп кетип «жемиңди».
Оозуңду ачтын кумда калган балыктай
Эми ойлонтуп жатасың сен элиңди.

Калпыс иштен кыйроолорго учурап,
Канча өмүрлөр кара жерге көмүлөт.
Канча адамдын тагдырлары бүлүнүп
Канча бакты-таалай суудай төгүлөт.





Биз Аралдын эске албадык көз жашын
Эми ал бизден акын алат көрүнөт.

Жаратылыш — өз денебиз турбайбы,
Бир-бирине алар турат байланып.
Бүлүндүрсөк биз кичине жериңди
Денедеги жараттан кан кайра агып.
Акырындап кетет түра билинбей,
Айыкпаган ал р а к к а айланып!

*23-май, 1988-ж.*

## Деңиз жээгиндеги ой толгоо

Мейкиндик билинбестен кеткен кайда?
Чамынат кээде жээкке таппай айла.
Ааламга каршы-терши жүрүш кылган
Деңиз бул — агымы күч бир зор дайра.

Кээде тынч, кээде толкуп тамыр жулган,
А кээде өөдө-төмөн сапар курган.
Бул деңиз — чексиз дүйнө ой жетпеген,
Зор маани акылыңа сыйбай турган.

Чалкыйт ал төшүн тосуп асманына,
Бир көрсөң оонайт эки капталына.
Мен аңы карап туруп салыштырдым
Павло Неруданын саптарына.

Калыбында карап туруп ойго баткан,
Ойлорун улуу акын таасын айткан:
«Деңиз бул — окшош экен чоң казанга,
Тынымсыз оргуп-баргып кайнап жаткан!»

Тоо, токой, аска, зоолор капталында.
Ай, жылдыз, күндүн нуру асманында.
Жалтырайт ак кагаздай деңиз бети,
Мемиреп тыптынч уктап жатканында.

Кээ бирде деңиз кызык оюн курат,
Жээгине алп толкундар келет кулап.
Теңдешсиз жапан күчтүн ырайынан,
Кимдигин Адам өзү көрүп турат.

ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ № 469070

Деңиз бул — түшүналбас оор түшүнүк.
Болбостур эки-үч күндө бүт түшүнүп.
Деңиз бул — тентек уулу Асман-Жердин
Ай чапчып антарылат өзүн сүрүп.

Деңиз бул — досуң эмес тилинди уккан,
Чайкасы бороон менен бирге учкан.
Деңиз бул — китеп эмес жай олтуруп
Баракtап шашылбастан окуп чыккан.

Тили бар түшүнүксүз сүйлөткөнгө,
Ноктолоп болбойт аны үйрөткөнгө.
Катуу бол, кайраттуу бол ар убакта
Эч качан ага жумшак сүйлөп көнбө.

Таң калат тентегине — Жер, Ай, Асман!
Таң калат Күн да күндүк жолду баскан.
Билсеңер жашыл деңиз —
Жашыл донуз,
Табият кучагында бийлеп жаткан!!!

*Сентябрь, 1984-ж.*

## Аламүдүн дайрасы

Саратанда тоо баштарын карасаң,
Аппак кары жукарууда сүзүлүп.
Улам тоого мен суктанып баратам
Шаардын албуут уу-чуусунан үзүлүп.

Келдим мына Аламүдүн боюна,
Агып жатат алоолонуп чамынып.
Акбуурадан салам айтып коюуга
Мен жээгине басып бардым камынып.

— Аламүдүн, атсалоому алейкум!
Бардыр сенин Акбуурадан кабарың?! —
Жээкке сүрүп далай чопо, далай кум
Атырылат катуу түйүп кабагын.

Жаңырыктап капчыгайдын ичинде,
Тоңкочуктап улам жээкти кемирип.
Ал өзүнүн бардык-бардык күчүндө
Агып жатты албууттанып көбүрүп.





Салам айтып сабылганга карабай,
Түшүнүксүз суу тилинде кулдурап,
Тил албаган тентек, кежир баладай
Жатты тынбай улам жээкти ургулап.

Түнү карап сан жылдыздуу асманды,
Бүт ойготуп тоонун жумшак кечесин,
Карап турсам койдой, койдой таштарды
Күлдүрттөтүп сен агызып өтөсүң.

Көпкө олтуруп үн-сөзү жок жээгинде:
— Саламыма сен жообунду бер, — дедим.
Жооп айтпадың, чакырбадың мээримге
Эч билбедиң кимдин сага келгенин.

Мезгил, заман калыстыгын айта алар,
Сен өмүрү өндөнөсүң көп элдин.
Сенин катуу агымынды майтарар
Ырлар менен кийинчерээк келермин?!

*1-август, 1983-ж.*

## Мазарым Токбай-Ата

Мазардын эң бийиги
Билсеңер Токбай-Ата!
Бар анын эки ийини
Булутка башын катат.

Кечээ биз чыктык анын
Эң бийик чокусуна.
Ишенсең Кадыйчанын
Тийди Асман допусуна.

Бийиктен биз карасак
Көрүндү бары-жогу.
Жыландын изи сымак
Созулат Оштун жолу.

Адыры тоого жетип,
Жалтылдап суунун башы,
Көрүндү бүл-бүл этип
Өзгөндүн мунарасы.

Жылгасы болуп миң чап,
Адырлар күнгө калкып.
Сулайман тоосун курчап
Кең Ошум жатат чалкып.

Бооруна катып карды,
Кейпинде чапкан аттын,
Оронгон булуттарды
Зоолору Арстанбаптын...

Ар жагы канча тоолор,
Талаалар мелмилдеген.
Караган бизче болоор
Өлкөлөр сен билбеген...

Бийиги чындыгында
Мазарым Токбай-Ата!
Биз чыксак чокусуна
Көрүндү кең Алмаата!

## Табият койнун аралап

Эриккенден айылдан чыгып кетип
Тоо тарапка багыт алдым.
Үстүнөн өтүп алып кичине жардын
Керилген бир талаага бардым.
Чалкайып чалкасынан түздүк жатат,
Теминип арыгынан суулар агат.
Келиндери жүрүшөт суу сугарып,
Көздөрү бал-бал жанат.
Сайроодо чурулдашып торгойлору,
Келатам талаа кесип карап тоону.
Аралап беделерди тоого кетет
Унутулган бир эски сокмо жолу.
Дарактар тээ алыста дүпүйүшөт,
Бир аз жүрсөм жол түгөнөт,
Талаа бүтөт.
Ар түркүн көңүлүмдү санаа басып,
Уйгу-туйгу башыма ойлор түшөт.
Бир аз бассам —
Дарактарга жетип келем,
талаа бүтөт.
Жыты урат түркүн чөптүн тоо тараптан,
Арыктан суулар барат шашып аккан.





Булут жок бир кылайган,
Көгүш жибек өңдөнүп ачык асман.
Өтүп кетип баратам
Дүпүйгөн бир кара бактан.
Жыты урат түркүн чөптүн тоо тараптан.
Шиберлер аймалады балтырымды,
Аралап кетип барам, —
Кээ бири жапырылды,
кээси сынды.
Селкилдеп кээси ийилип кайра турду.
Түркүн чөп аймалады балтырымды.
Бийиктеп чыгып барам улам өргө,
Кумарым артып барат бардык жерге...
Чөптөрдүн түрлөрүнө
Куштардын кужулдашкан үндөрүнө...
Жетсем деп тиги белге —
Кумарым артып барат бардык жерге.
Көрүнөт тоодон баары —
Алаканга салгандай жердин шары.
Жапжашыл чабындылар,
Саргарып эгин бышкан талаалары.
Адамдар анда иштешкен
Алыскы адырлардын кумдуу жары.
Көрүнөт тоодон баары —
Алаканга салгандай жердин шары.
Тоолордун чокусуна чыккан адам —
Өлөйүн, биздин жердин космонавы!

*21-июнь, 1984-ж.*

## Аалам

Бүгүнкү биздин күндө
Ар кимден тапса болот акыл-эсти.
Билинбей илим өсүп чекке жетти!
Адамдын ойлоосунан жаралышкан
Кемелер туңгуюкка кирип кетти.

Эми алар алыстыкка барып алып,
Дүйнөнүн төрт танабын жүрөт чалып.
Дүрбүсүн колуна алып,
Жарык жетпес алыстыкка байкоо салып.
Ааламды аңтара карап,
Нурлар менен жарышып
нурду жагып!

Кийгендери скафандр
Айланасы салмаксыздык чөйрөсү.
Деги кандай жаралгансың? —
Жок бул жерде ылдыйы, же өйдөсү.
Мелмилдеген чексиздиктер
Бул не деген дүйнө өзү?!

Тээ алыстан шоокум салат
Муздак, сырдуу жылдыздар...
Ал тарапта нелер жашайт,
Ал тарапта эмнелер бар? —
Бул суроонун жообу түк жок
Өчкөн дүйнө өңдөнүп...
Учкуң келет дагы терең
Бүт ааламды тең бөлүп.
Кайтпайт энсөө көкүрөктө
Алоолонуп от сымак,
Канча дүйнө туңгуюкта
Түк сыр бербей олтурат.
А биз болсо ал тарапка
Жатабызбы камданып,
А жылдыздар бизди күтүп
Турушабы жарданып.

Аалам деген зор түшүнүк
Чыгып ал өз чегинен,
Планеталар арасына
Жылдыз болуп төгүлөм.

Жакынкы эле келечекте
Куруп биз да салтанат,
Бир аймактан бир аймакка
Кораблдер алпарат.
Жерден учкан ракеталар —
Ааламдагы чапкан ат!!!

*26-июнь, 1984-ж.*

## Толуу өлкөм

О менин толуу өлкөм!
Чокуларын
Нур чалып,
жылдыз жыттап,
бороон өпкөн!





Сенин боз турпагыңа киндик каным
Тамган да...
аралашып сиңип кеткен.

Биз сенсиз не болмокпуз,
айтчы мага?
Сенсиз не күтөт элек бу тагдырдан?!
Биз нени beralбадык бүгүн сага
Убада берип нени айттык жалган?!

А балким, сөзүбүзгө туралбастан
Качтыкпы артыбызга кетенчиктеп?
Биз кандай кыйындыкты кечсек баштан
Сен үчүн — жумша бизди милдет жүктөп!

Жөнөткүн эң алыскы чектериңе,
Бергиниң аянбастан буйругуңду.
Тынч күндү учур байлап кептериңе
Билбесин сан кылымдап журтуң муңду.

Үйрөткүн уулдарыңды болгун деп бек,
Чыналтсын денедеги аккан каның.
Сен бизди үшүп, ооруп калат го деп
Боор ооруп такыр бизди аябагын.

Бой уруп кыйындыкка башты сайып,
Жалындап аяздарда чыйралалы!
Илдеттер сага келген кетсин кайып
Болбосун таба жериң кыйраганы.

Үйрөткүн бүгүн биздей уулдарыңды,
Мекенди сүйө билүү өнөрүнө.
Тилегин эл-журтуңдун уга алдыңбы,
Жарайлы биз балдарың керегиңе!
О менин толуу өлкөм, эми мына,
Кайралы сен эмнени берсең бизге.
Биз сенин жетеличи кадырыңа
Ардактап көтөрөлү төбөбүзгө!

*19-июль, 1984-ж.*

## Ташка өскөн гүл

***(Толкун Имамходжоевден)***

Көзүм түштү таштын үстүндө
Өсүп турган укмуш бир гүлгө.
Олдо мынча бул гүл ажайып,
Көркөмдүгү сиңди көңүлгө.

Ташты жарып чыккан ушул гүл
Күн тийсе да турат соолубай.
Көз уялткан анын өң-түсү
Бир өмүргө азык болгудай.

Тоо шамалы жүзүн аймалап,
Селкилдетип ыргайт акырын.
Үзөмүн дейм, колум түк барбайт
Эмненидир ойлойт акылым.

Кызык... мындай назик бу гүлдүн
Таш үстүнө өсүп калганы.
Сулуулугу, жытын жыттасаң,
Көкүрөктүн калбас арманы.

Мына ушундай жашоо закону,
Назик бир гүл өскөн таш жарып...
Күчүн көрчү жерде жашоонун
Өмүр деген күчтүү канчалык.
Назик бир гүл ташты тамырлап
Жумшак бир гүл өскөн таш жарып!

*9-сентябрь, 1984-ж.*

## Көл менен көңүл

***(Кадыр Мырзалиевден)***

Көлөкөсүз болгон чыным:
Көңүл менен көл эгиз.
Конок болуп Балыкчыга
Көлдө сүзүп келебиз.

Көктөм күнү жаадырат нур,
Кулун жүрөк оттой жанып.





Күлкү жели качат го бир
Көңүлдөгү ойлорду алып.
Курбу-курдаш өз коногун
Сөзгө тартат ыр калап.
Шайтан кыздар шок болобу
Сөз маанисин бурмалап...

Чоң толкундар алдыдагы
Жал сыяктуу түрүлөт.
Анан бизден өтөт дагын
Жээкти көздөй жүгүрөт.

Жалган көздөр чарасында
Бүткүл Зайсан жатат чалкып.
Эки толкун арасында
Биз барабыз көктү чарпып.

Азоо толкун улам каптап,
Алып учуп бизди сындаар,
Далай ырдын башын баштап
Бүтпөй калды далай ырлар.

Өлөң айттык анда жалаң,
Айыптабас бизди эл сөгүп.
Конок үйгө кайттык анан
Кайык сымал биз теңселип!..

*Сентябрь, 1984-ж.*

## Ак-куулар

***(Сакы Жиенбаевден)***

Кез болчу
Күн энкейип бара жаткан,
Жел жүрүп желип-жортуп саба жактан,
Эми-эми боз дөбөнүн бою узарып
Эми-эми...
Кутулгандай саал азаптан...

Азыраак аптап муздап быяктагы,
Шуудурап кырдын камыш, кыяктары,
Чубуруп кайтып жаткан өрүшүнөн
Шыртылдайт уйлардын бүт туяктары.

Күн кактап
Кумдун аптап абасында,
Алар да түшкөн абдан кара суугa.
Караймын өз көзүмө түк ишенбей
Аккуулар келе жатат арасында...

Мал багып, өмүр бою
Эгин эгип,
Далайды келатабыз биз да көрүп...
Ким көрүп, ким ойлоптур куш сулуусу
Келээрлигин уйлардын артында өрүп...

Тан калып турдум мына жүрүшүнө,
Кууп келди кандай тагдыр кум ичине?!
Асмандан көралбайсын жерден түгүл
Аккуунун — аруу куштун мунусу не?

Оолактоо, эч болбосо талаа да эмес,
Айбыгып канаттарын кагаар эмес.
Топ уйдун буркураган чаңын жутуп
Өкчөлөп издеринен калаар эмес.

Бир себеп болду го деп учпасына,
Жакындап келдим мен да туш жагына.
Тап бердим бирөөсүнө
Кызык көрүп,
Бир кызык пенделигим кыстады да...

Күн көзү бара жатты калкып батып,
Аккууну турдум кармап жаркыратып.
Дирилдеп
Калтыраган денеси анын
Баратты бүт денемди калтыратып.

Дарман жок кайкып учаар сезим бербей,
Колумдан атып чыкчу такыр көнбөй.
Карадым туш-тарабын не болгон деп
Калыптыр ак чел басып көзү көрбөй.

Бүтпөс-ов, пенде чиркин, жаңылыгын,
Чынында шорлоп калган баары мунун...
Кор кылып жүрбөсүн деп бала-чака
Кармадым дагы бирин...
Дагы бирин...

Карек жок баарынын көз жанарында.
Кыйналып кеттим мен да карадым да,





Келген го куу жан үчүн сүдүрөлүп
Баары бир айбанын да,
Адамың да!

Бирээр күн муну эч кимге билдирбейин,
Эч кимдин суук көзүнө илдирбейин, —
Дедим да короо жайга койдум камап,
Болгон иштин бардыгын билдим кийин.

Кез барбы бул адамдан адис өткөн,
Чыкты го дүнүйөнүн баары чектен.
Зыянкеч жандууларды жок кылуу үчүн
Асмандан айдоолорго дары сепкен.

Кичине көл бар болчу шол маңдайда.
Опокшош топтоголок окшош Айга.
Өзүнчө жаткан тыптынч жылдар бою
Эч адам кордобой да,
Коргобой да!

Айдоолор мүлдө бүтүн сыртта калып,
Опкок жел уу-дарыны учкан алып!
Айдында калкып жүргөн ошол кезде,
Көздөрү аккуулардын түшкөн агып.

Кара түн аккууларга келе берген,
Не пайда эми көлдөн,
теребелден?
Эш тутуп бышылдаган бул уйларды
Илээшип
Арт жагынан келе берген.

Калбаган байкуштардын башка амалы.
Көзү жок,
Кимден коркот, жазганабы?!
Көздөрү көрбөсө да,
Көөдөнүндө
Жаркырап турду бекен Асман али?!

Качантан касиеттүү элдүү Мекен, —
Бир себеп табылаар деп ишенди бекен?
Адамдан болгондугун билбей шорлоп
Адамдан көмөк издеп келди бекен?!

*18-июнь, 1987-ж.*

## Сен Көлүм чалкып жатасың

Сен Көлүм чалкып жатасың,
Жалтырап Күнгө нур чалып.
Алгансып Жердин батасын,
Тоолорду жалаң курчанып.

Кумунда жаттык өзүң көр,
Ийинге ийин тийишип.
Ак чатыр аппак мөңгүлөр,
Эмчегин турат ийишип.

Эшилтип кызыл кумдарды
Жээгиңе шилей бересиң.
Канча да күн, ай жылдарды
Сиңирип жутуп келесиң.

Жээгиңе басып кеч келсем,
Сергитип жыргал сунасың.
Билбеген сымак эч нерсе
Мелтиреп үнсүз турасың.

Бир кезде сени коргогон
Уулдарың неге көрүнбөйт?
Өзүңдү келип кордогон
Келгиндер сени Көлүм дейт.

Жигиттер менен бир баскан
Кыздарың такыр билинбейт,
Мүрзөсүн жалаң чым баскан
Баатырлар эми тирилбейт.

Бир нерсе менен иши жок,
Пивосун жутат чалдарың.
Жүгөрү сатып олтурат
Жүзүмдөй майда балдарың.

Үндөшкөн куштай жарышкан,
Чакырып улам алыстан,
Жээгиңден бир жер бош калбай
Келгиндер ээлеп алышкан.

Алоолоп тийип Күн жылат,
Ишенип оттуу күчүнө.
А Көлүм жатат тунжурап
Арманын катып ичине.





А бизчи? Кумда жатабыз
Нуруна күндүн мактанып.
Толкунга улам качабыз
Жыргалга батып шаттанып.
Келгенге Көлгө мактанып!

*21-сентябрь, 1990-ж.*

## Кызгандым көлдөн өзүңдү

Көл мына. Анан сен мына.
Жээгинде турсуң арбалып...
Чакырып Көлүм келди да,
Тиктөөдө сени арбалып.

Көл сезип дилгир дилинди,
Толкунун жээкке жылдырат.
Тиктешип бири-бириңди
Турдуңар үнсүз тунжурап.

Анан сен келип жай басып,
Суналдың ысык кумуна.
Суктанып көздү жайнатып
Дармансыз жаттым туруучу.

Көл мөнкүп ырдайт ырларын,
Кайталап: «Келчи?» — дегенди.
Күн нуру элеп нурларын
Бышырып жатты дененди.

Бир кезде туруп жанымдан,
Кумдарга изиң калтырып,
Шарп этип жээкке чабылган
Толкунга тийди балтырың.

Аз-аздап барып акырын,
Эки эмчек суугa малынды.
Дененди назик батырып
Ак толкун сага жабылды.

Көрүнөө Көлүм талашты,
Бооруна кысып балкытып.
Апкетип сени баратты
Алыстап менден калкытып.

Жайнатып эки көзүмдү,
Чарлатып ички сезимди.
Көрүнөө менден талашкан
Кызгандым Көлдөн өзүңдү?!

*21-сентябрь, 1990-ж.*

## Өттү жайдын жакшы маалы жайдары

Артта калды жайдын сансыз гүлдөрү,
Жаш балдардын жыланаяк жүргөнү.
Кайра бат-бат кар аралаш жамгыр жаап,
Октябрдын калды акыркы күндөрү.

Аңыз жумшак туяктарга оюла,
Кыроо туруп булактардын боюна,
Эч бир жандын алы келбейт, ыйлаган
Зым жыгачтын үнүн тыйып коюуга.

Тонолду бүт гүлдөгөн бак жайында,
Кыйын болду «ич кийимчен» кайынга.
Ызгаар, суугу аралашып аппак кар,
Тоо башынан түшүп келет айылга.

Дайралар жок жаздагыдай ташыган,
Азайды бүт айран, кымыз ачыган.
Карышкырдын үнү мундуу улуган
Угулууда кырандардын башынан.

Улакчылар атын таптап бактырды,
Үйлөр мешин эртели-кеч жактырды.
А малчылар жүктөн тонун алдырып,
Түйүндөрдөн тумактарын таптырды.

Өттү жайдын жакшы маалы жайдары.
Сыйрылды бүт күздүн майы, каймагы.
Тополондуу токсонунчу жылдын да,
Кетип барат эң акыркы айлары.

*31-октябрь, 1990-ж.*





## Сулайман тоонун түбүндө

*(Токтогул Аматовго)*

Ар убак чындыкты мен жакшы көрөм,
Эстесем күйүп-жанат оттой денем.
Акбуура сен аталып Буурасуу деп,
Сулайман тоо — Буура тоо эмес белең.

Канча доор, канча кылым кетти жылып,
Түбөлүк! — дегендерди ойрон кылып.
Өзгөртүп жатты суунун эски нугун,
Допудай жер аттары алмашылып.

Буура тоом! О бул жерде кармаш турган,
Калкыңды кирген душман канча кырган.
А кийин мусулман дини кирип келип,
Атыңды Сулайман тоого алмаштырган.

Коргойм деп көздөй сулуу Бууратоону,
Уулдарың сүргөн далай кирген жоону.
Сен үчүн көп эрлердин башы кетип
Бир сен деп күрөштөрдүн өткөн доору.

Мезгилге канча тарых калды кулап,
Белгиси ал күндөрдүн калган сымак —
Адигине баласы Баргы хандын
Күмбөзү тоо түбүндө дале турат.

Кагазда карт тарыхтын калды неси,
Ыпырап жоголду элдин акыл-эси.
Өткөн бир замандардан кабар берет,
Куураган карт чынардын алп денеси.

Не деген каргашалуу мезгил өткөн,
Мындайда чыкпасын деп такыр эстен —
Аталар окшоштуруп тоо, суу атын
Акбуура, Бууратоо деп коюп кеткен.

Ар качан муну эстесем дүргүйт каным,
Өмүрдү аралады күйүт — жалын!
Жаш улан! — өзүң үчүн күнөө болоор
Байыркы жер аттарын унутканың?!

*9 — 10-ноябрь, 1990-ж.*

## Деңиздей толкундай бер, Ысыккөлүм

*(Машраб Бабаевден)*

Ысыккөл толкундарың эч бут серппейт,
Бетме-бет турам,
койнуң мынча жылуу!
Жээгинден бир жээгине көзүм жетпейт
Чынында сенсиң улуу, сенсиң сулуу!

О сенин табиятың жумшак белем,
Толкунуң кулдук уруп кайра жанат.
Болгон соң кыргыз калкы сенин эген
Табиятың жумшак болбой кайда барат.

А кээде апаппак жал толкундарың
Тайлардай оюн куруп жарышышат.
Эң кыйын байкап калуу мунун баарын
Жалын жок жерде турмуш көздөн учат.

Сен улуу зор турмушсуң андап караса,
Жашай бер — чуурул сага миң жылдар келээр.
Кылымым сага жалаң бакыт каалаcа,
Кылымым сени жутуп койбосо эгер.

Бул сөзүм каяша айтуу эмес, акыры...
Мен дагы бул кылымдын уулумун дегем.
А бирок берип болбойт башкача бааны
Эч качан ойноп болбойт акыйкат менен!

Каякка качып кетти ойлорум менин,
Жээгинде турам мына абдан дал болуп.
Көрөм мен туптунук ойлордун кенин
Жарышат ак чардагың толкунга конуп.

Жүзүңө эмнеликтен чөктү муң-зар,
Чатырың эмнеликтен жакты кайгы?
Созулбай чексиздикке сан миң жылдар
Ээлединң тоолор торой калган жайды.

Тагдырың кызык чыны Ысыккөлүм,
Курчалган тегерегиң тоолор менен.
Көрк берип турса дагы өзгөртүп өңүн,
Жолуңду тоскон — Деңиз болом деген!

А балким, ошондонбу отуң жанган,
Өзүңө алат белен жолдорду ачып?





О сенин көөдөндөгү кайгылуу арман
Ушудур — мен бир Деңиз болсомчу деген.

Аяймын ойлуу гана сени тиктеп,
Толуктап коёр элем колдон келсе.
Эч качан аракетиң кетпестир тек
Жок болбой калбайт чыны эч бир нерсе.

Азайып баратасың жылдан жылга,
А бирок тынбайт такыр толкундарың.
Сен Деңиз болгуң келээр бир кылымга
Андыктан ойнотосуң буурул жалың.

Шарпылдап алоолонот сенин сүрүң,
Бул күчкө тең келалбайт ойлор майда.
Эч Деңиз тең келалбайт сага бүгүн
Суктанышаар өзүңө алар кайра.

Коштошуу турат алда, ийдим башты,
Өзүңө тартылууда менин көөнүм.
О сенин адамдарга ниетиң жакшы,
Деңиздей толкундай бер, Ысыккөлүм!

*19-май, 1982-ж.*

## «Хамса» булагы

*(Султан Акбаровдон)*

Жолдошум бурулуп кеп айтат,
Бул «Хамса» булагы деп айтат.

Ич акын, ыкылас кыл, каныр ич,
Навоинин рухунда жанып ич!

Канганча ичкин андан илхам менен,
Эл кубансын акындык иштериңден.

Не максат кылсаң сен жетээрсиң,
Жолдоруң кыйналбай өтөөрсүң.

Жүрөгүң жамандык көрбөсүн,
Акындын дарагы өлбөсүн.

Жейрендер жолдошуң болушсун,
Көңүлүңө кубаныч толушсун!

Ич курбум канганча булактан,
Жүрөктү шириндиги кубанткан.

Өзүңдү, көзүңдү жоктошот,
Низаминин сабына окшошот.

Жер экен — ышкынын жылдызы,
Ич келип кечинде, күндүзү!

Жолдошум бурулуп кеп айтат,
Бул «Хамса» булагы деп айтат!

*18-май, 1982-ж.*

## Карадеңиз — «Комета» аттуу кайыкта

Негедир ызаланам...
Себептерин билбедим такыр анын.
Дениз үстү тигилип караганым.
Салмактанат бүт денем
Басып көрсөм алоолоп чекем жалын.
Жол жүрүп чарчагандан болсо керек,
Негедир ызаланам жүрөк күйүп, —
Себептерин билбедим такыр анын.
Карадениз мейкини караганым?!

Убакыт өтүп барат мына үчкө!
Түштөнбөдүк...
Тамак өтпөйт, —
Көңүл чаппайт кефирге, же бир сүткө.
Ойлорго нелер келип, нелер кетпейт
Жаман нерсе киргенсип жалаң түшкө.
Деңиз жирең зымырап баратабыз
«Комета — 33тө»
Убакыт өтүп кетти эми үчкө.

Башыма ойлор келет арыбаган,
Алдымда деңиз жатат —
Түбөлүккө карыбаган.
Жанымда аяш кызым,
Жана да бир матрос Төлөйкөндүк
Адамдар андан бөлөк таанымбаган.
Башыма ойлор келет арыбаган.

Алакандай палубада туруп алып,
Жатамын Алатоому улам жоктоп,





Ажырап үйүрүнөн жалгыз калып,
Башка үйүргө кошулган кулунга окшоп,
Жатам мен Алатоому улам жоктоп!
Тең жарып мейкиндикти
«Комета» учуп барат күчүн топтоп.
Мелмилдеп,
сүрдүү жана оор тартып
Алдымда деңиз жатат
деңизге окшоп!
«Комета» учуп барат күчүн топтоп,
Мен келем Алатоому улам жоктоп.

Эң кыйын сүзгөнүң да
суучулдугуң, —
Бул деңиздин үстүндө жалгыз тыйын.
Бул денииздин үстүндө калып кетсен
Эч кимге жете койбойт сенин ыйын.
Суугa жетпейт сенин ыйын,
Жерге жетпейт,
Көккө жетпейт сенин ыйың?!
Деңизде жалгыз калуу тагдыры оор,
Денизде жалгыз калган абал кыйын.
Жакаңды кармап сыйын,
Кудайга да жете бербейт сенин ыйын.

Барабыз колдорубуз тутка тутуп,
Көкүрөк дениз жуткан аба жутуп,
«Комета» сызып барат суу үстүндө
Алам деп убакытты суудан утуп,
А деңиз билиндирбей алып жатты
Өмүрдүн күкүмдөрүн улам кыйып,
Барабаз колдорубуз тутка тутуп.

Мен улам мейкиндикти келем сүйүп,
Көөдөнгө, көкүрөккө ойлор түйүп.
Денизди сүйүү керек дениз сымак,
Денииздей терендикке башыңды ийип.
Алдымда Деңиз жатат оор, салмактуу
Өзүнүн өң-түсүндө кабак түйүп.
Өзүнүн бороону менен
жамгыры менен,
толкуну менен
Өзүнүн деңиз деген кейпин кийип!
Мен улам мейкиндикти келем сүйүп!

*5-август, 1982-ж.*

## Адам, аалам, табият

Бар тура мында да бир улуу себеп, —
Адамы аалам кезсе табийгатка,
Табийгат адамына эркелемек.
Шамалы колу-бетти үйлөп
Тоолордон удургуган булут келет.
Ал булут —
Нөшөр менен жамгырын төгүп берет.
Бар окшойт мында бир улуу себеп?!

Колу-бетти шамал үйлөп,
Карыгып эки көзүң мейкиндикке,
Жыңайлак буттарыңды шибер жалап,
Жаңырып конур үнүң аба бийлеп
Нурларды дене жутуп туруу керек.
Бар окшойт мында да бир улуу себеп —
Адамы табийгатка,
Табийгат адамына эркелемек!

Таманың чыйыр бассын,
Бетиңди жамгыр жуусун,
Чыгып көр жалтанбастан аскаларга
Көтөрүп желбиретип эрктин туусун!
Чаалыгып жүк көтөрүп белдер ашкын,
Жатып көр сыз өткөрүп жамбашыңа
аппак карга,
Адамсың көкүрөктүн чыгар буусун.
Туш келсең сен кай жерге
Татып көр ошол жердин тамчы суусун.
Таманың чыйыр бассын,
Бетиңди жамгыр жуусун!
Көр пенде көп өкүнөт,
Кетпесин өлүк бойдон бу көкүрөк.
Ааламды тегеретип турсун көрүп, —
Жээктеги аска ташты уюп жаткан,
Толкундун жууп турганын улам келип.
Калкылдап бараткаиын мис табактай
Күн деңизге улам чөгүп...

Булутту удургуган,
Торгойду уя салып
Жалгыз шыбак түбүнө —
тукум тууган.

Чындыкты караңгыдан





Көздөрүң турсун көрүп, —
Болбосун бу көкүрөк дайым өлүк?!

Чындыгы бу дүйнөнү кезүү керек,
Бир топко көкүрөктү эзүү керек!
Бар тура буга дагы улуу себеп!
Адамы табийгатка,
Табийгат адамына эркелемек!
Гүл жытын,
чөптүн жытын,
деңиз жытын,
дарак жытын
сезүү керек!
Чалкыган мейкиндикте сүзүү керек!

Чаалыгып алыстыкка басуу керек,
Ааламдын сен билбеген маанилерин
Түбөлүк сен өзүңө ачуун керек.
Ыпыр-сыпыр дүйнөнү артка таштап
Ар адам максатына шашуу керек.
Нан даамын,
суунун даамын,
жемиш даамын татуу керек.
Тирүүлүк ошончолук таттуу демек!
Жашагың келет,
жашагың келет!
Өлбөй тирүү —
Жашагың келет!

*6-август, 1982-ж.*

## Жер боорунда

Жер боорунда баарысы бар:
Өмүрдүн түгөнбөгөн жарышы бар,
Кайгы менен кубаныч кошо жүрөт,
Максаттын жакыны бар, алысы бар.
Кут болсун Адам уулу
Бүгүнкү жарышыңар!

Кайырлуу болсун арты түбөлүккө,
Кош айтат адам деген өмүр бүтсө.
Достукта зор улуулук,
Акыры эрегишүү жетет түпкө.

Кут болсун Адам уулу жарышыңар
Кайырлуу болсун арты түбөлүккө!

Күн көрөт жер боорунда айбанаттар,
Пилден тартып чычканга чейин
Канаттуудан уялчаак жарганат бар.
Эптеп жанын багууда мээнет менен
Жан тынымын билбеген кумурскалар.
Ойлосоң Жер боорунда баарысы бар.

Жылдызы бар төбөңдө жанып турган,
Токою бар, тоосу бар көк тиреген.
Шамалы бар Жер бетин чалып турган.
Күнү бар, Асманы бар бүт Ааламды
Тегеренип нур чачып жарык кылган!

Денизи бар жээгине толкун чачкан,
Аңгели бар коо болуп аңырайган,
Өндүрү бар кылактап түлкү качкан,
Талаасы бар табият сулуулаган.
Ичинде камышынын жатат арстан,
Менин да Жер боорунда Мекеним бар!

Ичинде Мекенимдин көп калаалар,
Үйүм бар ал калаада менин курган.
Ал үйдө экөөбүз жашап турган,
Экөөбүздөн тараган балдарыбыз —
Тилегибиз бар алдыга колду сунган!

*7-август, 1982-ж.*

## Кыргыздын көзү менен караганда

Аралап Крым жерин көрүп чыктым,
Кыдырдым Судак, Ялта, Симеизди.
Көкөлөп жатат тоосу Ай-Петри
Түбүндө дениз жатат болуп күзгү!

Анан да келген жерим Симферополь,
Аралап көрүп келдим Керчке чейин.
Ою бар, дөңсөөсү бар жерлер экен
Дениздин толкуну окшоп калган бейм.

Кара-Даг тоосуна мен чыгып туруп,
Бир мындай, кыргызмын да, ойго келдим:





Үй тигип, саба байлап, кымыз чайкап
Желесин тартып салса сан миң бээнин.

Кайырып жылкыларды жылгасына,
Таптаса желдей учкан күлүктөрдү.
Зымырап чыгып барып кыр башына
Карасаң жашыл өзөн ушул жерди.

Жылкы айдап нөщөрүнө дала тосуп,
Ойгонуп калкып чыккан күнү менен,
Үйүргө азынатып айгыр кошуп
Жарышсаң кулундардын үнү менен.

Дары деп келгендерге кымыз берип,
Ден соолук тартууласаң күндөн, нурдан.
Дениздин жээгине келип алып
Жер тура кымыз чайкап иче турган.

Заматта ыргып минип тобурчакка,
Жарышсаң дениз бойлоп жели менен.
Алатоом сен турасың кайсы жакта? —
Ак карлуу саратанда эрибеген.

Бир азга көздөрүмдү тумандатып,
Кеттиң бейм сагындырып эске түшүп.
Турам мен Кара-Дагда ойго батып
Крымда кыялымда кымыз ичип!

Туш болуп тез күндөргө шамалдан да
Негедир кайра, кайра ойго кетем:
Кыргыздын көзү менен караганда
Жылкыга жайыт болчу жерлер экен!

*8-август, 1982-ж.*

## Ата Журт ыры

Аттанып мен өзүңдөн кеткениме
Мынаке, Ата Журтум он күн өттү.
Сагыныч уялады жүрөгүмдү
Кайрадан тоолоруңан көзүм өттү.
Зоолоруң көк тиреген эске түшүп
Кайра эле карай берем улам көктү.
Өзүңсүз жашай албайт экемин мен
Санааркап кетет окшойм көргүчөктү!

Бул жердин күнү анчалык ысык эмес,
Салкындык келип турат деңиз жактан.
Негедир жамгыры көп,
Негедир тез-тез «ыйлап» турат Асман!
Негедир эч окшобойт
аптабыңа,
От сымал алоолонуп күйүп жаткан,
Кызарып кеч киргенде
Алтын табак өңдөнүп тоого баткан.
Кечирсин мени кудай,
Кечирсин бийик Асман!
Жашай албайт окшоймун мен —
Шар аккан сууларыңсыз төмөн аккан.
Секирип таштан ташка чуу чыгарып
Куланып токсон тогуз төмөн шашкан.
Жашай албайт окшоймун мен чынында
Шамалыңсыз кырлардан жорткон, желген,
Мага жеңил турбайбы тоого чыгып
Ашып өтүү —
Ээрдей кайкы белдеринен
Жашай албайт окшоймун түздөрүңсүз
Эзилип алма бышкан, анжир бышкан,
Кыздарыңсыз талаада жүзүм үзгөн.
Куштарыңсыз көкөлөп бийик учкан,
Балдарыңсыз божурап ыр тыңшаган
Сенин толгон Айыңсыз тоодон чыккан.

Алыста мен өзүңдөн жүргөн менен
Турасың бир уулуңдун санаасында!
Кыдырып жүрөм мына Түштүгүңдү —
Куршабың, Өзгөнүңдө...
Таласыңда!
Баратам эми минтип Нарын бойлоп,
Көлүңдүн кылаасында жүрөм ойноп.
Мен балким, балыгыңмын көлдө сүзгөн
Жем издеп толкунуңду жүрөм жойлоп!
Көөдөңдү тосом келип көздү жума,
Кум-таштуу Балыкчынын шамалына.
Кубалап кетип барам,
Чачтарын жел агызган,
Бир секелек кызыңдын
Азгырылып ай түспөл жамалына!

Үнүмдөн тааныдыңбы, жерим мени?
Өзүңсүз ойлодум көп алда-нени.





Бир кызык, кечээ түнү түштөр көрүп,
Издеп жатам Ата Журтум, анда сени!
Биринчи зоодон көрүп кийигиңди
Жаш алдым көздөрүмө...
Сүйүндүмбү?!
Олтурат карыялар калпак кийип,
Ийирип байбичелер ийигиңди.
Ойгонсом түшүм экен,
чочуп кетип
Сыртка чыктым кийинип кийимимди!

О менин касиеттүү Ата Журтум!
Мен сенин аккан сууңдан,
Абаңдан,
шамалыңдан,
турпагыңдан
жаралгамын!
Андыктан, сени таштап,
сенден узап,
Алыс жакка баралбадым!

О менин касиеттүү Ата Журтум!
Эстеп мен олтурамын ар мүнөттө
Өткөргөн, сенде баскан кадамымды...
Мынаке, бошоттум мен —
Алдымда толо турган кадагымды!
Анткени сагыныпмын:
Одоно,
ачык,
шайыр,
жоомарт,
адил,
Кымыз ичкен,
күндөн бүткөн,
тиши түшкөн,
Эмгекчил карапайым адамыңды!
Мынаке, бошоттум мен кадагымды.
Сага арнайм Ата Журтум,
Өзүмдүн өргө баскан кадамымды.
Кош болгун көргүчөктү —
Түгөттүм толо турган кадагымды!!!

*Крым, «Көктебель»,*
*13-август, 1982-ж.*

## Мекеним сенсиң менин

*(Өмүрлүк жарым Гүлүмканга)*

Мен сенин кадырыңды асыл жарым,
Өзүңдөн алыс жерде жүрүп билдим.
Кайсы жерге барбайын жер кыдырып
Санаама кирип алып бирге жүрдүң.
Бассам — бастың,
күлсөм — күлдүң,
Уктасам түшүмө сен кайра кирдиң.
Мен сенин кадырыңды жалгыз, жеке
Өзүңдөн алыс жерде жүрүп билдим.

Сен мага керек болдуң ар мүнөттө,
Кеңешиң, күлгөн күлкүң,
сөзүң менен.
Төгүлүп турган чачың,
колу-бутуң,
Жоодурап карап турган көзүң менен.
Кыялың күндө мага кейий берген,
Мүнөзүң — мен кичине кечигип калсам,
Кайгырып ойго чөгүп кайгы жеген.

Мен үчүн бакыт тура сенин барың,
Ар убак бул ааламда көктөп турат,
Кичине сенин короон,
сенин багың!
Өзүңсүз толук адам болбой калдым
Көңүлсүз саякатым сүйгөн жарым.
Кобурап ар нерсени сүйлөп берип
Ар кечте сен жанымда олтурганың —
Мен үчүн бакыт экен сүйгөн жарым!

Мен сенсиз алыс жерге келип алып,
Балдар менен кантти? — деп ойго баттым.
Мен сени ар мүнөттө, ар саат сайын
Ичкен суум,
жеген наным
жуткан абам сыяктуу
Жан-жагыман издеп жаттым.
Өкүндүм мен өзүңсүз келгениме
Бир аз күнгө болсо да эч бир пенде
Билбеген сагынуунун даамын таттым.
Мен сенин кадырыңды жалгыз жүрүп
Өзүңдөн алыс жерде билип жаттым!





Кут кылсын ар бир жанга ар убакта
Өзүңүн өмүрүңдө сүйгөн теңиң.
Ар бир элге буйрук кылсын
Өз турпагын,
өз дайрасын,
өз мекенин!
Мага түк жетпей жатты бул жерде да
— Өз маалында тамак ичпей
Сен жүрө бересиң, — деп кейигениң.

Алыста жүрүп билдим асыл жарым,
Күнү бар,
асманы бар,
тоолору бар,
Суусу бар,
шамалы бар,
өзөнү кар
Чалкыган кең Мекеним сенсиң менин!
Андыктан мен тартылып жатам сага,
Чаңкадым берчи сууңду толо куюп,
Ысыкта салкын аба
болчу мага!
Туманы болсон мейли туулган жердин,
Оронуп жүгүрөйүн караанына.
Чалкыган кең Мекеним сенсиң менин
Тынымсыз мен тартылып жатам сага!

*14-август, 1982-ж.*

## Деңиз жээги

Таң атып, күн чыккандан эми сени
Эч илип токтото албайт нокто тээги:
Желеден агытылган кулун сымак
Келген жериң деңиз куму,
деңиз жээги.
Таң аткандан колтуңа буюм камтып,
Кыз-келиндер эмчегине,
абийирине
Эки элиден плавка тартып,
Келет элдер суудай болуп
Келет элдер улам самсып.
Аларга бош орундар болсо болду —

Таш үстүнө,
кум үстүнө,
Узунунан,
чалкасынан,
капталынан
жатат сулап.
Кыз-жигиттер айкалышат жанаша
Саны жоон ургаачылар суугa түшөт,
суудан чыгат,
Көкүрөгү саландап,
көкүрөктөн нур чачырап!
Деңиз жээги бүт адам катар-катар
Деңиз жээги бүт адам туташ жердей,
Ар түрдүү фондо жатат аял-эркек
Ар түрдүү жерге олтурган орун бербей.
Деңизден чыгып келген
Деңиздин жээгиндеги тюлендердей!
Кыймылсыз,
кеп-сөзү жок,
окуйт китеп,
Кээ бири тоң алманы кемиришет.
Кээ бири пиво жутса бөтөлкөдөн,
Кээ бири бөтөлкөдөн кефир ичет.
Кээ бири сүзүп келип суудан чыкса,
Кээ бири чуркап барып суугa түшөт.
Калкылдайт деңиз ичи,
Калкылдайт деңиз жээги!
Сүрөтчү боёгондой боёк менен.
Деңиздин жээгиндеги жаткандарды
Мен дагы көзүм менен боёп келем —
Агын ак,
сарыларын сары түстө...
Айтылбас мүдөө катып сактап ичке.
Эл менен келип мында,
Эл менен эс алууга кетип түштө.
Жууратгай келиндер бар болук дене,
Кыздар бар чайкагандай аппак сүткө.
Мышыктын көздөрүндөй чычкан көргөн
Уурдана карай бергин жакын жерден:
Көздөрү асмандай көк,
деңиздей көк,
Билекти арта ташта эмчегинен!
Сатып мен алаар элем алтын берип
Алмадай кош эмчектин берсе бирөөн?!
Көйкөлүп күн нуруна курган ээрди,





Шарпылдап толкун жайпап улам жерди,
Утуру бултулдатып Карадениз
Кысууда кучагына денелерди.
Сүзүүдө майда балдар балык сымак,
Толкунга чуркап барып боюн урат.
Терметип өөдө-төмөн
Денеңди билиндирбей экчеп турат.
Утуру ысыганда жон кашылап
Денелер толкундарга турат кулап!

Сунулуп жалаң буттар,
кучак жайган,
Адамдар билбейсиң эч келген кайдан?
Күн тийсе — Карадениз күнүгө той,
Күн тийсе — Деңиз жээги күндө майрам!

*Крым, «Коктебель» чыгармачылык үйү,*
*15-август, 1982-ж.*

## Адам жана аалам

Чексиз бир зор түшүнүк Аалам деген,
Анын бүт айдыңына жетпейт ченем.
Мен анын бир кичине булуңунда
Өзүмдүн ой-тилегим,
өз түйшүгүм,
өз кубанчым,
өз арманым менен бирге
Жол тартып жүрүп келем,
жүрүп келем!

Ойлосоң оюң жетпейт тереңине,
Тыңшасаң — күүсү чыгат түшүнүксүз,
байкасаң — тирилиги башаламан
өөдө-ылдый сапар тартат чалды-куйду.
Зуу коёт,
зымырылат,
өтөт туптүз.
Кыбырайт ооруу жандай бир араң жан,
Озондоп ыйлайт кээде ички туйгу!
Көкөлөйт анан кайра эргүү болуп,
Жер боорун бир заматта тополондойт,
Айлантып куюн сымак чимирилет.
Аскадан бороон болуп ышкырат да

Бүркүттөй көктө айланып учуп жүрөт.
А кээде ийининен турпак сүргөн
Көрчычкан кейпи менен күнүн көрөт.
Ал бирде селдей оргуп шарактаса
Байлабас кунан болуп алоолонот.
Шаңшыса бүркүт болуп аска-зоодо
Чыйп-чыйп деп чымчык болуп талга конот.
Шубулдап,
жер дүңгүрөп,
карс-курс этип
Качырап дарагы онтоп,
жанып-өчүп,
Болмуштун чатагына башын ийбей
Аюудай томурандап басып кетип,
Ач калган чөлдө чөөдөй көзү жайнап,
Арашан булак болуп оргуп кайнап,
Кыйкырып таң азандан короз сымак
Кубултуп булбул болуп бакта сайрап.
Ийилип жаш көчөттөй,
талдай көктөп,
Сел болуп таш агызып жерди кептеп...
Чычкандай чуркап чыгып ийининен —
Күн көрөт,
суусун ичет,
жашайт эптеп...
Шарпылдайт деңиз болуп толкун бийлеп,
Ышкырат шамал болуп тешикти үйлөп.
Тоо болуп көктү челип зымыраса
Аскасы жаңырыктап турат сүйлөп.
Тизилип шуру болуп бир тал жипке,
Жыйылып төшөк болуп жалаң жүккө,
Булуту,
жылдыз,
асман,
айы,
күнү,
Дайрасы,
чөлү,
куму,
талаа,
түзү —
Баарысы багынычтуу түбөлүккө,
Чексиз бул Аалам деген түшүнүккө!
Адаммын! — мен да анын ичиндемин,





Күн!
Жер!
Нан!
Аба!
Турпак! — түшүнгөнүм.
Бактылуу жашасам дейм бул ааламда!
Болсо дейм — балдарым менин,
досторум менин!
Сагынсам дейм,
Сүйүнсөм дейм,
Кубансам дейм! —
Дал ушундай Менин жөнүм!

*10-ноябрь, 1982-ж.*

## Булут чүмкөп тоонун чокусун

Булут чүмкөп тоонун чокусун,
Карарыңкы тартты айлана,
Тоонун бүтүп жалгыз окуусун
Күңгүрөнөт өзөн, сай гана.

Куюн таппай жерди уруntaар
Шамал жүрдү анан күчү ашып,
Ар кай жерде турган булуттар
Биригишип калды туташып.

Күндүн көзү бир аз кылайып
Булуттарга кайра жабылды.
Ак булуттар турган булайып
Тарс! — дей түштү. Асман жаңырды.

Шарак-шурак! Үстүң күлдүрттөп,
Жарк! — деп өчтү кайра чагылган.
Тамчыларга жуулуп бүлдүркөн
Шамал ыйлайт чөпкө чалынган.

Аздан-аздан жамгыр дыбырап
Анан барып төктү челектеп.
Шубулдаган добуш угулат
«Тоолордон сел эми келет» деп.

Суу жөнөтүп төмөн оюма,
Күкүктөнүп өзөн жаңырды.

Жалбырактар жолдун боюнда
Чөмүлүшүп чандан арылды.

Корголотуп канча жанды алар
Ысыктыктын мизин кайтарды.
Шак-шагында бышкан алмалар
Жамгыр менен өзүн чайканды.

Шуудуратып жалбырактарын
Терек мырза турат бой салып.
Адыр тосуп эки капталын
Жашарам деп жатты суйсалып.

Үзүлүшүп тамчы баштары
Шиберлерге суулар бүркүлүп,
Жаркырашып сайдын таштары
Алышты бейм бетин сүртүнүп.

Мунун баарын байкап барамын
Бой керишип чөптөр узарып.
Сергий түшүп бардык тарабың
Чиелериң калды кызарып.

Аздан-аздан булут арылып.
Жамгырлардын токтоп ыргагы,
Анан аздап асман жарылып
Тийди жерге Күндүн нурлары!

*9-август, 1983-ж.*

## Мургаб дайра

Памирдин жыпжылаңач тоолорунан
Башталып
түпкүч сымак имерилип,
Мелмилдеп толукталып улам, улам
Келесиң Мадиянга дароо кирип.

Мен сенин жумшак, сылык мүнөзүңдү
Баятан олтурамын байкап бүтүн.
Башталган бийиктиктен бир өзүңбү
Памирдин тартып алып бардык күчүн.

Жээгиңде топ-топ болуп чалгычылар
Жүрүшөт кыра чаап бетегени.





Бул элге канча нерсе жетпей турар,
Көп чыгаар толук элдин эңсегени.

Урунуп бирде тоого, бирде жарга,
Негедир Мургаб дайра сырын катат.
Өмүрү мен көрө элек тараптарга
Шашылып агып кетип бара жатат.

*2-август, 1988-ж.*

## Шаардагы жазгы кеч

Жылуулугун калтырды да
Кетти күндүн аптабы.
Шаардын ичин негедир бир
Тынчсыз кечтер каптады.

Дарактарды шыбыратып
Келди жумшак жел өзү.
Жарганаттар канат какты
Тамды айланып элеси.

Анан барып шамал жүрдү
Дубалдарга урунуп.
Боз чаң каптап шаардын ичи
Жаткансыды кубулуп.

Зымдар тийип бир бирине
Оттор жанды чагылып.
Бак-дарактар үркүп жатты
Башы жерге чабылып.

Терезелер жумду көзүн,
Айнек сынып шарактап.
Антенналар жапан күчтөн
Кулап түштү тарактап.

Жамгыр келди алгач шашып,
Шамал күчөп ыркырап.
Тунук, таза тамчылары
Жатты асфальтка быркырап.

Балдар-кыздар ойноп жүргөн
Качты үйлөргө корголоп.
Дабыраган шиферлерден
Суулар акты шорголоп.

Кайра баштан терезеден
Кайкып учат жарганат.
Милиционердин ышкырыгы
Жатты кечти пармалап.

## Өскөн жер

«Эртең мен тоого аттанам,
Жаштыгым өткөн жерге.
Көөдөнгө сагыныч толду:
— Салам! — деп кирип барам
Сагынткан тууган элге!
Бир кезде окуймун деп
Калаада туруп калгам.
Так сүйлөп тартынбаган
Аксынын кызын алгам.
Кабардар болсун журтум
Катташпас бир уулунан...
Бир кезде окуйбуз, — деп
Чыдабай кетип калган, —
Же шофёр, чабан болгон
Досторго учурашам.

Алардын баары жакшы,
Көрбөсөң сагынарга!
Жолугам салам айтып
Ак сакал карыларга.
Жайлоого чыгам бир күн
Минип мен кашан атка.
Эс алам кымыз ичип
Өзүбүз тиккен бакта.
Салкындап сууга түшүп
Басарбыз балык уулап,
Кыдырып малчыларды
Ичээрбиз каймак, жуурат.
Кызыгып ар кыл кепке
Чыгаарбыз жонго, бетке.
Олтуруп анда көпкө
Оонарбыз жашыл чөпкө»...

Ушинтип кыял айдап,
Оюмду кыял бийлейт.
Кыялды аткарууга
Таптакыр колум тийбейт.
Ушинтип кыял бийлейт.





## Жаз алды

Март келгенден бери карай
Бул табият тынымы жок иштеди.
Күн нуру болуп жегени,
Жамгыр болуп ичкени —
Бул табият тынымы жок иштеди.

Эн алгач кубалады аппак карды,
Барып анан
Бутактардын учтарынан бүчүр жарды.
Үч-төрт күндүн ичинде эле
Жашыл түскө боёп койду
Адырларды,
                    талаалардыı!
Жарылчуудай тойчу болду
Жандык малдын көккө карды.
Анан барып бүт дарактар
Кийинип жатып калды
Санак жеткис жалбыракты.
Өзөндөр күүгө кирип
Тынымсыз жылгалардан суулар акты.
Өрүк гүлүн жайнатып бажырайтып
Жакындап жылуу күндөр —
Келе жатты,
                    келе жатты!

*Апрель, 1978-ж.*

## Кичиказык жайлоосунда

***(Тагаларым Ыса менен Мусага)***

Бараттык минип атка — тоо тарапка,
Алдыбыз кирген дайра,
Үстүбүз ителгилер шаңшып учкан
Салаңдап кулачудай турат аска.
Аттардын туягынан учкун учат
Такасы жанып тийсе чакмак ташка.
Мындайда чымчык сымак
Алыстан чарчап арып,
Канаты катуу талып,
Кылт этип келе калат бир ой башка:
«Зоо урап кетпесе экен ушул чакта!?»
Биз атчан бара жаттык жайлоо жакка.

Эн алгач дайра кечтик катарлашып,
Шагылдуу жолдор басып,
Арытып белестерди
Аралап жылга-төрдү,
Кадимки төөнүн мойну сыяктанган
Ашуу аштык!
Ажайып бир бейишке бара жаттык!
Балалык ойношууда туландарда.
А кайда кеткен жаштык?
Биз атчан келе берип
Дүйнөнүн укмуштай кооз бурчу менен
Бетме-бет келе түшүп
Саламдаштык!

Аскалар дале шаңдуу!..
Төр жатат чалкайыңкы —
Суктантып ажарына чиркин жанды.
Кадуулап оттоп жүрөт сан жылкылар...
Күн кечтеп боз үйлөрдөн оттор жанды.
Эркөө — көөдөнүңдө толуп ташып,
Оргутуп жүрөк — бетке тебет канды.
Аскалар дале шаңдуу!
Биз улам баратабыз төрдү беттеп,
Баяраак бел ашканда —
Араң-араң көрүнгөн ак мөңгүлөр
жакын калды!..

Эч нерсе сезбейт такыр
Эки сан коргошундай уюп жаткан...
Кечки суук каптап келет
Денени чымыраткан.
Шуудурайт карагайлар
Таш кулайт аска жактан.
Жылдыздар бажырайып
Жапжакын калган Асман.
Тосулуп эки дөбөт
Боз үйгө жете келип
Эх! —чиркин түштүк аттан.
Бир карасам —
Жылдыздар бажырайып
Жапжакын калган экен
Бийик Асман!

*7-июль, 1978-ж.*





## Келген күн

Кайрадан тереземе
Агарып жарык кирди.
Кайрадан баштады күн
Түйшүгүн ал өзүнүн...
Баламды бакчага алып
Шашылыш жөнөп жатам
Кийинип кайра бүгүн.
Кайрадан кечтер кирет,
Кайрадан бүтөт бу күн —
Тамчы суу тып деп тамып
Кеткендей кумга сиңип,
Аткан ок келип тийип
Житкендей жерге кирип, —
Кайрадан күүгүм каптайт
Тунартып айлананы,
Көрүнөт Айдын көктөн
Жебесиз жаа сыяктуу
Акырын агарганы.
Сан жылдыз көктө жайнап
Таң атат кайра жаңы.
Түйшүгү кечээкиден
Бул күндүн башкачараак.
Жүгү бар мурункудан
Бир топко салмактуураак!
Кайрылбай учуп кеткен
Күмүш боо кушуң сымак,
Бул күн да канат күүлөп
Алыска сабаланат.
Кайрадан күндөр келет
Артынан айлар демеп,
Айларды алмаштырып
Аргымак жылдар желет.
Кайрылбас убакытка
Канча өмүр керектелет?!
Канча өмүр керектелет?!

Ушул күн жердин боорун
Канча ирет жарык кылган?
Төрөтүп канча жанды
Канчасын алып тынган?
Ушул күн баарын билет
Кайрадан жанып турган.

Кайрадан тереземе
Агарып жарык кирди.
Кайрадан баштады күн
Түйшүгүн ал өзүнүн.
Мектепке баламды алып
Шашылып жөнөп жатам —
Сентябрь келди бүгүн!

*30-август, 1978-ж.*

## Тоолор

Мынабу мунарыктап горизонтту
Түнөрүп булут ороп жаткан жакта
(Жол жүрсөң автобуста эки-үч саатча)
Көрсөтө турган жалаң —
дос, тууганга,
Көз кырын салууга да
Түк ыраа көрбөй турган
каска, жатка —
Тоолор бар,
жылдыз челип
көккө тийген,
Кири жок,
кыюусу бар —
калпак кийген,
Тоолор бар ушул жакта —
Чокусунан чолпон күйгөн.
Суулар бар тунук, таза —
Түздөргө ашыгышкан.
Анда бар ашуулары, —
эгер ашсаң
Төбөңө тийип асман,
Жылдыздар жакындашкан!
Алмаз миз аскасына
Күн нуру алгач тийип
Андан соң аппак нурун
Ааламга чачыраткан.
Тоолор бар ушул жакта
Таңды да кечиктирип
Таң нурун тосуп жаткан!

*7-сентябрь, 1978-ж.*





## Кең Ажике жайлоосу

Кең Ажике көркүңө мен тойбогом,
Бир бейишсиң кудай өзү колдогон
Жер боорунда сендей кооз жер барбы? — деп
Жан тынымын бербей дайым ойлоном.

Келген сайын кооздугуна арбалып,
Биринчи ирет көргөн сымак таң калып,
Ак кар баскан тоолоруна көз тигем
Асман тиреп турган мында жарданып.

Ойго салам балалык бир кезимди,
О ал күндөр бийлеп барат сезимди.
Мен бармактай күндөрүмөн бер жакка
Көкүрөктө сактап келем өзүңдү.

Сууларыңчы жатат тынбай шар агып,
А шибериң желге чачын таранып.
Жер бүткөндөн сулуулуктун бардыгы
Калган белем сенде гана жаралып.

Таңды ойготот күкүк, булбул, сүтагың,
Канча кооздук! Канат байлап учамын.
Жылгаларың жыргал болуп сезилет
Жашыл жаннат болуп калган кучагың.

Булак суулар туйлап агып жүгүргөн,
Алар кандан, өткөн өңдүү жүлүңдөн.
Мин-мин деген мал жайылып жайытта
Ак өргөөлөр конуштарга тигилген.

Мал жайылса жарашыптыр жакшына,
Саз, Ичкесуу, Бөрүкөрбөс, Качуура.
Мага ыйыктын ыйыгындай сезилет
Сыйынамын бул жерлердин атына.

Ажике деп атың алыс таралган,
Кымызыңды ичкен бир жан адамдан
Сени билет. Сен бир жаннат жайлоосун
Кыргызымдын бактысына жаралган.

*12-ноябрь, 1992-ж.*

## Саркашка

Жайылып жайытында көөдөй түндө,
Кайтарып желе боюн ар бир күндө,
Мемиреп күн тоолорго батаар кезде
Саркашка үргүлөөдө үйүрүндө.

Шамалга жалын тарап тоодон соккон,
Жалындап нур чачырап көзүндө оттон.
Кайтарат өз үйүрүн Мекениндей
Кайдыгер чоочун айгыр жолотпостон.

Жанаша бээлер менен оттоп бирде,
Жаныбар, сүйлөөр белең кирсең тилге.
Канчалык биз билбеген сырлар жатат
Катылып көздөрүнүн тереңинде.

Эгерде, токуп минсең — жолдо кызып,
Эргитип эс алтканы эң бир кызык!
Кичине камчы үйүрүп тизгин каксаң —
Жел өңдүү жер түбүнө жетет сызып!

Алдыңан шамал учат кайыккандай,
Көңүлүң көктө сызат айып калбай.
Тоо, талаа көз алдында тегеренет
Кол менен табак сындуу кайыткандай!

Байлануу. Шылдырт этет башта жүгөн.
Келген жер бир топ алыс. Кетиш күмөн.
Кишинеп жерди чапчып окуранып
Өз үйүрүн чыгаралбайт көңүлүнөн.

Эсепсиз жылдыз көккө калган толуп...
Ээси мас. Ээрге минди. Жаман жорук.
Кайрадан үйүрүн көздөй алып учту
Төгүлүп төрт туягы канат болуп.

Тоо койну. Аба муздак, түндү жарып,
Жол жүрөт, аралыктар келет калып.
Айгырдын тилеги бул — ээсиз калган
Үйүрүн таап алуу жетип барып.

Арыштап ашып өттү Кичибелди,
Алыстан мына жылкы кишинеди.
Үндөшүп жаткан дилин Саркашканын
Үстүндө мас болгон ээси түшүнөбү?!

*1991-ж.*



# ӨМҮР ИЗДЕРИ



## Өмүр издери

Ойлуу жатып арт жагыма карадым:
Далай жерди баскан тура таманым.
Ар кай жердин ызгаарына буюгуп
Айбыкпастан жирептирмин шамалын.

Жаш курактын бир учурун эстедим,
Ал кезде мен максатыма жетпедим...
Копег-Дагдын кумдуу чөлүн аралап
Сихот-Алин кары болду кечкеним.

Солдаттык кез, тартип эле биздеги,
Катарлардын калчу катып тизмеги.
Жапон деңиз боюндагы кумдарда
Калды өчпөй керза өтүктүн издери.

Мен турмуштан көп нерсени күткөмүн,
Өзүмдү өзүм эч үйрөнүп бүтпөдүм.
Мен Аралдын басып туздуу турпагын
Кызылкумду көз талыта тиктедим.

Акырына чыгамын деп кылымдын,
Мен Сочиде күн нуруна жылындым.
Теңге бөлүп сүздүм Караденизди
Адыр, тоосун араладым Крымдын.

Чоң Бакунун басты жолун буттарым,
Жөө Карпаттын тоолоруна чыккамын.
Карт Памирдин жылгаларын аралап
Ыранкөлдүн чатырында уктадым.

Ырлар жаздым ышкым артып шыктанып,
Канча өмүрүм учту жайды, кышты алып!
Тургам көпкө Балтиканын боюнда
Батаар күндүн нурларына суктанып.

Кайык менен агып Волга нугунда,
Кен Каспийде тор салгамын булуңга.
Алоолонгон Күнгө тосуп денемди
Ысыккөлдүн жаттым кызыл кумунда.

Бардык жакшы жерге түшүп көңүлүм,
Бердим ага мен арзуумдун бөлүгүн.
Мени бүгүн өкүндүргөн бир нерсе —
Мунун баары өтүп кеткен өмүрүм.

*1991-ж.*





## Койчунун арманы

Мен тоолорду кайтарам жайы-кышы,
Жалаң ак кой алдымда айдаганым.
Кетпей койду негедир көңүл ышы
Ар күн сайын тосомун тоонун таңын.

Кур убада, куру сөз желдей желет,
Кыркып улам балдардын бакты, багын.
Ар тараптан ар түрдүү буйрук келет
Көкүрөктүн көбөйтүп кыркырагын.

Жардыланып түгөнду жайлоо, аңыз,
Бүт табийгат баратат гүлдөй солуп.
Чырлап, ырдап биз жашап келатабыз
Ар жыл сайын буйруктун кулу болуп.

Алатоодо ыйыктан эмне калды?
Башыбыздан өткөрдүк кордук доорун.
Мал туягы айдады жайыттарды,
Койдун буту жол кылды тоонун боорун.

Момун калкым не дейсиң эми буга? —
Журт башына түшүүдө арман, кайгы.
Шибер өскөн жылгалар бүгүн мына
Чачы түшкөн баш өңдүү такырайды.

Ач көз жырткыч нерсеби мансап деген,
Калк башына түшүүдө не деген күн?!
Бүгүнгөчө эч эле билбей келем
Жердин, элдин тагдырын ойлонот ким?!

Амал болду баарынын талашканы,
Бирин бири бийлик деп өлтүрүштү.
Канчалардын бейкүнөө акты каны
Көктө турган жылдыздар учуп түштү?!

Чатырымды шамалга делбиретип,
Ыр-чыр кылып баламды, аялымды, —
Дагы кантип жашаймын ушинетип
Кой артынан сүйрөп мен таягымды?!

*1991-ж.*

## Амалдын азгырыгы

Жай жатып, мен жай уктап тураар элем,
Жаз күнүнө көңүлдү бураар элем.
Жадымда мен терметип жакшы ойлорду
Жаштык ырлар силерге кумар элем.

Бейпилдикте тынч өмүр сүрөөр элем,
Тоо жаңыртып каткырып күлөөр элем.
Достор менен шарактап каалашымча
Тоо-таш кезип эркимче жүрөр элем.

Бирок кечээ бир кабар эзди башты?!
Каным дүргүп түйшөлүп, уйкум качты.
Бул кызматка жетпесем күн жок болуп
Эки-үч күндө агарттым кара чачты.

Акылыма калды бейм акыл кирбей,
Калгансыдым ансыз мен өмүр сүрбөй!
Тетиктери тааныштык бүтүн иштеп
Телефондор буралды тыным билбей.

Мээлеп алып бүт дилим ошол тушту,
Клеткамдын бардыгын ойготушту.
Тегеретип көңүлүм бүт ааламды
Канат болуп эки кол жылдызга учту!!!

. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .

Өзүм көнгөн эски жол... Илкип келем.
Кайра келди күндөрүм эркелеген.
Канчалык сен алдамчы нерсе белең —
Кан толкутуп жүгүрттү — Амал деген?!

*1991-ж.*

## Кымбатчылык

Оозун ачкан алты бала бакканым,
Жетпей келет айына иштеп тапканым.
Кызыл жабар кылсамчы деп тилеймин
Курсагынан үй-бүлөнүн ашканын.

Эптеп жазда сабиз, пияз айдаган
Эки сотых огородду айланам.





Көзүм өтүп карайм тынбай шактарын
Алма, өрүктү аздан мөмө байлаган.

Кымбат баары — булар менин арманым,
А бүгүн жок кечээ сатып алганым.
Бир жылуураак кышка кийим таба албайм,
Жылаңаяк калабы дейм балдарым.

Тууганың да жүз үйрүдү туз уруп,
Калды ичкениң кашык менен сузулуп.
Баарынан да нысап кетип адамдан
Баратабы элдин дили бузулуп.

Үн бүткөнчө биз кыйкырып канчалык,
Ким утат деп саясатты калчадык!
Каяктандыр калкка келчү жыргалды
Күтө берип көз тунарып чарчадык.

Канткен менен эл бардыгын көтөрөт,
Чыдап келет! Жаман жолго өтө элек.
Бирок шорум, бир абадан башканын
Баасы барат улам бийик көкөлөп!

Жонубузга оор жүк түштү таштан да!
Аны кыйын көтөрүнүп басканга.
Күндө зарыл нан, чай, сүттүн баалары
Чыгып кетти бүркүт учкан Асманга!

Кулагыма айтып күндө арманын,
Мени дагы кыйнап бүттү алганым.
Не болсо да бул учурдан өтсө экен,
Кененирээк ичип-жешип балдарым?!

*1991-ж.*

## Биримдик тууралуу

Бир чындык бар! — Биз да өтөбүз дүйнөдөн,
Көз жумганча бул турмушту үйрөнөм!
Акыйкат деп чаңкайт адам өмүрү
Калгангаче кызыл тили сүйлөөдөн.

Адам уулу! Ак нерсе жок өлүмдөн, —
Көздөн кайым болот тоолор көрүнгөн.

Жакшылыкка алып келбейт эч качан
Мансап үчүн тең экиге бөлүнгөн.

Биз акындар эң бир кылдат бололу,
Эл өзү айтсын, элдик сөзүн оболу.
Эл башына түшкөн азап, муң, кайгы
Керт башыңдын кайгысынан жогору!

Душманга айт туура сөздү сулуулап,
Өзүңдү эмес, өзгөнү жап жылуулап!
Биргелешкен элдин максат, мүдөөсү
Керт башыңдын мансабынан улуураак!

Бир улуу журт эмес белек ташыган,
Эми элимдин тагдырына ачынам?!
Качан, кимден кеткен болсо ынтымак
Кайгы кетпейт ошол элдин башынан.

Тарых күбө, — кыйроо, бүлгүн сонунан,
Кубаланып учтук душман огунан.
Гүнндар, сактар аалам кезип кеткендир
Темирдей бек биримдиктин жогунан.

Кээ бир наадан жеп түгөткөн ыйманын,
Ушак айтып дилин бузат кыйланын.
Сактайм десең ынтымагын элиңдин
Жакынды эмес, алысыңды сыйлагын!

Адам уулу көптү көрөт өмүрдө,
Айткан сөзүң эч чыкпасын төгүнгө!
Карт тарыхтын түпкүрүнөн келаткан
Сен кыргызым эч убакта бөлүнбө?!

Келечекке басаар жолду тандагын,
Эл ишенген туунду бекем кармагын!
Аталардын улуу жолун урматта
Сыйла ар качан бабалардын арбагын!

*1991-ж.*

## Тамекичи Токтобай

Токтобай деректирге күндө келет,
О анын келгенине эмне себеп?





Анткени азыраак жер бөлдүрүп алып
Ар жылы ага барып тамеки эгет.

Желкеге бүт түйшүгү түшүп турат,
Жер саздап, кык себелеп, парник курат.
Жылуулап урук чачып, суудан сепсе
Жыбырап көчөттөрү өнүп чыгат.

Өткөрбөй өз учуруң күйүп-жанып,
Көчөттүн тигет баарын бирден алып.
Анткени тамекинин эсебинен
Балдарын, үй-бүлөсүн келет багып.

А кийин түйшүк өсүп уйку калат,
Ойгонуу таң азандан болот адат.
Айрыкча тизими анын кирип келсе,
Тирмейип бүт үй-бүлө кетет жадап.

Турасың таң аткандан көздү сүзүп,
Келесиң жалбырагын күнүгө үзүп.
Балдарың бастырмада олтурушат
Күн-түнү тынымы жок жипке тизип.

Кургатып, кайра нымдап, бирден терип,
Сорттойсуң, тер төгөсүң жанды берип.
Арнайсың акырындап бир өмүрдү
Бүткүчө бүтүн баары прессталип!

Жыл бою эмгек акың барып, барып,
Бүтүптүр ар ай сайын аздан алып.
Мээнети үй-бүлөнүн түгөнүптүр
Жеп-ичкен тамагыңа авансталып.

Токтобай башын кашып ойлуу мына,
Олтурат эшигинде улутуна.
Нааразы кур алакан калганына
Замандын ыйманынын жоктугуна?!

*1991-ж.*

## Жараткандан сурануу

Ар убак дилде сактап, Аллам, сени,
Ыр жазам ышкым артып көптөн бери.

Өзүңө зарымды айтып ыйлабадым,
Күнөөмдү жатканым жок эскергени.

Билесиң ар пендеңдин алы-жайын,
Сыйынып сага таазим кылган сайын.
Ар кимдин эмгегине жараша анын
Тилегин берет го деп жүрөм дайым.

Албасмын жыргалыңды бекер берген,
Бакытты тилебеймин учкан желден.
Эгерде берчү болсоң — бер аянбай
Пегастын зор кубатын талант деген!

Андан да жаныма кой ардагымды,
Аяба ыр жазганда жардамыңды.
Жорголоп турсун үчүн колдо калам
Соо койгун менин «алты» бармагымды!

Түсүн бер, бейпилин бер Мекен, жердин,
Ааламды түйшөлдүргөн түйшүк бергин.
Өз эркиме койгунуң — дүйнө кезем,
Акындык тагдырымды кийин көргүн.

Сезимтал, сергек кылгын жүрөгүмдү,
Кубаттуу, иштерман кыл билегимди.
Башканы мен өзүңдөн сурабаймын,
Аткарсаң болду максат, тилегимди!

Ойлорго оройм эми күндү, түндү,
Саптарды жоокер кылам жоого сүрдүү!
Жараткан, мен сыйынып келем сага,
Ар качан аябагын көмөгүңдү?!

*1991-ж.*

## Өтүлгүн ал Ата Журттун

Ыраазымын бүгүн мен укугума!
Мамлекет өзүбүзчө болдук мына!
О бул сөз —
Болуштун комузунун күүсү болуп,
Рыспайдын ыры сымал
угулат кулагыма.
Жаш алып кубангандан көздөрүмө





Сүйүнүп турам буга!
Өзүн өзү башкарган өлкө болуп
калдык биз эми мына.
Бийликти алсын балдар бекем колго!
Түшөбүз кайсы жолго?
Ээрчийбиз мурункудай эми кимди?
Ишенген нерсебиз бир —
Аткан таң, тийген күнбү?
Зымырап оор жүк жатат, —
Көтөрүп туруу керек аны жонго!
Кыйрады империя,
Кыйрады Кызыл Аянт, Кызыл Ордо!
Бул ишке кайгы тартып, капа болбо.
Тынымсыз көрүнгөндөн жатам сурап,
Негедир ачылгансыйт,
Дүңгүрөп канча жылдар бүткөн кулак
Жел сөздөр,
убадалар,
мактануулар,
Коммунизм идеясы — калды кулап!
Тоо жели мына кирди демиктирип,
Түтүн каптап жаткан үйдүн
Эшигин,
терезесин аркыратып ачкан сымак.
Таза абадан кенен жут көөдөн кере
Шамалы Алатоонун жүргөнү турат!

Замандаш!
Сен өзүңдү бийик туткун!
Жумшаса өтүлгүн ал Ата Журттун!
Көздөрүң көрүп турсун алыстыкты,
Колдоруң эмгек кылсын!
Тынч жатпасын таманы эки буттун.
Тер сиңген төшөгүңө башты катпа,
Абасы таза болот — ай талаанын,
тоонун, сырттын.
Ар убак өтүлгүн ал Ата Журттун!

Карап көр бүркүттөрдүн учканына,
Арытат алыстыкты —
Жазда, жайда, кышта мына.
Өмүрдү кордобогун үйдө үргүлөп,
Кадалсын көз карегиң тышкарыга.
Жашагын ар адамдай бүжүрөбөй,

Баш катпа аялындын ыштанына?!
Байкоо сал бүркүттөрдүн учканына.

Бөлүнгөн жарабас иш тууган элим,
Бош болоор, о андачы, курган чебин.
Ит тыткын боло берип ыркырашып,
Башкага өтпөй калаар айткан кебин.
Тарткылап туш-тарапка ыркка келбей
Бир тондун талашарсын
эки женин.
Иштеткин андан көрө мамлекеттин
Жүздөгөн иш бербеген бузук жерин,
Миңдеген эң бир майда тетиктерин!!!

*1991-ж.*

## Биздин жол

Мен ой толгоп санга бөлөм санааны,
Анан тынбай кыйырын карайм талаанын.
Биздин жакшы күндөр кетти кай жакка?
Эч көрсөтпөй эми бизге караанын.

Укмуш күндөр күтүлүүдө алдыда,
Үмүт оту бир жадырап жанды да,
Анан кайра өчтү белем үлп этип
Караңгыны каптаттырып алдыга.

Болбой такыр оңго-солго бурулуу,
Токтоп калды кайра жаңы курулуу!
«Улуу достук» — өз алдынча кыйрады,
Кулап түштү СССРдин туруму.

Идеялар жарк-журк эткен биздеги,
Мөмөсүз бир дарак болду күздөгү.
Баарыбыз тең байлык десе баш уруп
«Измдердин» калбай барат издери.

Ал «измдер» элди көпкө жеткирди,
Тегиз карап бөлгөнү жок эч кимди.
Бардыгына бирдей окшош таң атып
Бардыгына бирдей окшош кеч кирди.

Билим алып элим жылды алдыга,
Жыргал турмуш берди жалкоо, жардыга.





Эркиндиктин бергенде эгер тизгинин
Мындан да алга кетээр белек алдыга.

Бүгүн башка чымчыктардын сайрашы,
Бул жашоонун чоң, кичине, майдасы
Баш катырат.
Бирок дагы «измдер»
Биздин элге эң көп тийди пайдасы.

Анын эң чоң өнүгүүдө салмагы,
Албетте бар го далай арманы?!
Канткен менен жакшылары, жаманы
Туура болоор тарых болуп калганы.

*1991-ж.*

* * *

Батыштан жүргөн бороон даракты урат,
Бариктер учуп түшүп.
Таратап жарнамалар жатат кулап!
Жердин тээ катмарында термелүүсүн
Сейсмикалык прибор билген сымак —
Турмуштун улам оорлоп баратканын
Акындар эң биринчи андап, сезип
Алдын ала билип турат.

Кар кечке жаады тынбай ундай элеп...
Адырларга,
Талааларга
Нан жаады деп сүйүнөм бүгүн, демек.
Балалуу үй-бүлөлөр шаар ичинде
Экономго өтүштү баарын ченеп.
Мына ушул тартыштыкка —
Эч убакта көнбөсмүн,
буга себеп:
Асылым, сенин жарык жүзүң сымак,
Илебин ачылганда тизилишкен
Тиштеринен көрүнгөн күлкүң сымак,
Сенин талаа жаңырткан ырың сымак —
Көңүлдүү,
берешен, мол зор турмушта
Жашагым келе берет,
келе берет!

*1991-ж.*

## Элиме тилек

О бул дүйнө оомал-төкмө экенин
Биз билалбай
кармап турмуш этегин,
Жаш баладай там-туң басып калдыкпы
Кайып өткөн түштөй болуп кечээгин!

Таразанын шайы басып бир жагын,
Укмак болдук алсыздардын мун-зарын.
О жараткан, мага такыр көрсөтпө
Жаш баланын кайыр сурап турганын.

Бул мезгилдин муңканычтуу ырларын,
Келбейт кайра обон созуп ырдагым.
О жараткан, көрбөсөм деп тилеймин
Энелердин тилемчилик кылганын.

Арыз, арман менин бардык жактарым,
Кымбатчылык чапкан белем капканын.
Көрбөсөм дейм адамдардын көзүнөн,
Мөлт! Мөлт! — этип көздөн жашы акканын.

Эл-жер, мал-жан бүтүн, баары аманбы? —
Деп ойлонуп чочуп турам таң алды!
Жер боорунан адамдарга тилеймин
Бейпил,
жоомарт,
берешен, мол заманды!!!

*1991-ж.*

## Акылдын Чолпон жылдызы

Биз жашаган бул күнгө да кеч кирет,
Ай айланып жылдын нугу эскирет.
Адам пенде, элге кылган кызматын
Унутулбай улуулукка жеткирет.
Ошол инсан датка энебиз Курманжан
Кылым сырын келе жаткан черткилеп!

Аруулукту издеп таап өзгөдөн,
Ар-намысты, жакшылыкты көздөгөн,
Акыл кенин адамдарга тартуулап
Дилиндеги чындыкты айткан сөз менен.





Өз доорунун каргашалуу күндөрүн
Көрүп турган акыл менен, көз менен!

Кадыр-баркы калк ичинде мактальп,
Канча катаал өлкө ишин аткарып,
Сырын тартып кара ниет душмандын
Калабалуу кармаштардан сактанып,
Эр азамат уулдарды өстүргөн
Эл ишине турган дайым аттанып!

Акыл-ойдун жылдызы кол жетпеген,
Ар-намысы чынар болуп көктөгөн,
Бардык элдер бак-дөөлөтүн баркташып
Кас душманы каршы алдынан өтпөгөн.
Катуу кайгы башка түшкөн күндө да
Капаланып сыр алдырып чөкпөгөн.

Алатоонун ак мөңгүсү жалтырап,
Ар бир көзгө түркүн элес калтырат.
Дал ошондой датка эненин зыйнаты
Кылымдардын кыйырына агат шаркырап!
Ар убакта жанып турат төбөдө
Акыл-эстин чолпонундай жаркырап!

*1990-ж.*

* * *

Арзыбаган аз-аз тилек өтөлүп,
Жер боорунда жашап келем көшөрүп.
Сабырым суз, санаага жык башымды
Сан эл менен мен да жүрөм көтөрүп.

Куу арчага от кеткендей чатырап,
Көңүлүмдөн ойлор учат чачырап.
Көралбастык көөдөнүн жеп курт сымак
Көөнү тардын мыңкыл сөзү атылат.

Жаман ойлор кетпегендей көңүлдөн,
Жалгыз башын эч кутулбай өлүмдөн.
Бирок өлүм адал жана ак нерсе
Абийирден эл алдында төгүлгөн.

Билем дүйнө мансап, даңктан турбаган,
Бул турмушта далай пенде «ырдаган».

Бирок анын жетпей бизге далайы
Өчүп калган өтөп бир аз жылды араң.

Мына ушундан жалгыз маани угулат:
Өз дүйнөңдү таза карма сулуулап.
Бул өмүрдү кыянатсыз жашап өт
Жакшы ойлордон улуу сепил курулат!

Адил болуп даамын таткын өмүрдүн,
Кыйын нерсе сырын билүү көңүлдүн.
Жанкечтилик кылсаң дагы кампайып
Чеңгелинен кутулбайсың өлүмдүн.

*1992-ж.*

* * *

Бул ааламды таанып-билүү жагынан,
Кудуретим менин жетпейт көрүнөт.
Мен турмушка миң бир ирет багынам
Жаратылыш тааныйт менин өңүмөн.

Мен ааламды түшүнүүгө келгемин,
Басуу үчүн өөдө-төмөн жолдорун...
Тилек кылам — тынч болсо деп эл-жерим,
Тынымы жок аракетте колдорум.

Талант оту — ал жаралат жүрөктөн!
Аны бирөө кудуретсиз тосууга!
Өмүрүнө ким күрөштү түнөткөн
Ал милдеттүү өз салымын кошууга.

А чыгарма өсөт дарак сыяктуу,
Таза кандан жана таза дилинден.
Элдир-селдир ыр жаратуу уят бу,
А ыр деген жарып чыгат жүлүндөн.

Алыкулдай жакшы ырларды жазганга
Кубанычтан жерге төгөм жашымды.
Акынмын деп кимдир бирөө мактанса
Мен ал үчүн жерге салам башымды.

Элдин жүгүн ким аркалап кете алат,
Ким бералат элге жүрөк жалынын?!
Эң алыскы марага ким жете алат?
Ким байкамак бул өмүрдүн агымын.





Мунун баары акын үчүн зор сыноо,
Бирок ага бүт өмүрү коромок.
Жамандыктын алдын алуу, болтурбоо
Бул да милдет, ансыз акын жоголот.

*1992-ж.*

* * *

Согушу улам аздап тамырымын,
Көндүрүп бараткансыйт карылыгым.
Тездиги акырындап кадамымын
Арасы жакын болду арымымын.

Кубат жок мурункудай турган жанып,
Азыраак тике турсаң бутуң талып.
Эки көз көчүк басаар бир жер издеп
Чапчандык акырындап барат калып.

Бардаш жок, көп нерсеге кетип чыдам,
Карылык — оор жумуш! — деп билип турам.
Ар жерин сайгылашып ооруксунуп
Көндүрүп нокто салып келет улам.

Убакыт учуп барат тыным билбей,
Уйкун аз, күнүң бирдей, түнүң бирдей!
Оюна түшөт кээде жаштык мезгил
Ок мисал учуп өткөн тилге кирбей!

Негедир мокоп барат өткүр сезим,
Морттугун билген сайын адам өзүн —
Билинбей бир заматта эске түшөт
Бийикте чуркап жүргөн жаштык кезиң!

*1992-ж.*

## Жылуусуу

*(Кубат Жусубалиевге)*

Жол жүргөндө мен негедир эригем,
Туш-тарапка көз жүгүртүп деги мен.
Карап келем Алай кырка тоолорун
Кумар канбай кум-шагылдуу төрүнөн.

Тоолор жатат окшоп төөлөр чөккөнгө,
Жан-боорлору чабуул коюп көктөмгө.
Ак калпакчан ак мөңгүлөр көрүндү
Алыстыктан Чыйырчыктан өткөндө!

Айнектери шамал, желге урунган,
Машиналар өтүп далай бурумдан
Анан барып Жылуусууга туш болот
Жан-жагына эс алчу үйлөр курулган.

Мен көп болгом, ваннасына түшкөмүн,
Түркүн даамга жайнап турган үстөлүн.
Тегерете биз олтуруп каткырып,
Айдын тоодон чыгышын мен күткөмүн.

Конокторго коюн союп сыйлаган...
Мас болушкан арак ичип кыйла адам.
Сооронбай, Таш, Камчы, Жолон ыр окуп
Жангазиев Алымканга ыйлаган.

Дем алышып тоо желинен агылган,
Кубат, Кеңеш бул жерде эчен багылган.
Ош шаарынын ысыгынан качкандар
Жылуусуунун ваннасынан табылган.

Бут кыдырып Алай элин жөлөгөн
Кымкап кийип, кымыз жутуп Төлөгөн —
Тарыхты айтып, таланттардан күү угуп
Аксысына ушул жерден жөнөгөн.

Жүргүнчүлөр токтоп дайым чөмүлгөн,
Дал мына ушул эң жөнөкөй көрүнгөн
Бул ыйык жер эс алдырып сергитип,
Көпкө чейин чыкпай калат көңүлдөн.

О, мындай жер деги кайдан кезигет,
Дем алышта келип кеткин тезирээк!
Жылуусуунун үстү жабык ваннасы
Ысыккөлдүн бир булуңу сезилет!

*Август 1992-ж.*





## Тоолук элиң толкуп уксун ырыңды

*(Жолболду Алыбаевге)*

Эң бир жакшы эркиндик күн келди деп,
Эми минтип басып турсуң жерди бек!
Жаткан кезиң — бүгүнкү күн кубанып
Эмгегиңдин бир чейрегин белгилеп.
Кандай кызмат кылган болсоң калкыңа
Анын баарын баалап, барктап эл билет.

Тууган жердин көркүн бүтүн жамынып,
Дайрасындай агып жаткан чамынып,
Обондуу ырың көкөлөдү обого
Талаа-түздө, ар бир үйдө жаңырып.
Калкың укту сенин шаңдуу үнүңдү
Канча жүрөк кайрыгыңа багынып!

Келатасың зор максатка кол сунуп,
Сен ар убак тоо суусундай бол тунук!
Сенин шаңдуу ырларыңды ыргактуу
Тоолук калкың толкуп уксун олтуруп.
Келатасың кем дүйнөнү толуктап
Сезимдердин кемтик жерин толтуруп!

Ырлар калат түбөлүккө — күн өтсө,
Ырахатка салып далай мүнөткө.
Канча адамдын балкыйт каткан денеси
Кайрыктарды көкүрөккө түнөтсө.
Талант колдоп жаралышкан жакшы ырлар
Дары болуп турат ар бир жүрөккө.

Сен жараттың кооз дүйнөнү — сонуңду,
Жыйынтыктап мен дагы өз оюмду,
Каалоо айтам:
ташкындасын талантың,
Эл урматтайт эргип турган боюңду,
Жолболду иним, акын агаң Ташбаев
Бек кучактап кысат бекем колуңду!

*1992-ж.*

## Жүрө берсин жүрөктөрдө жаңырып

*(Жеңишбек Шамшиевге)*

Кайталанып ай-жылдары бир демде,
Мезгил деген улуу нерсе билгенге.
Сен өзүңдү агымынан көрөсүң
Кирпиктердин күчү жетпей ирмемге.

Күүгө келип сезиминдин кылдары,
Бул өмүрдүн өтөт азап, жыргалы.
Бирок эстен чыкпай калат түбөлүк
Жандүйнөңдөн чыккан ырдын ыргагы.

Дал ошол ыр оттой жанып чатырап,
Ыргагына бүт ааламды чакырат.
Жылдыз сымал күйүп турат түн ичи
Уккан жанды улуулукка чакырат.

Биз жашайбыз чакмак сымал чагылып,
Бир бар болуп, бирде кайра табылып.
Оргуп чыккан ушул ырлар жүрөктөн
Жүрө берсин жүрөктөрдө жаңырып!

*1992-ж.*

## Бала

Бели талып жөтөлүп,
Көлбүп жибип денелер,
Тогуз айдан көтөрүп
Төрөп алат энелер.

Жок болуучу кечээ эле,
О бул укмуш жалганда...
Бир ымыркай эт эле
Алаканга салганда.

Жерге койбой көтөрөт,
Чалдыкпайт деп ооруга.
Багат аны бөпөлөп
Дайым кысып бооруна.

Кубат кирип денеге,
Таттуу уктап жатканы.





Кандай кызык энеге
Анын там-түң басканы.

Күлгөнү бир жагымдуу,
Ойногону козу, улак.
Жыргатат бир жаныңды
Сүйлөп берсе божурап.

Чыргоолонуп жээ бирде,
Көздүн жашын көлдөтөт.
Жалынасың Теңирге,
Тентектиги жанга өтөт.

Басып кетсе жупташып,
Сен үргүлүп кетесиң.
Айтпа такыр мушташып
Томуйтканын чекесин.

Бара-бара бой керип,
Кыздарга эми тоорулуп,
Жакшы бол деп сөз айтсаң
Тилинди албайт оолугуп.

Мына ушинтип жашы анын
18ге толгондо —
Ал жаш жигит аталып
Чыгат түнкү жолдорго.

Көз түнөрүп сүйгөндөн,
Бирөөгө өзүн багыштап,
Келин-кыздуу үйлөрдөн
Кетпей калат алыстап.

Чыкпай жатса күн-түнү
Жуурканына оронуп.
Анан туруп бир күнү
Кетет беш күн жоголуп.

Мындай, андай жаман кеп —
Кубур, шыбыр айлы чын...
«Кайда жүрөт балам», — деп
Эне тартат кайгысын.

Одоно анын сөзүнөн
Энеси угат казапты.
Кичинекей кезинен
Чоңойгону азаппы?!

Учун таппай санаанын
Куруйт минтип айласы.
Ата-энеге баланын
Тийсе кана пайдасы?!

Эч сөз укпай керкейет.
Же иш кылбайт жарытып.
Ата-энесин эртерээк
Жиберишет карытып.

Ичте жүрөт арманы,
Өтөт өмүр жылдары...
Кандай жакшы балдары
Кол-бут болуп тургань.

Ар убакта ойлоном,
Мен да бала тууралуу.
Жакшыбы деп ой бөлөм
Кичинекей курагы.

Эне акылын үйрөтүп,
Эркелетип көтөргөн,
Божуратып сүйлөтүп
Жүрө берген жетелеп?!

*1991-ж.*

## Аялзаты — бул турмуштун күзгүсү

Биз эркектер көп иштерден сактанган
Жан экенбиз жатып алып мактанган.
Андан көрө силерге айтып берейин
Аялзаттын күндүк ишин аткарган.

Толтурбастан ал уйкунун чаласын
Таң атпастан турат, ан-тан каласың.
Түнү жууган кийимдерди үтүктөп,
Бакчага алып жөнөйт кенже баласын.

Буга чейин бүткөн ишти карагын,
Үй-бүлөнүн орундап бүт талабын,
Ар биринин көйнөк-шымын белендеп,
Чай кайнатып жасап койгон тамагын...

Анан шашып ишке кетти, карачы,
Алыс канча кызмат — үйдүн арасы.





Не болду деп түшкү тамак маалында
Жетип келет үйдөн тынбай санаасы.

Же дүкөнгө, же базарга барышып,
Эң керектүү азык-түлүк алышып,
Күйпөлөктөп жанын үрөп аялдар
Келет улуу турмуш менен жарышып!

Толгон-токой иштер күтөт үйдөгү,
Эртеңкинин камы ичке түйгөнү.
Чарчадым деп эри келет кечигип
Кызып алган кыйраткансып дүйнөнү?!

Кезигүүчү кемчиликке сак турат,
Эн кенжесин эркелетип каткырат.
Эртең эрте барасын деп мектепке
Эркин койбой уул-кыздарын жаткырат.

Бүт көтөрүп оор жумуштун салмагын,
Багат ташып таранчыдай балдарын.
Анан колу бошой калса,
эринин
Туфлисинин аарчып кирет чандарын.

Түн бир убак, баары тыптынч. Ойду да
Ойлой албай буюмдарын койду да,
Акырын, жай чочубасын дегенсип
Ич көйнөкчөн кирип келет акырын
Уктап жаткан күйөөсүнүн койнуна.
Биздин күндөр неге мынча шашкалак?
Эрте туруп алгычакты чач тарап,
Кирип келип кечээгидей зор түйшүк
Аял үчүн бүгүн кайра башталат?!

*Август, 1991-ж.*

* * *

Чындыкты мен өзүндөй келем танбай!
Көңүлгө жарык түшсө күйгөн шамдай,
Өчүрбөй махабат деп аздектейм да
Келатам эл көзүнөн жашыралбай!

Жыргатчу илеби күч сөздөрүнөн
Албырып өң-түсүмөн өзгөрүлөм.

Жабыркап жалооруган үмүтүмдү
Жаңылбай байкайт элдер көздөрүмөн.

Өмүрдүн жолдору көп ичке кылдан,
Махабат — жалгыз сенсиң бийик турган.
Бул жерге сыйбай басып баратканым —
Сезилет менин ар бир кадамыман.

Арноолор айтылалек көңүлдөгү,
Сагыныч сага деген өңүмдөгү, —
Кичине болор-болбос шылтоолорго
Тургансыйт көз жаш болуп төгүлгөнү.

Жардамда жаратқандын билгендери,
Жалбырттап келем канча күндөн бери.
Өзүңө деген улуу махабатты
Түшүнтөт кирпигимдин ирмемдери.

Жарк этип жылдыз учса жамалыңдан,
Жагылат жарык чачып жанымда шам.
Мендеги асыл, аруу махабатты —
Түшүнгүн дирилдеген абалымдан?!

*Август, 1991-ж.*

## Бүгүнкү оптимизм

Айтасың:
— Жашоодобуз жанды сыгып,
Кай жерге барба баары кымбатчылык!
Кандай күн башыбызга түшөр экен
Капырай кандай күндөр келет жылып?!

— Кайгырба, капа болуп эми буга,
Жакшылык келип калар эртең мына!
Ыраазы болгон жакшы бардыгына
Жаркыным, каниет кыл тагдырыңа.

Замандын дөңгөлөгү түшпөй жөңгө,
Канча бир өмүрлөрдү түрттү гөргө.
А балким, биздин тагдыр башка болмок
Экөөбүз мурунураак төрөлгөндө.

Таптырбай шылтоо кылаар бир ар себеп,
Күндөрдүн чыгырыгы тегеренет.





Арадан канча жылдар өтсө дагы
Жарасы ал күндөрдүн бүтпөй келет.

Бизди түк айырбасын ушул жерден,
Ушул жер — мүлдө дүйнө азык берген.
Ар кандай замандардын өзүнө окшош
Ар кандай кыйындыгы боло келген.

Орогун бриллянтты колдоруна,
Алтын чач — тойбойт баскан жолдоруна!
Ыраазы болгон жакшы андан көрө
Өмүрүн бул күнгө туш болгонуна!

Тынчтылык болсо бизге ошол жетет!
Бул күндөр кубандырып эркелетет!
Бүгүнкү биздеги бул кымбатчылык
Билинбей суудай агып өтүп кетет!

*Август, 1991-ж.*

* * *

Жаркырап чыккан Ай сымак,
Өмүрдүн жазы кайсы убак? —
Албырып жанса ирениң,
Каруута кирсе билегиң,
Жалтанбай эч бир нерседен
Жалбырттап турса жүрөгүң!

Аргымак сууну кечкендей,
Ач албарс темир кескендей,
Алоолоп жанса өмүрүң
Ажалдан дагы сестенбей!

Нөшөрлөп жамгыр аккандай,
Жоргону жолго чапкандай,
Турмушта турсаң майышпай
Жыгачка мыкты каккандай!

Көп адам чыгат кеңешчү,
Көбү бул ойлор эң эски.
Өмүрдүн жазы ушундай
Шар суудай тунук эмеспи!

*Август, 1991-ж.*

## Колдон келсе

Бүгүн мына ойго тунуп турамын,
Бул дүйнөнү келет бөлөк курагым,
Андай мыйзам тийген болсо мага эгер
Берээр элем элге мүрөк булагын.

Адам пендем ташка жанат тилегин,
Ар кыл ойлоп калбыр кылат жүрөгүн.
Кармаса да ченгелинде ааламды
Бирок бир күн мерт болорун билемин.

Өмүрүндүн чындыгын, же төгүнүн
Коёт тактап топурагы гөрүндүн.
Жүрөгүмө өзүм бычак ургансыйм
Капалантсам мен бирөөнүн көнүлүн.

Бул тирүүлүк адамга өзүн ойлотуп,
Капалантат, кайра кубаныч ойнотуп.
Жаратканга наразымын жыланды
Койгонуна боору менен сойлотуп.

Бул бир кордук деген ойго келесин,
Буту-колун, ар кыл жактан ченесин...
Бирок аны көрбөйсүнбү табийгат
Уулуу кылып жаратканын денесин.

Колдон келсе — бакаларды бийлетип,
Жыландарды чуркаганга үйрөтүп,
Жер бетинде жандууларды дос кылып
Балыктарды коёр элем сүйлөтүп.

Дайым жарык турсун үчүн таң атып,
Жөнөкөйлүк, жоомарттыкты таратып,
Бул дүйнөнү бергим келет мен элге
Куулук жана шумдугу жок жаратып?!

*Август, 1991-ж.*

## Эки өмүр

Билип алып дагы муну
Мезгилинден пайдалан,
Төрөлөт дейт адам уулу
Экинчи ирет кайрадан...





Адам жашап өз өмүрүн
Көзү өтөт да жок болот.
Жаратканбы, же Теңирим
Өмүр жолун ноктолоп?!

Экинчи Өмүр жөнүндө мен
Мындай го деп ойлоном:
Сүйгөндөрдүн дилинде кең
Уктап, кайра ойгоном.

Узун-кыска басып жолдун
Өтүп күндүн мининен,
Мага ыраазы болгондордун
Дилинде бир тирилем.

Ак кагазга ырдын кенин
Жазып өттү өмүрүм.
Мен турмушта бир пенденин
Оорутпадым көңүлүн.

Ойлорду мен иргеп бирден
Ырга бердим дилимди.
Эгер алса жорго минген
Достор алаар тилимди.

Күздүн салкын айлуу түнүн
Сүйүп жашап келемин.
Тоонун жыттуу сансыз гүлүн
Жандай жакшы көрөмүн.

Махабат деп эчен курдай
Оттой жанып мактадым.
Сүйгөн жардын кучагындай
Ысык турмуш таппадым.

Көп достордун жоктоп ордун,
Атын атап мактаймын.
Мага ыраазы болгондордун
Көнүлүндө жашаймын.

Мына бир топ келдик жашка,
Мезгил — сынчы, көрөгөч.
Мен төрөлсөм андан башка
Ырларымда төрөлөм!

*Август, 1991-ж.*

* * *

«Сиз эң жакшы адамсыз,
Ыраазымын сизге мен» —
Деген сөздү жазыпсың
Көңүл кушу издеген.

Ыраазылык көңүлдүн
Кубанган бир учуру.
Көп мезгили өмүрдүн
Кемип барат утуру.

Мындай сөзгө дене бир
Жибийт. Ичте арманым
Мына бүгүн негедир
Кетип турат дарманым.

Көңүл оту улуу да!
Сырлары анын катылуу.
Жакшы сөздү угууга
Ар бир адам акылуу.

Мындай сөздү арнаган
Акылыңдын жетиги.
Аруу сезим арбаган
Мактайм ар бир кечиңи.

Мен сен үчүн кыйналам,
Жарк деп атам таң менен.
Салт-санааны сыйлаган
Зирек, жетик жан белең.

Күн сыяктуу булуттун
Арасынан көрүнүп,
Келип турат жылыткың
Нуруң оттой төгүлүп!

Жалбырактай термелип,
Оюң кээде бөлүндү.
Сылап өтүп жел болуп
Сергитесиң көңүлдү.

Бардык максат түздөлүп,
Бүлөп, кайрап сезимди.
Бул жашоодо изденип
Таппай келем өзүңдү.





Сен поэма бир кыска,
Окурмандар талашкан.
Жашоо, сүйүү, турмушка
Бардыгына жарашкан.

«Сиз эң жакшы адамсыз,
Ыраазымын сизге мен» —
Деген сөздү жазыпсың
Көңүл кушу издеген.

Жардам берүү жакшы го ал
Бардык көңүл каалашат.
Жакшылыкты жакшылар
Он эселеп баалашат.

Дагы далай ырлардын
Ырдаларын билемин.
Сен апкелчү жыргалды
Сезип турат жүрөгүм!

*Август, 1991-ж.*

## Ойлуу неге менин башым

О бүгүн, ойлуу неге менин башым,
Элүүдөн өткөнгөбү кечээ жашым,
Тырыштар көбөйүшүн бетимдеги
Агарып кеткенгеби кундуз чачым?
Кыйналды тиричилик деп балким жаным,
Жаш жетип бузулганбы, мүмкүн каным...
Жашообуз татаалданып бараткангa
Себептер арбын окшойт башка дагын...
Билбейсиң мунун баары эмнеликтен,
Көңүлүң толук эмес асыл жарым?!
А мүмкүн, ажыраганга тирегимден,
А балким, кутулганга бир өлүмдөн...
Дагы эле мажнун болуп махабаттын
Дартына чалдыкканга жүрөгүмдөн.
Жана да көптөн бери жазбаганга
Көңүл, дил көп нерсеге толбогонго?
Жашоого издей берип аздан арга
Өмүрдө менин жолум болбогонго...
А балким, эмгексиз көп түндөрүмө,
Бош кеткен башаламан күндөрүмө?

А мүмкүн, уулум менин тилимди албай
Алыста үйдөн безип жүргөнүнө,
Кырсыктан азаматтар өлгөнүнө
Күнүгө кыйроолорду көргөнүмө,
Кээ бирөө ниетин бузуп мансап үчүн
Бир элди ажыратып бөлгөнүнө,
Капага менин башым батты бекен?
Көзүмдөн кайгы жашы акты бекен?
Коогасы түгөнбөгөн бу дүйнөдө
Көп окшойт азап-ыйы дагы нечен?
Жашоонун сен көрүүчү жаннатынан
Тозогу көбүрөөкпү эсептесең?!

*4-январь, 1992-жыл.*

## Эртеңибиз болот кандай?

Туташып бензинге өрт кеткен сымак,
Жалбырттап күйүп өчкөн —
Ош, Өзгөн окуясы эсте турат.
Биримдик чынар болуп өскөн эле
Кыйгандай ал чынарды калды кулап.
Тытмалап көралбастар Мекенимди
Негедир чыгарышты жерден кулак?!

Биздин эл момундардын момуну белем?
Муну мен ар саат сайын ойлой берем.
Айрымдар кандай гана амалкөй куу,
«Жоомарт»! — деп жонубуздан таптап коюп,
Сыр андып көзүбүзчө мактап коюп,
Сен жечү ак наныңды жебе деген...
Алдыда боло турган жамандыкты
Көзүбүз көрсө дагы элебеген,
Кайдыгер, карапайым бир эл белем?!
Тааныды жаңылбастан өңүбүздү,
Үйрөндү биздин бардык жөнүбүздү.
Токумдай кол тийбеген бир жер койбой
Тебелеп бүтүрүштү төрүбүздү.
Баладай чалчык кечкен чалпылдатып
Булгады каректей кооз көлүбүздү,
Кетишти казып алып кенибизди!
Тукуруп бирибизге бирибизди
Жоготмок ою алардын эми бизди?!





Мынаке, кымбатчылык каптап келет,
Элиме эртенки күн эмне берет?
Эмне жок бүгүн биздин колубузда
А эртең эмне керек?
А балким, тагдырыбыз —
Куу казыкка байланган музоо сымак
Жетпестен жашыл чөпкө тегеренет?!
Ырыскылуу токчулук күндөр кетип
Жутунуп алдым-жуттум доору келет...
Ыйлатып алсыздарды колу жука
Баратат кымбатчылык бүт тебелеп!

Чыналуу чыйратылып жетти чекке!
Лениндин идеясы кетти текке.
Кайдагы коммунизм, калың журтум? —
Зар болсо — самын,
шекер,
ун-май, этке!
Ишенбесе — берилген убадага,
Ишенбесе оозундан чыккан кепке,
Бирөөнү чыккан мыйзам чокуга чаап,
Айрымдарын алаканда эркелетсе?!

Чынында эртеңибиз болот кандай?
Кымбатчылык деп жатып кургайт таңдай!
А балким, биз да артка сүрүлөбүз
Мезгилдин тапшырмасын
убагында аткаралбай!
Топугу көп адамдын кетип улам
Ыйманы көп адамдын барат калбай.
Жоругун көрүп туруп мындайлардын
Жарык нур дилимдеги өчөт шамдай!
Чынында эртеңибиз болот кандай?
Толгонуп ойлой берип жүдөп бүттүм
Оор жүктү жонумдагы көтөралбай?!

*6 — 7-январь, 1992-ж.*

## Бири кем дүйнө

Заман көзгө түркүн түстө кубулат,
Кум саат сымал өмүр колдон чубурат...
Кечээ күнү биз кыйкырган ураандар
Эмнегедир бүгүн бөтөн угулат.

Биз уйкуда жаттык канча үргүлөп,
Ойгоналбай ичибизде күңгүрөп.
Аргымактай алыс жолдо арыган
Максатына жетпей үмүт сүрдүгөт.

Өз алдынча өлкө болуп аталып,
Өрүш алып кетти ичтен капалык.
Эркибизче учабызбы эми биз,
Же туюкка калабызбы такалып?

Жолдун азап биз билбеген жактары,
Андан кыйын эл милдетин аткаруу.
Бүгүн кимдер көралбаса эртеңин
Аны чабат кымбатчылык капканы.

Ойлон кыргыз! Тостуң мына жаз алдын,
Саптары али айтылалек казалдын.
Белди чечип терди жерге төкпөсөң
Басып калат баасы сени базардын!

Бир-бириңе тийсин колдоо, жардамың,
Билген артык ар мүнөттүн салмагын.
Андан дагы артык болоор озунуп
Басаар жолду мурун тандап алганың.

Эбегейсиз батсаң дагы олжого,
Элди бийлеп бек болсоң да Ордого, —
Эң биринчи адилет бол баарына
Экинчиси өз каныңды кордобо!

Бийлик, байлык колдон кетчү нерселер,
Чындык айтат өз сөзүн бет келсе эгер...
Кимдин элге сиңген болсо эмгеги
Ошол адам эл алдында эркелээр.

Тондун дагы жыртылат го жакасы,
Көңүлдүн да толот ичке капасы.
Булбулдун да үнү катат бир күнү
Дулдулдун да сынат бир күн такасы.

*Март, 1992-ж.*





## Нооруз — жаздын майрамы

Көңүл куунак, элдин жүзү жайдары,
Келди мына Нооруз — жаздын майрамы.
Жаңы жылдын эң алгачкы төл башы
Ээрчийт сени жылдын калган айлары.

Канат жасап канча ойлорду учурба,
Алтын шипак болсун кийген бутуңда!
Салам айтып сен туш болдуң биринчи
Күн менен Түн теңелишкен учурга.

Жаз апкелдиң жакшы тилек бөлүшүп,
Жаштык курак барат мында өбүшүп.
Өзүң менен олтурабыз биз быйыл
Отуз күндүк Орозодо көрүшүп.

Канча ой тилек максатына жетелек,
Жамандыктар жаныбыздан кетелек.
Шаар, кыштак бардык элди аралап
Жакшылыкты апкеле бер жетелеп.

Рухуң тунук, дилиң таза элиңе,
Жаз жетелеп чыккын тоонун белине.
Сен ар убак жоомарттыкты таратып
Сүйүү, бакыт тарата бер жериме.

Салт кошулуп сенин улуу салтыңа,
Бейпил турмуш, береке бер калкыма.
Кыз-келинге сулуулук бер түгөнбөс
Жигиттерге жоомарттыкты тартуула!

*Март, 1992-ж.*

## Элдин уулу жашайт дайым түбөлүк

***(Арыкбай Осмоновду эскерүү)***

Бул ааламда адам жашайт бир ирет,
Көзү өткөн соң кимдин кими билинет.
Эл-жерине сиңген болсо эмгеги
Ал эч өлбөйт, ал экинчи тирилет!

Кыйын күндө кыйла адамдан калышпай,
Кызмат кылды өлкөсүнө талыкпай.

Каракулжа өрөөнүнүн ичинен
Кыйындардын кыйыны эле Арыкбай!

Сөзмөр эле, иш билги эле, шар эле,
Адам дилин билип турган жан эле.
Чындык сөздү тартынбастан бетке айткан
Устарадай өткүрлүгү бар эле.

Күйдү элдин бары менен жогуна,
Карылардын калган далай сообуна.
Канча дагы чечилбеген иштерди
Чечип берип турар эле онуна.

Бир зор кубат ойноп турчу канында,
Кирип келген алоолонгон жалынга.
Өткүр сөздөн калган эмес эч качан
Ажал андып турса дагы жанында.

Кыйын күндө артка кайтып кетпеген,
Кээ бир чонго жакпай алар кектеген.
Осмоновдун кадырына ал кезде
Партиялык жетекчилер жетпеген.

Көзүн өттү көп күндөрдүн биринде,
Адам элен мөөрүн бардай тилинде.
Элдин уулу жашайт дайым түбөлүк
Эч убакта элдин өчпөй дилинде!

*Март, 1992-ж.*

## Жыйырманчы кылымга

Алыстан жол келаткан күлүк сымак,
Тер басып туягынан таштар кулап,
Марага сен жакындап келатасың
Кыйырына кең дүйнөнүн түрүп кулак.

Мен сенин уулуң болом!
Мобул жерден
Төрөлүп жолдоруңдан жүрүп келген.
Эркелеп жыргалыңа жан жыргатып,
Кайгыңды канча дагы тартып көргөн...

Күндөрүң билинбестен учту желдей,
Тизгиниң тартканына моюн бербей!





Кубаттуу күндөй жарык ойлор күттүм
Салмактуу санаа тарттым кара Жердей!

Айларың алда-кайда алып учту,
Ааламды ачылышка жаратышты.
Жылдарың жылып өттү изин салып
Жаадырып Жаз, Жай, Күздү жана Кышты!

Билинбей мезгилиңди тегеретип,
Бел ашып финалына келдиң жетип.
Бирде сен бүт дүйнөнү канга бөлөп,
Бирде сен бейпилдикти эркелетип.

Кыйратып, аны кайра салып жөнгө,
Түшүрүп бүгүн элди дүрбөлөңгө...
Таң калтып тарыхты да кайра жасап
Тартып сен келатасың жүгүңдү өргө!

*1992-ж.*

## Билбейм бүгүн кайсы жолдо баратам

Кеткиң келбей сенин жыттуу багыңдан,
От чагылтып кайра жүрөк каныман,
Азаптанып чоочун жолдо баратам
Гүлдүн жыты мени көздөй агылган.

Кечир мени көп жыл дегдеп сүйгөнүм,
Мага келди бөлөкчө бир дүйнө күн...
Махабатты мен башкача түшүнүп
Дагы кайра керек окшойт үйрөнүүм.

О, көп белем тирүүлүктүн азабы,
Жазылалек жатталбаган казалы.
Сезсем деймин арuулуктун сырларын
Тазалыктын ичиндеги тазаны.

Баш кеңгиреп таппай такыр айламы,
Оюмда жок ойлор чырмап кайдагы,
Көз алдыма түш сыяктуу элестейт
Магдыраткан махабаттын сайраны.

Көкүрөктүн зарын кыйын жашыруу,
Мен унутуп көпкө чыккан жашымы,

Кайрылдымбы касиеттүү сүйүүгө
Же кайгыга малдым бекен башымы?!

Куюн келет тоо боорунан кар учкан,
Муз тырмалап колум менен карышкан,
Махабатым сени көздөй баратам
Жыргал сезип азабыңды алыстан.

Арасында ар бир сааттын, мүнөттүн,
Ар сезимди акыл, ойго түнөттүм.
Адаштырган махабаттын жолунда
Чагылганы чарт-чурт этет жүрөктүн!

Мен өзүмдү, балким, жаңы жаратам,
Бирок кайра бүтүн аалам мага таң!
Мени азгырган үзүм шоола кубалап
Билбейм бүгүн кайсы жолдо баратам?!

*Октябрь, 1992-ж.*

## Дыйканга ода

Дыйкан сен, бир өзүңдүн талааңды бил,
Алышып тер төгөсүң киргиче иңир.
Кол менен жарата бер токчулукту
Түшүм ал кара жерден — өл да, тирил!

Төрага олтурат ал кабинетте,
Айлык деп барсаң эгер, келбейт кепке.
Ал азыр укпайт сенин арызыңды
Айтылган сөздөрүңдү кагат четке.

Балдарың жылаңаяк жүрөт чуркап,
Басканың, олтурганың кара турпак.
Билбейсиң кайсы доордо жашаганың, —
Турганың кандай дүйнө сени курчап.

Үй-жайың, дүйнөсүң көр паракордун,
Алтынга толтурууда жаткан ордун.
Баары бир сен баруучу жерге барат
Дүйнөгө түркүк болбойт чындыгы ойдун.

Күн мына! Аалам, Асман, тоолор мына,
Өмүрдүн жашоодогу кумарына, —





Жер айдап, эгин эгип талааларда
Жүргөнүң тирүүлүктө сенин туура!
Президент келбейт сенин алың сурап,
Бул дүйнө эскисиндей дале турат.
Кетмениң өмүр бою жолдош болгон
Көз жумсаң эстен чыгат, унутулат.

Өзүңдөй жарды, жалчы тике турат,
Молдолор жаназага келет чубап.
Мавзолей курбайт сага!
Калат сенден
Дөмпөйгөн эки метр боз топурак!

*1993-ж.*

## Жаратканга табынуу

Үстүм Асман.
Бут алдымда кара Жер!
О кең дүйнө!
Алоолонуп жаңа бер!
Адамыңмын кучагыңда күн көргөн
Пендем десең кудуретиң мага бер!

Көөнүм чөгөт жетим-жесир ыйынан,
Кучагыңдан кетким келбей кыйылам.
Мен элиме сырыңды ачып берсем деп
Сууларыңа, тоолоруңа сыйынам.

Сен чексизсиң! Аны кантип айталам,
Жомогуң көп акылмандар байкаган.
Кечки жүргөн шамалыңа энтигип,
Таңкы жүргөн муздак желге чайканам.

Жакшы-жаман күндөрүңдү жашадым,
Жаркын максат тилек айтты катарым.
Көлөкөлөп дарагыңдын түбүнө
Жогумду издеп жолдоруңда басамын.

Бул жашоонун көйгөйүнө каныктым,
Баасын билдим караңгынын, жарыктын.
Саратанда аптабыңа какталып,
Кышкы ызгаар бороонуна кайыктым.

Деңизиндин көрдүм мөнкүп жатканын,
Толгон Айдын тоодон тоого батканын.
Булуттардын үстүндө учуп баратып
Таңды көрдүм түндү сүрүп атканын.

Көз алдымда кыздарыңдын күлгөнү,
Кулагымда ырларыңдын түрмөгү.
Тоо боорунан мергенчилер жаккан от
Учуп өткөн жылдыз эсте түндөгү!

Океаның жатат толкуп чайпалып,
Күнүң көктө — бүт ааламды кайтарып.
Айтылбаган, ачылбаган сырларын
Акыл күчүн мокотууда майтарып.

О жараткан! — Кырсык, кыргын келбе! — деп,
Адам жашайт өз турмушун термелеп.
Сырын катып түпсүз Ааламдын
Көз алдымда Аалам калкып термелет!

*1993-ж.*

* * *

Бүгүн сенин туулган күнүң эмеспи,
Ашып өттүң алда канча белести.
Ай-жылдардын нуру чайкап жүзүңдү
Алатоонун таңкы жумшак жели эсти.

Мен куттуктап, бетинден өөп, гүл берип,
Эске түшөт бирге жүргөн күндөрүм.
Бул күндү биз өткөрчү элек шарактап
Күлкү басчу жаздын мээлүүн түндөрүн.

Чыны сымак бир жак чети кетилген,
Акыл, ойдун кубат-күчү мертинген.
Санаага жык башым менен жүрүп мен
Туулган күнүң чыккан тура эсимден.

Таза, тунук жүрөгү ай баланын,
Жыты сиңген адыр, белес, талаанын,
Гүлүн берген кыздарыңды көрүп мен
Башты салып алдында жер карадым.





Уятыман ушул күнкү күнөөмүн
Жоготконсуп асыл ташын бирөөнүн,
Мурункудай болбогонго салтанат
Эмнегедир ооруп турду жүрөгүм.

Мен негедир ойго баткан экемин:
Махабатын айттым ыйык экенин.
Сага деген менин урмат-сыйымдан
Чып-чып этип акты тери чекемин!

*Апрель, 1993-ж.*

## Сексенге чыккан куракта

Кубаттуу дене-бойдон кетти жаштык,
Капкара селкилдеген чачты агарттык.
Маңдайга билинбестен бырыш түштү
Көөдөндү ээлеп алды кыжаалаттык.

Алыстап жаштык өтүп денең деген,
Акырын чыйыр жолдо илкип келем.
Алаамат өткүр курак кетти кайда? —
Ааламды чарк айланып тегеренген.

Бутунда жылуу байпак, кийиз өтүк,
Күзгү суук чучугуна турат жетип.
Кичине меш жанында үргүлөсөң
Сөөгүндүн тери чыгат чып-чып этип.

Жегениң ашказанды улам өйүп,
Ордуңдан козголалбай улам кейип,
Булдурттап тилиң катып,
а тиштериң
Ураган таш коргондой кемирейип...

Түйшөлүп түнү уктабай таңдар атат,
Көзүңдүн чылпагынан күн да батат.
Чыкылдап саат жебеси соккон сайын
Акыркы күндөрүңө жакындатат.

Үлүндөп өчөөр нурдун жарыгындай,
Көздөрүң көрбөйт чыйыр жарымын да...
Жүрөгүң аран согуп канды сүрбөй
Шыргалаң суу аккансыйт тамырыңда.

Тырмактын учунда окшоп эми жанын,
Үлдүрөп кетип турат кубат, алың.
Артындан ажал келип калган сымак
Кылчактап каранасың эки жагың!

*Июль, 1993-ж.*

## Эңшерилди арабыз

*(Түмөнбай Байзаковду эскерип)*

Мынча ачкөз, мынча соргок жер өзү? —
Кантип батты ага акындын денеси?
Көз алдыма келе калат ар дайым
Бир көйкашка Түмөкемдин элеси.

Эч карабай жашы кичүү, улуусун,
Эндиреткен ээнбаш Ажал курусун.
Топту жарып жүрүүчү эле күлдүрүп
Токтоо сүйлөп жанып коюп мурутун.

Китебинде калды ырлардын алтыны,
Жарыктыкка алып чыктың Барпыны!
Бир да жанды мүмкүн эмес турбайбы
Бул дүйнөгө өлбөс кылып калтыруу.

Сен жашадың алоолонгон кылымда,
Кандуу жылдар калды жазган ырында.
Алыстыктан төбөң турган көрүнүп
Адам элең насил-нарктуу чынында.

Туулуп өскөн туулган жериң аркылуу
Сүйүп өттүң «Паризаттан» канчаны.
Элестетет элге берген эмгегин
Жайы-кышы көктөп турган арчаны.

Сен күлкүнүн ордосу элең,
жана биз,
Көзүң жокто аны кантип танабыз.
Эси жокту эмдөөчү элең сөз менен
Эңшерилип калды бүгүн арабыз?!

*Август, 1993-ж.*





## Күзгү санаркоо

Табийгат калды минтип тилге кирбей,
Күзгү жаан жаады үч күн тыным билбей.
Агарды кырка тоолор,
Жакындап кыш келатат
Жайдак атын минип-минбей!
Көңүлдү түпөйүл бир ойлор басат
Караңгы салмагы оор бүркөк түндөй!
Замандын эмне экенин сезбей калдык
Уйгакка аралашып кирген жүндөй.

Ичкерди ой-санаалар жибек жиптей,
Жоголду даамдуу сөздөр ынак сүттөй.
Бүлөлүү үй-бүлөгө тапкан наны
Негедир калды түтпөй.
Алдыга койгон тилек аткарылбай
Курулчу имараттар калды бүтпөй.
Ар кимди өз санаасы салаңдатып
Ар жанды өз кайгысы басты жүктөй!

Быйыл кыш кыйын болоор картаңдарга,
Табалбай калды көбү эч бир арга.
Тагдыры такалды бейм туюк жолго,
Ишенчи туш болду бир бийик жарга.
Дарактан күбүлүүдө жалбырактар
Каркылдап учуп, конот жолдо карга?!
Ишенчээк аккөңүлгө кыйын абдан
Эң жыргал заман келди ичи тарга!

Боюнан суу жорголойт теректердин,
О мезгил, бул кандайча сенин белгиң?!
Ыраңы талаалардын өчүп барат
Түсү онуп бозоруууда кара жердин.
Арбындап барат улам алдамчылар
Ичине кирди Шумпай көйнөк-жендин.
Андайлар былык ишин жасай берет
Түбүнө түшкүчөктү кара жердин?!

*Ноябрь, 1993-ж.*

## Балдарга кеңеш

Тентектик — ал жаман иш жарабаган,
Жана да бой-башына карабаган.

Ыпылас жүргөн балдар
кийин деле
Чонойгондо болуп чыгат начар адам.
Сезимтал болуш керек, бармактайдан
Турмушка таштайсыңар алгач кадам.

Талытат жашоо жүгү белиңерди,
Силердин алдынарга татаал дагы
табышмактуу мезгил келди.
Эгерде колуңардан келген болсо
Сүйгүлө! — Эне сымак улуу Жерди!
Талытат жашоо жүгү белиңерди.

Эң алгач өз жолуңду өзүң такта,
Жер көгөрт!
Сууну жибер жашыл бакка!
Эгерде сен бейишти курчу болсоң
Кур аны Жер үстүнө,
топуракка!

Терди төк, эгер төксөң — ушул Жерге,
Бул жерди өз атандан төмөн көрбө!
Анткени бир өмүрлүк тагдырың ал
Бул жерден жүзүңдү үйрүп асти көнбө?!
Ар качан сени урматтап багып алат
Аны сен алакчылап эки бөлбө.
Терди төк, эгер төксөң — ушул Жерге!

Бул Жерде — балдарыңа болгун Ата,
Өмүр сүр элиң менен!
Көпкө жаша.
Эгерде эрдиктерди кылгың келсе —
Элинден дуңгүрөтүп алып бата,
Дал ушул топуракты жууруп колдоп,
Жаннатты Жер үстүнө коркпой жаса!

*1993-ж.*

## О, бул аймак Түштүк жери чалкыган

О, бул аймак Түштүк жери эмеспи:
Күнүң чакчайып карап турган төбөңдөн.
Суу жетпеген адыр, талаа, белести
Ысыктыктын кудугуна чөгөргөн.





О, бул жерлер Түштүк жери аптаптуу
Аңыз какшып, арыкта суу соолуган.
Көңүлдөгү максатыңды эң таттуу
Кургакчылык деген оору тооруган.

Каналдарга толо суулар бөгөлүп,
Арыктардан акпаса суу аркырап, —
Кайдан турсун бул талаалар көгөрүп
Бизден бакыт кетмек атын камчылап.

О, бул жерлер аптап, Күндүн уясы,
Турат нурлар асфальт жолду эритип.
Дайраларды бурбай койсок кызы
Баарын аптап кетип калмак жеп-ичип.

О, бул аймак Түштүк жери чалкыган
Ар бир бакча жашыл болгон тер менен.
Келген айдын, өткөн жылдын артынан
Бу табийгат акын оңой бербеген.

Жай саратан бекер жатпайт бүт элим,
Нурга, терге дене-бойлор жышылып,
Топуракка, сууга берип ишеним
Калкым Күнгө нанын жатат бышырып!

*1994-ж.*

## Сүйгөн калаам — менин Ошум

Сүйгөн калаам — менин Ошум,
Турасың алыс кетсем көздөн учуп.
Сагынам жапан туюк сагыныч менен
Эгерде көрбөй калсам көөдөн тытып,
Чырмалат көкүрөгүм азап жутуп.
Береке бүгүн сенде, —
Жемиштер базарыңда толуп турат.
Бир тилим коонуңду жеп тил жарылат,
Бир талы жүзүмүңдүн жанга кубат.
Дыйканың: — Алгыла, — деп талын сунат.
Үйүлүп дарбыздарың сай ташындай
Буркурап жийде жыты мурунду урат.
Өзүңдө дүйүм даамдын баарысы бар,
Салаалайт шактарыңан жүзүмзарлар.
Жүгүнөт чачын тарап мажүрүмтал
Шылдырап арыгыңдан тунук суулар...

Байлыгы ашып-ташкан куттуу жерим,
Түгөнбөс Мекенисин берекенин.
Дүйнөгө көз чаптырат мен билбеген
Каратат көп алысты сенин демин.
Сен Ошум ардактаган асыл шаарым,
Бир өмүр бир жашаган кутман жерим.

Адамга толуп ичи чайкананын,
Агылган элге толо бардык жагың.
Көкөлөп көктү карап теректериң
Көчөгө сөөлөт чачат ар бир талың.
Өзүңсүң сагынаарым,
Өзүңсүң сыйынаарым,
Өмүрүм бирге болду сени менен.
Өзүңө жылда келген —
Жай, кышыңды жашап келем!

Ар качан конок камын
Сен көрүп олтурасың.
Чайканада чайың белен,
Наавайыңда наның белен.
Мен кайсы тараптарга кетсем дагы
Сагынып көк чайыңды,
Сагынып ак наныңды —
Өзүңө шашып келем!

Жаңы туулган козудай өтө тумсак,
Көңүлүң ак, берешен жана жумшак —
Олтурат карыларың чайканада
Эки-үчтөн биригишип чайын ууртап,
Сөз козгоп окуядан өткөн-кеткен,
Айтылып аския сөз бир дуу эткен.
Өзүңдө канча тарых жашап жатат,
Канчасы алда качан чыккан эстен.
Атыңды дүйнө билет —
Бир көркөм, бир ажайып жер экенин!
Тарых билет —
Шаарлардын аксакалы
жана да карыясы сен экенин!

*1994-ж.*





## Колдосо экен аталардын арбагы

***(Майлыбашев Кочконбай иниме)***

О, Туулган жер, ушундай беле көктөмүң?
Бүгүнкүдөй тийди бекен көктө Күн?
Биз билбейбиз аталардын байыркы
Кандай доордо кантип жашап өткөнүн.

Эч билинбей алга карай шашканы,
Далай жылдар алга кадам таштады.
Бабалардын аттарын биз унуттук
Билбей калдык чоңатадан башканы.

Көп санаалар келет дайым көңүлгө,
Өткөн мезгил чыккан сымал төгүнгө,
Эл коргогон эрдиктери калбаган
Душман сүргөн кармаштары жөнүндө.

Кана мезгил бир орунда турса бу?
Өзгөрүлдү Жердин кара турпагы.
Бир дарактын бутагындай бөлүнгөн
Биз алардын бүгүнкү бир урпагы.

Өмүр — күрөш, анын арбын жолдору,
Канча коездук жасайт адам колдору.
Мени дайым кубандырат ар убак
Инилердин ишкер, жоомарт болгону.

Чимирилип тирүүлүктүн ийиги,
Өзгөрүлдү жашообуздун чийими.
Мени дайым кубандырат өзүңдөй
Инилердин ойлорунун бийиги.

Мындай күндө кимдин кими билинди,
Бул учурга жаштар керек билимдүү.
Келечекти көрүп турган апачык
Сезип турам кебездей ак дилиңди.

Артып барат милдетиңдин салмагы,
Элге тийген, журтка тийген жардамы.
Сенин ушул элдик залкар ишиңди
Аталардын колдоп турсун арбагы?!

*1994-ж.*

## Маркум Жолон досумдан кат

Түйшүк жок мурункудай,
тыптынч жаным,
Ыр жазбай калганыма кайнайт каным.
Эстеймин өткөн жаштык күндөрүмдү
Эсиме түшүралбайм кээде баарын.

Бул жакта билээр болсон бүтүн бекер,
Жетишет дүр-дүнүйө мага жетээр.
Камчылап кара жанды — акча дебейм
Ойлонбойм эртеңкини өтөөр-кетээр.

Эркинмин, өзүм билем кайда барсам,
Дапдаяр, кененчилик эмнени алсам.
А бирок кыйналамын ушунчалык
Кеч келип өз үйүмдө жалгыз калсам.

Азыркы Ата Журттун абалынан,
Ар убак келгендерден кабар угам.
Мындайда кенен ачып терезени
Дем алгым келет тоонун шамалынан.

Бул жакта шаардай эле айыл, элет,
Поездге түшөм дайым албай белет.
Ыр жазып чачтарымды тараш үчүн
Кубатын өз колумдун сезгим келет.

Негедир алсыз дайым эки бутум,
Сезалбайм эмнегедир жаздын кутун.
Сагынам куса болуп суунун үнүн
Андан да буруксуган гүлдүн жытын.

Билген он пенделиктин бардык чегин,
Кетирген тирүүлүктө катам менин —
Чындыкты бетке айткандан бөлөк эч бир
Күнөөм жок болуп чыкты!
Бейиштемин!

*1994-ж.*





## Бул дүйнөнү түшүндүрүү

***(Уулум Маликке)***

Билгин сен бул жашоонун аты-жөнүн,
Бержагы өмүр сүрүү,
аржагы өлүм.
Билбейсиң ак-караны ажыратып
Түбүнө жеталбайсың бу дүйнөнүн.

Тирүүлүк — улуу бакыт билгин балам,
Жаныңа толуп алган жакшы, жаман.
Ач калбоо үчүн дайым күрөшө бил
Чуркаган кыймылындын мааниси — нан!

Бул жагын өталбас чеп,
бул жагын — жар,
Бекиткен а бул жердин капканы бар.
Азабы арттан келээр, андан дагы
Жолундун сен басуучу тамандары тар.

Бөбөктүн оюну эмес, буга күлбө,
Эркиндик тирүүлүгүн,
а бул — түрмө.
Жанды жеп жалган айтуу, алдап алмай
Көбөйүп бара жатат ар бир күндө.

Теңирге сыйынамын десең эгер,
Үстүндө — Асман турат,
бут алдың — Жер.
Артыңдан көралбастык ээрчип барат
Ааламды колго алсаң да тегеренээр.

Көз көрөт сан миң гүлдүү, түркүн түстүү,
Ким алсыз ушул кезде, кимдер күчтүү?!
Билбейсиң!
Айкын нерсе — өмүр улук
Өмүрдүн, бирок арты өкүнүчтүү!

*1994-ж.*

## Тосой айылы

*(Жер көчкүдөн курман болгондорго)*

Зергерге жакын турган Тосой айылы,
Көөнүнө көп адамдын салдың кайгы!
Жүрөгүн уккандардын зырылдаттың
Көздөрдү булак болуп жаштар чайды.

Бир көрктүү айыл элең күндөй жарык,
Бир түндө көчкү алдына кеттиң калып.
Сен кеттиң бүт кыргызга бүлүк салып,
Бүтүндөй Алатоодон башыңды алып.

Эң алыс келбес жакка баары кетти,
50 жашка толбогон —
50 адамдын өмүрү өттү.
Артында алоолонгон турмуш калды
Панардай жанып турган көздөр өчтү.

Турмушта таңып алып бекем белин,
Айлантып бак-даракка бүтүн жерин,
Билдириш үчүн эртең бар экенин
Унчукпай күткөн болчу келечегин.

Түн ичи добуш бербей чакырыкка,
Тизилип тизме сымал бирдей сапка,
Кеттиңер бүт кырсыкты моюнга алып
Кайгылуу кабатталып топуракка.

Энелер үй-турмушту бекем туткан,
Гөөдөктөр бирден онго араң чыккан,
Баарыңар бир заматта жок болдуңар
Жаңырып дүңгүрөгөн кыйкырыктан!

Капырай, канча өмүрлөр кулап калды,
Канча адам кабарыңды сурап барды.
Алайды көргөндөрдүн көздөрү бүт
Элиндин бүтүп калды кулактары.

Жаз алды жаңы гана кыярууда,
Кырсыктан коога түштү кыялыма.
Атыңды Тосой айылы дүйнө билди
Жакшылык тилейли эми быягына?!

*10-март, 1994-ж.*





## Тазалык ыры

Булбул деген бир боз чымчык макулук,
Бирок анын бул ааламда — аты улук!
Анткени ал,
сан миң кайрык күүлөрдү
Кол башындай денесине
жүрөгү дайым батырып!

Бүт моокумун кандырат деп кулактын,
Назик күүнү ким тыңшабай турат тим.
Уккум келет жатып алып жаныңа
Шыңгыр үнүн тоодон аккан булактын.

Күүлөйм дайым сезимимдин кылдарын,
Бул менин бир дүйнөдөгү жыргалым.
Жандай сүйөм сансыз гүлдүн жыттарын
Шамал менен агып келип
мурунду өрдөп турганын.

Жаратылыш жандүйнөңдү дарылап
Турат дайым.
Ага баары багынат.
Булбул үнү,
булак ыры,
гүл жыты
Бизге чексиз кубанч берет ар убак.

Турмуш аттуу океанда
сүзүп барат кемебиз,
Сапар алыс, жол да узак чеңгис.
Неге мындай?
Булбул үнү,
булак ыры,
гүлдүн жыты
сыяктуу
Бирибизди бирибиз
кубанта албай келебиз?!

Назик көңүл жапан күчкө кордолуп,
«Чалынсын» деп жайганыбыз тор болуп,
Баратабы биздин гүлдөй сезимдер
Бүткөн сымал жараланып чор болуп.

Көөдөндө көп арман, кайгы капабыз,
Турмушта көп түгөнбөгөн катабыз.

Булбул үнү,
булак ыры,
гүлдүн жыты,
Жер боорунан оргуп чыккан булактай
Көкүрөктөн таза болбой жатабыз.

*1994-ж.*

## Илим дарагы

***(Жээналы Шериевге)***

Көп жол басып саратанда чаалыккан,
Бир дубана келе жатып алыстан,
Жол боюнда булакка ал токтоду
Эс алтууга бүт денесин талыккан.

Көп эл билет бул аңыздын баянын,
Суудан ичип эс алдырып аягын,
Кетээринде куран окуп ал жерге
Сайып кетет колундагы таягын.

Айлар өтөт күнду күндөр жетелеп,
Балдар өсөт кичинекей эселек.
Тамыр байлап дубананын таягы
Бир зор дарак пайда болот көкөлөп.

Жүргүнчүлөр эс алышып шаңданат,
Бул даракты ким тиккен дел таң калат.
Жол келатып чаалыкканды сергиткен
Бейиш жайга айланыптыр ал дарак.

Ошол дарак бүгүн да бар билемин,
Сансыз куштар тапкан андан түнөгүн,
Жерди жарып чыккан өңдүү ал дарак
Илим дагы жарып чыгат тамырлап
Талыкпаган илимпоздун жүрөгүн.

Билбейт эч ким тагдыр суусу кайда агат?
Турмуш жолу — ашуу, кыя, тайгалак.
Эл рухун көкөлөткөн зор эмгек
Түбөлүктүү эл кенчине айланат.

Бороондо учат эң кубаттуу канаттар,
Тоо дайрасы тосуу бербей агат шар.





Дал ошондой агып келди бу күнгө
Эчен жомок, дастан, тарых, санаттар.
Элден чыксын эргүү минген таланттар!
Чарчаганда, чаалыкканда
Элим келип эс алуучу
Эң көп болсун көлөкөлүү дарактар!

*1994-ж.*

## Барпынын ак батасы

***(Төкмө акын Таирбек Сатыбалды уулуна)***

Улуу акын Алыкулов Барпынын
Нуру калбай оту өчсө да көзүндө,
Алоолонгон асыл ойлор агылып
Турган чакта анын ар бир сөзүндө.
Жашы дагы алтымыштан ары ашып
Эл аралап ырдап жүргөн кезинде:
Бир жаш бала онго жашы жетелек
Ойноп жүргөн дили таза эселек,
Ырын тыңшап чыкпай анын жанынан
Жүргөн экен көчөлөрдө жетелеп...

Тагдырдын бул буйругуна карагын,
Сезгич, назик оюн билип баланын.
Эл алдында ак батасын бериптир
Көөдөнүнө тосуп тоонун шамалын:
— Таң желиндей таза тура жүрөгүн,
Жүрөгүнө сепкин ырдын үрөнүн,
Батам тийсин сөз өнөрүн урматта
Буга эч бир жоктур менин күмөнүм.
Калың журтуң кадырлаган акын бол
Омийин, анда орундалсын тилегин!

Андан бери көрдүк мезгил сырларын,
Алып учту учкул мезгил жылдарын...
Ошол бала — ал бүгүнкү Таирбек
Төгүп ырдап турган мында ырларын.
Жүрөк оту жанып турат жарчынын,
Ак батасы тийип улуу Барпынын,
Оозун ачса ыр нөшөрү төгүлүп
Элдик ырчы болуп турат калкынын.

Биздин жерде өнөрпоз көп миңдеген,
Бири чоорлоп, бири желдей бийлеген.
Жаагын жанган чечендер көп калкымда
Жаңылбастан жарым күнчө сүйлөгөн.
Бирок дагы төкмө ырчылык бул өнөр
Башы бардын баарына эле тийбеген.

Элди аралап барып калдык Аксыга,
Таирбекти коё бердик астыга.
Элге тынбай бир саат төгүп ырдады
Уккандардын ырга көөнүн мас кыла.
Айта берсе ар сөзүнүн жаны бар,
Андай жерде акын ыры жаңырар.
Таирбектин төкмөлүгү билинип
«Женижогум келгенби деп тирилип» —
Көздөрүнө жаш алышты карылар.

Акын ыры көңүлдөрдө жатталат,
Калкын алга баштап чыгат
алп талант.
Алоолонуп жарык чачкан саптарга
Адам билбейт, канча кубат сарпталат.
Мындай кезде айтылбаган ой учат
Ыр уккан эл бүт ыраазы болушат.
Акын баркын билгендер бар,
билбестер:
«Койчу аны» — деп колду шилтеп коюшат.

Акын элден кеткен эмес бөлүнүп,
Ырдап келет ар кай жерден көрүнүп,
Бирок ыры кайсы жерде ырдалса
Ошол жерге кала берет төгүлүп.
Зуулап өтүп жатат мезгил күндөрү,
Арман, ыйы, күлкү толгон күндөрү.
Бул турмушта зор канимет эмеспи
Калк ичинде таланттардын жүргөнү!

*1994-ж.*

## Жалгыздык

Беш кабат мен жашаган бийик үйдүн
Эшиктин кире бериш сол жагында,
Бош калган кичинекей участкага
Тиктим мен эки көчөт жаз алдында —





Бир түп бадам,
Жана да бир түп алма!

Зымырап күндөр учту, жылдар өттү,
Мурунку бош топурак жерге чөктү.
Асманды бирде булут каптап алып
Бирде кар, күн жылыса жамгыр төктү.
Жарышып мезгил менен тамыр байлап
Чатырап эки көчөт бийик өстү.

Жүгүрүп тиргилик деп адам пенде,
Түйшүктөн эч бошобой батат терге.
Ар жылы бадам менен алма дарак
Гүл ачып бажырайып, анан алар
Төгүштү ак гүлдөрүн кайра жерге.
Таңданткан бир ой болду анан менде:

Суу буруп топурагын майдаладым,
Көң төгүп түптөрүнө, кайра алардын
Жаз алды бутап, актап карасам да
Экөө тең эч бир мөмө байлабады.

Көргөнгө таң каларлык болду мунум,
Мен эми эң кеч билдим анын сырын:
Жалгыздан өскөн дарак шагын ийип
Эч качан мөмө бербей тургандыгын...

Өөдөлөп мына кара, барат жашым,
Жанында жүрсүн дайым кадырлашың.
Даракпы, ал адамбы, ким болбосун
Эч качан жубайынан айырбасын.

Көңүлүм кеч болсо да бир сыр билди,
Гүлдөткөн ар жаз алды эшигимди,
Жалгыздан өскөн алма, бадамдан мен
Сураймын башымды ийип кечиримди?!

*1995-ж.*

## Рыспайдын орду турат жоктолуп

***(Р. Абдыкадыровду эскерүү)***

Бул турмушта канча кадам таштадык,
Башка түшкөн кыйындыктан качпадык.

Турналардай учуп өтүп жатышкан
Өмүрдүн биз баркын биле баштадык.

Бу тагдырдын кээде болот кем иши —
Дайым эле келе бербейт жениши.
Абдан кыйын таң калтырган инсандын
Бул ааламга төрөлүшү, келиши!

Айтылуучу ар бир сөздүн сыры ушу,
Алатоолук элдин эң зор ырысы!
Канткен менен кыйын нерсе экен го
Эл ичинен таланттардын чыгышы.

Азаптуу иш ар кесиптин өнөрү,
Аткарылчу иштин арбын көлөмү.
Абдан кыйын калк рухун ырдаган
Эл адамы болуп жерге төрөлүү!

Андай жанга берет эл-журт сый, атак,
Атын атап кадыр тутат, сыйлашат.
Калк сыйлаган мындай эрдин көзү өтсө
Бардык журтун өкүндүрөт, ыйлатат.

Ажал тийсе андып аткан ок болуп,
Арман ичке толот кызыл чок болуп!
Кадырлаган калайык калк бар кезде
Анын орду турат дайым жоктолуп!

*1994-ж.*

## Жоокери кандуу согуштун

***(Баке Эшмамбетовго)***

Мекен! — деп күйүп-жандыңар,
Көзүнөн ичпей булактын.
Кызыгын көрбөй калдыңар
Кырчындай жаштык курактын.

Кас душман чыгып кайдан да
Ажалды беттен арбашып,
Жаштык кез калды майданда
Жалын, өрт менен алмашып.





Боортоктоп сойлоп өттүңөр
Европанын жарымын,
Берлинге чейин жеттиңер
Жеңиштин жагып жарыгын.

Тууган жер тосту кубанып,
Атыңар калып тарыхта.
Бастыңар алга туу алып
Калк үчүн жарап намыска.

Тынчтыктын далай таңы атты,
Мекен деп иштеп көшөрүп.
Кан майдан берген жарааттты
Келдиңер көп жыл көтөрүп.

Сыздатат жанды тийген ок,
Жоокердей дале бекемсиз.
Силерде эч бир калган жок
Эч акы бүгүн Мекендин!

*1995-ж.*

## Алоолонгон жаштык кезим кайдасың

Алоолонгон жаштык кезим кайдасың?
Кеткен белең акыл жетпес жайга чын!
Алыстатпай мен өзүңдү жанымдан
Апкалуунун таппай койдум айласын.

Атырчу элем жайдын аппак таңдарын,
Ай чырайлуу сулууларды жандадым.
Арзуу толгон ырлар арнап жүрөктөн
Алтын шакек колдоруңду кармадым.

Кулан тайдай кубалашып
табышкан,
Кайда күндөр коюн-колтук алышкан?
Көөдөй түндө жылт-жулт эткен от сымак
Көрүнөсүң эмне мынча алыстан?

Элестетип эркин тоонун булагын,
Эми сага кана электе кумарым,
Каптап кирип адаштырган тумандай
Кайда кеттиң, кайран жаштык курагым?!

Жайнап турчу анда талаа гүлдөрү,
Жадымда го жаздын кошо күлгөнү.
Айлуу түндө биз селкинчек тебишкен
Азыр кайда жайдын салкын түндөрү?!

*1995-ж.*

## Сөз мааниси

Байыркыдан сөз маанисин билебиз,
Сөз аркылуу кайгырабыз, күлөбүз.
Урпактардын дилин турган тазалап
Акылман сөз калса экен деп жүрөбүз.

Ок тийсе да көзөп аны өтпөгөн,
Замандардын бороонуна чөкпөгөн.
Түбөлүккө калуучу сөз болсо дейм
Сүрсөн, жуусаң өңү-түсү өчпөгөн.

Сөздөрдү угам самын сымал көбүргөн,
Сөздөрдү угам нөшөр болуп төгүлгөн.
Бирок анын болбосо эгер данеги
Кумга сиңген суудай өчөт көңүлдөн.

Сөздөрдү угам сакайттырган оорунду,
Сөздөрдү угам байлап турган колунду.
Улуу сөз бар түбөлүккө өчпөстөн
Жарык чачып турган басаар жолунду.

Махабаттын сөзү назик илептүү,
Ал аптаптуу, жылуу кумдай күнөстүү!
Ал сөз назик гүл сыяктуу үлбүрөк
Дайым турат титиретип жүрөктү.

Дос күйдүрүп айтат сөзүн ар убак,
Акылмандар турат оюн жаңылап!
Мындай сөздөр бүт дилинди тазартып
Илдеттерден турат дайым дарылап!

Сөздөрдүн да ноктосу бар, жүгөнү,
Сөздөрдүн бар чен-өлчөмү, үнөмү.
Биз сөздөрдү аспиеттеп, аздектеп
Сөз маанисин дайым билип жүрөлү!

*1995-ж.*





## Кыргыздын бир эр азамат уулу элең

***(Бекмамат Осмоновду эскерүү)***

Жакшылыгың жамгыр сымак төгүлгөн,
Баркын, баасын алган кыска өмүрдөн.
Сен кыргыздын эр азамат уулу элең
Башын тиги бийиктиктен көрүнгөн.

Калыс элең, катуу элең, курч элең,
Качан болсо калкка көңүл бурчу элең.
Илебинден чыгып турган сөздөрүң
Шыркыраган жалын болуп турчу эле.

Жарык жүзүң жадыраган эл менен,
Ар-намысты эч бир колдон бербеген,
Адам элең ариеттүү, ак ниет
Алыс учуп көккө канат сермеген.

Жоомарт элең жок дегенди билбеген,
Акылдуу элең адам сырын иргеген,
Эл-журтум деп согуп турчу жүрөгүң
Ак эмгекке көп жаштарды үндөгөн.

Көп кызматты өз башынан өткөрүп,
Элдик иштин өөдө-ылдыйын көп көрүп,
Көзүң өттү...
          Карапайым калкыңдын
Кала берди бир капталы бөксөрүп.

Эчен жолу элинди алга сүрөдүң,
Эссиздердин көп сөзүнө жүдөдүң.
Калкың тарткан кыйындыкты бүгүнкү
Көтөралбай калды бекен жүрөгүң?!

*2-ноябрь, 1997-ж.*

## Жазуучу-акындардын ал-абалы

Майсыз калган мотордой турган токтоп,
Же суу жетпес саргайган даракка окшоп,
Жазуучулар уюму өгөйлөндү
Чиновниктер теңине алышкан жок.

Чындык сөздөн башка бир акыл барбы?
Жазуучу-акындар бүт жакырланды.
Эске алышпай коюшту эмнеликтен
Эл рухун көгөрткөн акындарды.

Чертилбестен илинген болдук комуз,
Элге жетпей калууда сырдуу добуш.
Калк дилинде жаңырып турган үнү —
Кыйын болду жазмакер инсан болуш.

Чобур чыкты, күлүктөр артта калып,
Күйкө учту куш сымал канат кагып.
Ырайымсыз рынок заманында
Рухубуз баратат жакырланып.

Көңүлдөргө көп орноп кара тактар,
Көркү качты көрккө бай гүлзар-бактар.
Үй-сүргүнү болушту Токтогулдар
Той башкарып калышты Арзыматтар.

Дале акынбыз, калбадык жалын, отсуз,
Ач калбадык курсактан эптеп токпуз.
Чыгармалар чыкпастан калса деле —
Тирүү бойдон жүрөбүз, өлгөн жокпуз?!

*1997-ж.*

## Туулган жерди сагынуу

Туулган жер — шиберинди аралап далай баскам,
Созулуп жаткан талааң өмүрдө бүтпөс дастан.
Сууларың шылдыраган ыр ырдап төмөн аккан
Ажайып көркүң жүрөк — көөдөндө согуп жаткан!

Туулган жер — элесиң бүт карекке чөгүп калган,
Жылтылдап асманында жыбырап жылдыз жанган.
Кырларың, адырларың көрүнөт артык жандан
Өзүңдөн алыстыкта ичиме толду арман.

Туулган жер — сага деген сагыныч көөдөн тилди,
Барам деп санаа тартып болжодум канча күндү.
Жеталбай канат кагып өчүрүп үмүтүмдү
Кайгырып кусалыктан көп эздим жүрөгүмдү!

*Сентябрь, 2000-ж.*





## Сурануу

Ыр жазбай калган элем көптөн бери,
О менин өмүрүмдүн кеменгери —
Сен элен П о э з и я м арзуу толгон
Ойготчу түнкү уйкудан кайра мени?!

Көп күнгө күнөөсү жок жазаладың,
Көөдөндө сырларымды жазалбадым...
Азыңкы менин чөккөн маанайымды
Азаптан акыр-чикир тазалагын!

Билбедим — оорумунбу, тазамынбы,
Кайрып бер кайра мага — казалымды!
Сан-түркүн санааларга бата берип
Саргайдым көтөралбай азабымды.

Арнайын Ата Журтка жаңы ырымды,
Кайтаргын жаш чактагы калыбымды.
Ааламга ал жеткенче чачайын мен
Кайра бер алоолонгон жарыгыңды!

Суранам, П о э з и я м бергин кубат,
Оргуштап жүрөгүмдөн аксын булак.
Кем болсо махабатым — арзуу бергин
Кайрылып келсин оттуу жаштык курак.

Оорусам ден соолукту кылгын белек,
Ойлонуп сыр түйүнүн тапкым келет.
Алдыга жетелечи кыйыктанбай
Акындык «өлүмүмдөн» мени алып кет!

*2002-ж.*

## Ош шаарым

Манастын таманы тийген жер,
Баатырлар баштарын ийген жер.
Бата алып кылымдык кызырдан
Бабурдай даанышман сүйгөн жер.
Көрк берген мажүрүм талдарың
Көөнөрбөс жаштыгым — Ош шаарым!

Аталар таптаган тулпарын,
Ааламга бой урган урпагын.

Алдыга төгүлүп жемишин
Алтындан жаралган турпагын.
Берешен, мээримдүү дыйканың
Береке даарыган — Ош шаарым!

Жаңырып гүлзарга келбетин,
Жасанып жаштарын эр жетип,
Жагымдуу жазы бар, жайы бар
Жаштыктын жарк эткен бермети.
Дайыма күтүнгөн мейманын
Достуктун символу — Ош шаарым!

Жазалек жадымда казалым,
Жайнаган ак нанга базарын.
Суктантат дүйнөнүн адамын
Сулайман тоосундай мазарым.
Көргөндүн таркаткан кумарын
Көп кылым жашагын — Ош шаарым!

*Март, 2003-ж.*

## Аруу тилек

***(Эмил Касымалиевге)***

Көп жыл өттү тааныш болуп билгенден,
Түшүнүштүк көз караш, көз ирмемден.
Татаал күндө талбай иштеп келесин
Бул жашоонун агымында бир келген.

Көнүлүн ак аны жакшы билемин,
Аруу көнүл, аруу максат, тилегин.
Назар таштап сен аткарган иштерге
Көнүл бөлүп көп кубанып жүрөмүн.

Адамдардын биз байкадык канчасын,
Батыралбай жүргөн дүйнө, акчасын.
Алардан сен Асман, Жердей айырман
Алардан сен өзгөчөсүн, башкасын.

Билем, мындан башталаарын улуулук,
Көчөлөрдүн көркүн ачып сулуулук,
Сен башкарган бирикменин кышынан
Сандаган көп үйлөр жатат курулуп.





Аштын минтип бир өмүрдүн белесин,
Мекен үчүн тынбай иштеп келесин.
Ар убакта сезип турган дилинди
Адамдык зор сапаттарга эгесин.

Дилиң таза, баскан жолуң аруу жол,
Ошол жолдо ар убакта аман бол!
Алмустактан бери карай келаткан
Аталардын басып өткөн жолу ошол!

*Март, 2001-ж.*

## Сокем дале жаш жигиттей күчүндө

***(Сооронбай Жусуевдин***
***80 жаш курагын куттуктоо)***

Мекениме душман согуш ачканда,
Курал алып жоону беттеп атканга
Аттандыныз жоокер кийимин кийинип
Алаамат күн элге түшүп жатканда.

Душман кирди тыптынч элге катылып,
Ок жаадырып замбириктер атылып,
«Алга бас!» — деп кыргыздарды үндөдүн
Алатоону жаныткан бул чакырык!

Аска-тоодой бийик экен бактыныз,
Жениш менен туулган жерге кайттыныз.
Автоматты алмаштырып каламга
Ак кагазга жүрөк сырын айттыныз.

Дыйкан өндүү иштединиз чечинип,
Дын бузулуп ойлор жаады эшилип...
Түшүмүнүз талааларда ыргалды
Түнү-күнү бапестеген жетилип.

Мекеним деп кээде көнүл түйүлдү,
Кылымдарга кыргыз элим сүйүндү.
Кыркаланып кырдай болуп бийиктеп
Кырманыныз кызыл данга үйүлдү!

Саптар жаады асыл ойлуу кеменгер,
Сансыз болду «Дыйкан акын» дегендер.

Шакирт түшүп өсүп чыкты канча жаш
Ал кырмандын ак нанынан жегендер!

Мен да бүгүн келем мындай бүтүмгө,
Сокем дале жаш жигиттей кучүндө —
Быша берсин эгиниңиз ыргалып
Кырманыңыз толо берсин түшүмгө!

*2005-ж.*

## Жашай берет эмгеги

*(Толомүш Океевди эскерүү)*

Океев деп атын уккан кезимде,
Өзгөчө бир дуушар болом сезимге,
Алатоонун ажайып кооз жерлери
Айталаасы элестелет көзүмдө.

Алп аскалар Асман бетин тиреген,
Ак карлуу тоо кайберени түнөгөн,
Адыр, бели, ашуулары булутчан
Аяз суугу таштын мизин бүлөгөн.

Аздектедик Ата Журтту сүйүүнү,
Ай чапчыган аргымактар үйүрү,
Толкуп жаткан,
чалкып жаткан Ысыккөл
Ушундабы тирүүлүктүн түйүнү?

Тоонун калкы — катаал санаа-салты бар,
Унутпастан урпактарга калтырар,
Ак-каранын айыгышкан кармашы
Адам пенде ар убакта тартылар...

Мунун баарын адам уулу билдиби? —
Ачкөз дүйнө айткан болчу кимдигин.
Ачык-айкын бүт ааламга жар салды
Адам менен Табийгаттын бирдигин.

Кымбат нерсе жарыктыкка төрөлүш,
Төрөлгөн соң урмат-сыйга бөлөнүш.





Бүт жер жүзүн таң калтырды Океев,
Бүт элдердин уулу болду Төлөмүш!

Ал өзү жок, бирок анын эмгеги,
Адам уулу турган кезде жердеги,
Унутулбай жашай бермек түбөлүк
Сыймык менен атын атап эл-жери!

*2005-ж.*

## Ата Журт деп согуп турат жүрөгүң

*(Орозбек Акимбаевге)*

Жаш кезинден мен жакындан билемин,
Жаркын эле максат, оюн, тилегиң.
Ар-намысты бийик тутуп ар убак
Ата Журт деп согуп турат жүрөгүң!

Акыл сөзүн угуп өстүң атанын,
Кийгениң жок жетишпестик чапанын.
Комсомолдон тарбия алып жетилип
Жакшы жактан элге жетти атагың.

Коомдук иште коркпой батыл иштедиң,
Тез кабылдап талап менен иш жөнүн.
Бардык жерде төбөң бийик көрүндү
Майлуу болду, жайлуу болду үстөлүн.

Кыйын учур, кыйла көөнүм бөлүнөт,
Кызмат тийди мурункудан жөнүрөөк.
Эгер өкмөт иштеп бер деп чакырса
Мекениме пайдан тиймек көбүрөөк!

Байкап турам замандын бир бөлүгүн,
Буларды ойлоп ордунда эмес көңүлүм:
Милдет тагып пайдаланса тартынбай
Бермек элге күч-кубатын, өмүрүн!

Элге иштеп, элден угуп кеңешти,
Эмгек менен ашып өттүн белести.
Эл адамы болуп элде жүргөнүң
Эл ишенип берген баасы эмеспи!

*Апрель, 2003-ж.*

## Ар-намыстуу ачык, айрым иниме

*(Тайлакбай Мусаевге)*

Мезгилдин бул албуут, өктөм сүрүндө,
Мени эргиткен көп күндөрдүн биринде —
Инсандык бир улуулугун баалаган
Иним менин жашап жүрөт дилимде.

Урмат кылат баарын тегиз билемин,
Ууз сыяктуу таттуу ага тилегим.
Таамай иштеп, таза жүрдү ар убак
Тактыгына жоктур менин күмөнүм.

Билим алып белдүү чыкты жашында,
Эл башкарып калктын болду башында.
Кайда барса кадыр-баркка ээ болду
Сөз кошподу калк каалабас жат ырга!

Ата-эненин тарбиясын көргөнү,
Ак эмгекке салды дайым төлгөнү.
Ар убакта калыс сүйлөп, бетке айтып
Мансап үчүн элди экиге бөлбөдү.

Ар-намыс деп алга чыгып бир өзү,
Аны колдоп ал тургай үй-бүлөсү,
Ар убакта ачык-айрым сөз айткан
Ар адамды тартып турат мүнөзү!

Ал Тайлакбай жалпы журттун кулуну,
Аска-тоодой албан калктын уругу.
Качан болсун кабагы ачык жаркылдап
Урмат кылат аял-эркек, улууну!

*Июнь, 2004-ж.*

## Тарата бер маданият жарыгын

*(Акун Токтосартовго)*

Акун иним, куттуу болсун курагын,
Ажайып жер сен төрөлгөн турагын.
Акыл менен эмгек кылып элине
Ар кыл иштин тетиктерин бурадын.





Качан болсо калк милдетин аткарып,
Канча дагы жамааттарды башкарып,
Калың журтка башың эрте көрүндү
Кадыр-баркын кайкып учту дансалып!

Улуулукту улуулардан уладын,
Улут үчүн үмүтүндү курадын.
Ушунчалык ар-намысың күчтүү экен
Угуп алып мен кубанып турамын.

Намыс-арды бийик койдун баарынан,
Нарк-санатты эч чыгарбай жадыңан,
Нечен ирет маданият ишинин
Негизин сен түзүп койдуң жаңыдан!

Тоодой бийик элге кошкон салымың,
Талант жактан талыбасын арымың.
Таңкы чолпон жылдызындай чачырап
Тарата бер маданият жарыгын!

*Октябрь, 2002-ж.*

## Сегиз саптар

Кыйынмын деп мактанба эл алдында,
Сенден да кыйындар бар билсең мында.
Оозунан эр жигиттин чыккан бир сөз
Айтылат эл оозунда сансыз жылга.
Кыйынга кыйындардан кезек келет,
Эртеңкини бүгүнкү күндөр жеңет.
Айтылган сөз оңунан чыкпай калса
Элинде лакап болуп кала берет.

* * *

Билгенге Өмүр деген — бир узун жол,
Ал жолдун жан-жагында кызыгы мол.
Ал жолду ким кандайча басып өтөт
Ар качан баш катырат ушул собол.
Өтүшөт жанкечтилер, жалганчылар,
Ууру бар, ушакчылар, алдамчы бар,

Ушул жол — бирөөлөргө кенен, узун
Ушул жол — бирөөлөргө эң кыска, тар.

* * *

Ааламда күндүн нурун баары сүйөт,
Нурлары бардыгына тегиз тиет.
Жер бети кубат алса күн көзүнөн
Адамзат жер бооруна башын иет.
Тоолору, өзөндөрү бизге жомок,
Учса да канаттуу куш жерге конот.
Биз үчүн Күндүн нуру өмүр болсо
Биз үчүн Жердин боору жаннат болот!

* * *

Адам коомун баккан нерсе — топурак,
Анда көп сыр жашырынып олтурат.
Күн жылымдап кирген кезде жерге тап
Миң бир түркүн чөптөр өсөт топурап.
Түркүн тамыр тилге кирет жашынган,
Түрлөрү көп сенин өскөн чачыңдан.
Анкып турса ар башкача гүл ачып
Ар биринин атын таппай башың маң.

* * *

Өмүр үчүн мезгил тилсиз безери,
Келет бир күн эң акыркы кезегиң.
Өлүп-талып жыйнап койгон мал, дүйнөң
Өзүң үчүн — каткан малдын тезеги.
Кезек келсе көз чачырап эстейсиң,
Тирүүлүктүн кызыгынан четтейсиң.
Жандан артык көргөн бардык нерсеңдин
Бирин дагы гөрүңө ала кетпейсиң.

* * *

Өмүр өтөөр, байка, бирок артыңды,
Балдар калаар билген кадыр-баркыңды.





Сенин кандай адамдыгың тууралуу
Жомоктошуп ырдап чыгаар канча ырды.
Кары-жаштар топтолушса кайсы убак,
Караңгыда калкып чыккан Ай сымак,
Канча жылга эл оозунан түшпөстөн
Жакшы жагың унутулбай айтылат.

* * *

Тирүүлүктү сездим ар бир кадамдан,
Үлгү албадым ачкөз, арам жамандан.
Мени кимдер кандай көрүп турушса
Дал ошондой момун, жумшак жаралгам.
Бул мүнөзүм өмүр бою калбады,
Канчалары калп айтышып алдады.
Бул мүнөзүм көрүнгөнгө ишенген
Кайра мага тийип келет жардамы.

* * *

Мен көктө эмес тийип турган таманым,
Жерде элемин — ишенбесең карагын.
Күндүн нуру синип калган бооруна
Мен кубатты Жерден гана аламын.

## Эркин саптар

Дүргүдү тамырымда аккан каным,
Негедир кетип турат бүгүн алым.
А денем салмактанат коргошундай
Билинбей уюйт далым.
Шарактап тыным билбей,
Караңгы коюу түндөй,
Жашоонун көйгөйүндөй туш-тарабым.
Кароосуз чалдын ыйы сыяктанат
Ар күндүн күтүп жаткан аппак таңым.

* * *

Сагызган сактыгынан кыйтыр учту,
Жалпаңдайт мээлегендер көөдөн тушту.
Кечээки «чала молдо дин бузарлар»
А бүгүн «менмин» дешип кыйкырышты.
Көрбөстөн кол-бетине жуккан ышты
Туйбастан күз мөмөлөп турарлыгын,
Сезбестен келе турган ызгаар кышты
Мезгилсиз «менмин» дешип кыйкырышты.

* * *

Ар убак тунук бойдон турат асман.
Канча көп кыйындыктар өттү баштан.
Сапарга чыккан билет,
Азабын жолдун баскан.
Бийиктин сырын таанып,
Жүк менен чарчап-арып дабан ашкан.
Доско да, каска дагы
Ар убак тунук бойдон турат Асман!

* * *

Аалам кең, адам анын чаңы сымак,
Бороону уйгу-туйгу аны учурат.
А бирок биз пенделик жорук жасап,
Кыйкырып күткөнүбүз — бийик дымак.
Мындайда жолдон чыгат,
Болбосо бийиктиктен түшөт кулап.
Ааламдын кенендигин,
Бу жердин бейпилдигин,
Көр пенде кайдан билип, кантип туят?
Аалам кең — адам анын бүрү сымак.

* * *

Татаалдап заманыбыз барат улам,
Ороду туш-тарапты кара туман.
Ой-тилек биз көздөгөн кыйрады бүт
Бөгөлдү жолдорубуз бара турган.
Бирине бакыт берип,





Биринин тилеги өлүп,
Адамдын тагдыры оор жаратылган.
Ар жактан кырсык каптап
Жолунан адаштырат кара туман.

* * *

Турмушта жолукkансып алтын кенге,
Көнүлдү бурат дайым дүйнө, теңге.
Күйпөктөп чуркап жүрүп билбей калат
Өмүрдүн өткөндүгүн бу көр пенде.
Арымдап баскан эчен,
Издериң калаар бекен, —
Таманың таптап турган кара жерде?!
Күйпөктөп билбей калат
Өмүрдүн өткөндүгүн бу көр пенде?!

*2003-ж.*

## Эки жаштын аруулугу

Бул өмүр — кээде күүгүм, кээде жарык,
Чындыкты кабылдайбыз башты салып.
Кайгырып басып жүрдүм отуралбай
Кеч жеткен бул кабарды угуп алып.

Тагдырдын башка түшкөн бул эмнеси?
Бир жерде болбойт тура акыл-эсиң.
Жүрөгү сокпой кайтыш болду дешти
Ардактуу агабыздын небиреси.

Жигиттин он тогузда кыйылганы,
Армандуу ата-эне үчүн кыйын дагы.
Айрыкча ага жакын адамдардын
Азаптуу аккан жашы тыйылбагы.

Жашоонун сырлуу түйүн, жашынмагы,
Көп бирок, кыйын анын ачылмагы.
Таңгалтты Канатым деп Заринанын
Кыйганга өз өмүрүн батынганы.

О мындай трагедияны кимдер көргөн?
Айрылуу азап жандан жүрөк сүйгөн.

Кайгыны көтөралбай калды бекен
Жаш кыздын назиктиги үлбүрөгөн.

Тирүүлүк кымбат нерсе ар адамга,
Бул чындык — жомок болот ар бир жанга!
Бир өскөн эки жаштын арзуулары
Таратты тазалыкты бул ааламга.

Жараткан ажалдан да улуулукту, —
Бир өскөн эки жаштын арзуулары
Туулган жер топурагың мынча куттуу!
Таппайбыз жер боорунан бүгүнкү күн
Эки жаш ала кеткен аруулукту!

*Март, 2003-ж.*

## Жапжашыл жаннат болуп калса керек

***(Канат менен Заринаны эскерип)***

Эң ыйык махабаттан берген кабар,
Саадинин ашыгына айтканы бар:
«...Ашыгым, көрсөм баскан издеринди
Көөнүмө эргүү толуп жүрөк жанаар.

Уксам мен кабарынды — келгин! — деген,
Чөл басып, чыргай кечип жетээр элем.
Карабай учураган тоскоолдукка
Өтмөкмүн ийненин да тешигинен.

Бир жүргөн бул ааламдын бардык жагы,
Мен үчүн азап-ыйы болмок дары.
А бизге кудук ичи жаннат болмок
А зындан — гүлдөгөн бир жаздын багы.

Айтылып бүтпөс нерсе сүйүү күчү,
О анын жомоктолот көргөн түшү...
Жапжарык бир ыйык жай болуп калмак
Экөөбүз катар жаткан гөрдүн ичи»...

Аралап ай-жылдарды, кесип чекти —
Байыркы бул махабат бизге жетти.
Окуган биздин күндүн адамдары
О, мындай арзуу азыр жок, жок, — дешти.





Бүгүнкү чен-өлчөмдү кырча кесип,
Ак сүйүү бардыгынан ыйык дешип!
Эки жаш учуп өттү таң калтырып
Махабаттын улуулугун далилдешип.

Ойлонуп ойго батып илкип келем,
Ашыктык ушунчалык аруу белең?
Артынан сүйгөнүнүн жанды кыйган
Таң калам, кандай арзуу эмне деген?!

Канаттын өлүмү үчүн кыйган жанын,
Арзуусу көлдөй терен Заринанын.
Жандырып жүрөктөргө кетишти экөө
Сүйүүнүн түбөлүккө өчпөс шамын.

О алар ачылышкан гүлдөй болуп,
Кош үндө сайрашаарда бакка конуп,
Кырчындай курагында мерт болушту
Эми алар ааlam кезет жомоктолуп.

Чынында бүтпөс дастан сүйүү күчү,
Ажайып гүлбакчадыр көргөн түшү.
Жапжашыл жаннат болуп калса керек
Жанаша экөө жаткан гөрдүн ичи?!

*Ноябрь, 2003-ж.*

## Акындардын кайгысы

Биз акынбыз жаралгандан бир жүрөк,
Ал жүрөктө — ааlam жаркып, Күн күлөт.
Мекен деген бир улуу сөз жүрөктүн
Ар бир соккон ирмеминде бир жүрөт!

Өмүр жолу — ар багытка таралган,
Түркүн жорук-жосунду күт адамдан.
А бирок да чыныгы акын жүрөгү
Туулган жердин турпагынан жаралган.

Карап, талдап ак-караны айрычы?
Дилден өтөт Ата Журттун жай, кышы!
Кайсы жерге кайгы түшсө капилет
Ал акындын айыкпаган кайгысы.

Акын жүрөк ар кырсыктан жаза алат,
Ар бир күндү өткөрсөм дейт адал, ак!
Кайсы жерде кан төгүлүп ок учса
Ал акындын жүрөгүнө кадалат!

«Бейпил турмуш элде болсун ар убак!» —
Деген тилек көөдөнүндө кагылат.
Кайсы жерге бомба түшүп жарылса
Ал акындын жүрөгүндө жарылат!

*Декабрь, 2003-ж.*

## Рыспайдын акыркы ыры

Мен турмушта күйүп-жанып жашадым,
Кыска болду, кыйын болду сапарым.
Махабатты күүгө салып талыкпай
Жылдыз сымак жарык жанды атагым,
Элим дедим, жерим дедим,
Алоолонуп дегдедим!
Өмүр кыска, бул турмушка
Жыргаш үчүн келбедим!

Тирүүлүктүн көрдүм ийри, бүктөмүн,
Сулуулукка арбалышты бүт демим!
Мен жүрөктү жара тилип дүйнөнү
Махабаттын көзү менен тиктедим.
Канат кагып,
Аба жарып,
Көккө канат сермедим.
Жашым акты,
Күч-кубатты
Мага Кудай бер дедим.

Мен турмушта азаптуу жол тандадым,
Кыйын күндө көрдүм элдин жардамын.
Көкүрөктүн чыгаралбай ышкысын
Дагы айтылбай ичте калды арманым.
Менин жалгыз,
Унуталгыс
Муза болду эрмегим.
Ырдаш үчүн,
Ыйлаш үчүн,
Бул Ааламга келгемин!

*Июль, 2004-ж.*





## Туулган жердин элеси

Жетимдиктин зары менен балалык
Өттү-кетти.
Жакшы күндү самадык.
Кубанычы, кайгысы тез алмашып
Көңүл куунак күндөрдү аз санадык.

Көйнөк кийдик жеңе-жакасы түлөгөн,
Жан болбоду жакшылыкка сүрөгөн.
Жанды бактык жайы-кышы термелеп
Жат сезимдер калды башта түнөгөн.

Ак мектепке атаар таңда каттадык,
Агайлардын тапшырмасын аткарып...
Бригадирлер айдап кетчү жумушка
Бирин койбой бүт мектепти башкарып.

Турмуш жүгү моюнга тез артылып,
Онду бүттүк зор максатка тартылып.
Армияда, ар кай жерде иштедик
Агындыдай жээкке урунуп чарпылып.

Өмүр өзү бар, же жоктун кырында
Көп жыл иштеп суу жеткенде мурунга,
Окуймун деп кеттим борбор калаага
Оңой эмес жолго түштүм чынында.

Мезгил анда бизди алыска чакырган,
Күндөр болду таңды аппак атырган.
Сырты жалган коздуктарга алданган
Жалаң жалган убадага сатылган...

Биз өмүрдүн аштык далай белесин,
Тирүүлүктүн миндик азоо кемесин.
Кайсы жерде кадам таштап баспайын
Карегимде туулган жердин элеси?!

*Июль, 2004-ж.*

## Эне тилим

Эне тилден эргүү алат бүт денем,
Ал жаралган эмчектеги сүт менен.

Башаты анын булак болсо оргуган
Деңиз болду анын чеги бүтпөгөн.

Ал тоолордон суудай агып салаалап,
Кылымдардын кыйырларын аралап,
Дос көңүлүн таң аткандай тазартып
Душман дилин турган уудай жаралап.

Бул тил менен жардык жазган хан үчүн,
Ыр ырдашкан ашык жарлар жар үчүн.
Сакталсын деп кийинкиге баатырлар
Таш бетине тамгалашкан тарыхын.

Ушул тилде улуу «Манас» ырдалган,
Укмуш жомок, дастан, санат, ыр калган.
Канча элдердин кетти тили жоголуп
Эне тилим өттү кылым, жылдардан.

Тарых билет көчмөндөрдүн тилинде
Жер аттары — Алтай, Монгол, Сибирде...
Атилланын буйруктары жаңырган
Шам, Мисирде, Египетте, Римде!

Эне тилим турган дайым өрүлүп,
Өзгөчө бир өмүр тили көрүнүп.
Бир жумалап турган акын ырлары
Боз үйлөрдө нөшөр болуп төгүлүп!

Керүүлөргө ат, улоосун байлаган
Элге келип келин-кызы жайнаган,
Жеңижоктор, Токтогулдар, Барпылар
Ушул тилде булбул болуп сайраган.

Эне тилим бакыт берген жалпыга,
Ушул тилде салт кошулган салтыма.
Эне тилин кимдер чанса барктабай
Ал жакшылык кылбайт кыргыз калкына!

*Сентябрь, 2004-ж.*

## Не эрте келип алдың быйыл, күзүм?

Не эрте келип алдың быйыл, күзүм?
Каптады бопбоз ыраң жердин жүзүн.





Кызылга өрүкзарды койдуң сырдап
Не эрте келип алдың быйыл, күзүм?

Эрте-кеч чыйрыктырып дене-бойду,
Камылга жокто башка кайгы салдың?
Негедир ар бир күнүң — терең ойлуу
Не эрте быйыл күзүм келип алдың?

Күбүлүп бак-дарактын мөмөлөрү,
Отолду бутактары мажүрүмталдын.
Агарды кыроолорго өзөн төрү
Не эрте быйыл күзүм келип алдың?

Жаргактай чабындынын өңү качып,
Жакындап келаткансыйт жыты кардын?!
Дайралар арыктады турган ташып
Не эрте быйыл күзүм келип алдың?

Негедир баданбоюм сайгылашып,
Кан качып бопбоз тартты кызыл жүзүм.
Сарсанаа сагалады ашып-ташып
Не эрте келип алдың быйыл, күзүм?!

*Сентябрь, 2004-ж.*

## Айбанаттар багында

Жаныбарлар багылган жерге келдим,
Жашайт экен айбанаттар багында.
Жапайы бир аң-сезим агып турат
Ар биринин тамырында, канында.
Темир торго асылып ойнойт маймыл
Бактылуу болсо керек деп ойлодум
Дарактан дарактарга
Секирип эркин жүргөн чагында.
Ал эми булардын жанында
Төөкуш, тотукуш, үкү, дагы башкасы,
Конолгодо бүркүт мундуу олтурат
Саяпкерсиз жемдеп колго таптачу.
Аркар, кулжа, жана да бар тоо эчки
Алардын жок аңыз кылган аскасы.
Андан ары чөө, түлкү, карышкыр, кашкулак,
Жей турган эти жок баарынын
Калыптыр карды ачып алсырап.
Көздөрүндө муңайым сагыныч бар

Келгендерге карашат жалдырап.
А тигинде тынымсыз басат жолборс,
Жолборстун жолу катуу андап болбос!
А жанында ой басып турат арстан,
Үстүнө көмөрүлүп түшкөн асман.
Бир өрөөндүн падышасы эмес белен?—
Азырчы, бир айбансың бактың качкан!
Өткөрүп ар бир жылдын күнүн, айын
Бардыгың армандуусуң! — о бул дайын!
Кыргыздын бир акынын кайгылантат
Капастагы силерди көргөн сайын.
Силерди даңктап ырдап жүрөрүм чын,
Бирок мен АЗАТТЫК БЕРАЛБАЙМЫН!

*Сентябрь, 2004-ж.*



# ПУБЛИЦИСТИКАЛЫК ОЙ-ТОЛГООЛОР



## Курманжандын эрки, эрдиги, кайраты

Өткөн кыйын замандарга элимдин
Тагдыры оор туюктарга капталган.
Эр жигиттер элдин коргоп намысын
Аттан кулар, ат жалынан кан тамган.
Ошондо да датка энебиз Курманжан
Мүңкүрөбөй башка түшкөн кайгыга
Акыл менен жети шаарды башкарган.

Тебеленип Ош, Анжиян калаасы
Ичке толуп турган кезде санаасы,
Каргашага кезиктирген энени
Бул тагдырдын катаалдыгын карачы?!
Моюнуна бир сыйыртмак илинип
Дарга алдында олтурганда
Камчыбектей баласы, —
Кара аргымак минип келип
Токтой калып топтолгон эл кашына
Айткан экен:
— Көтөр башты кулунум,
Жалгыз ирет өлүм келет
Эр жигиттин башына!
Эмнеликтен сабырың суз мынчалык? —
Эл милдетин өтөп жаткан жигитке
Коркунучу өлүмдүн
Болуп калат кылчалык!
Бир жаныңды чапкын элге садага
Арбагыңа сыйынат эл-журт барып!
Сен анткени карапайым калкыңды
Кыргындардан баратасың куткарып!

Кара аргымак ортолукта ойдолойт
Качырата чайнап тынбай суулугун,
Алп денесин карап туруп уулунун
Жүрөк күйүп турса дагы буулугуп,
Душмандарга көздүн жашын көрсөтпөй
Казганактап турган элдин ичинен
Чыгып кетет суурулуп!

Дал ошондо карап турган
Токсондогу карыя





Көздөн жашын төгүп-төгүп
Элге айтыптыр мындай сөздү жарыя:

— Мен учуна жетпей калдым санаанын,
Эне үчүн күйүтү зор баланын!
Мындай эрктүү аялды мен
Бул жашкаче көрбөгөм.
Инсанбыз деп жүрүптүрбүз карагын.
Бул аялдан көрүп турдум —
Бийиктигин тоолордун,
Көз жетпеген мейкиндигин талаанын!
Улуулукту көрө билүү эң абзел,
Мындай жандын кадырына жеткен эл
Бак-таалайга, урмат-сыйга бет келээр.
Жетпеген эл —
Кайгы-шордун капасына кептелээр!
Таштагыла бул жорукту, — деп айтыптыр карыя
Бириңерден бириңерди шектенээр!

Андан бери көп доор өттү
Таңдар атып, кечтер кирип, ай чыгып,
Капсаландуу күндөр менен
Келди тынчтык жайчылык.
Токсондогу карыянын ошондогу сөздөрү
Эл ичинде дале жүрөт айтылып.

Бирок билбейм ушул сөздүн
Баасы канча экенин,
Биздин улут максатына
Качан, кантип жетээрин.
Байлык,
Бийлик,
Мансап үчүн
Кармашкандар дартынан
Алсырады аргасыздан
Касиетүү Мекеним!

Ойлонушсак,
Кыйындыктын табылат бир айласы,
Капкан чапкан карышкырдын
Канча сүрдүү айбаты!

Ыйман качып тукулжурап турганда
Бизге керек датка Эненин —
Эрки, Эрдиги жана дагы Кайраты!

*1994-ж.*

## Токтогулдун арманы

***(Тууганбай Абдиевге)***

Улуу акын Токтогулду
Жан-жагынан полицейлер кайтарып,
Кычыраган кышкы аязга чайканып,
Он жыл ашык жатса дагы түрмөдө
Катаал кордук — акын эркин
Кеталбаган майтарып!

Жашы өтсө да канат бүтүп канатка,
Эргүү берип кайталанбас талантка,
Олтуралбай өз үйүндө байланып,
Келген экен Аксы, Анжиян тарапка.

Жолуккандар сурашыптыр жабылып:
— Токо, мунун болуптур го жанылык!
Аттаныпсын алыс жолго
Калган кезде карылыкка багынып? —
Акын Током жооп бериптир ошондо:
— Эл-жеримди калдым мен, — деп, — сагынып!
Андан дагы капастагы куш өндүү
Жата берүү акын үчүн мун-кайгы.
Эрмек болуп сырын төгүп бербесе,
Керек кезде эл кыдырып келбесе, —
Айткылачы, эл акынын сыйлайбы?!
Өнөр иши карылыкка багынбайт,
Ичтеги өнөр тынч уктатпайт турбайбы?!

— Келатат! — деп эл аралап Токтогул, —
Туш-тарапка кабар тарайт жергемде.
Түнөп ырдап жолдо түркүн элдерге,
Ат чалдырып конок болот бир үйгө
Арып-чарчап Кызылжарга келгенде.





Бир кенен бак...
Карайт Током кызыгып,
Ажайып бир бейиш өндүү көрүнөт.
Бышып турган түркүн жемиш үзүлүп,
Анкып жыты дасторконго төгүлөт.
Багбандын зор эмгегине
Эргитип бүт кан-жанын,
Жытын искеп буркураган алманын,
Током элге айткан экен ошондо
Орундалбай ичте жүргөн арманын:
— Турмушта мен бир нерсени эп көрөм,
Колум менен көчөт тигип
бак өстүрсөм деп келем.
Менин буга чамам дагы келбеди.
Бирок элди көп кыдырып,
Дасторкондон бекер жемиш жеп келем.
Кана багбан, жакыныраак келиниз,
Бак өстүргөн колунузду бериниз...
Синген тура мобул дүйүм жемишке
Мандайынан аккан мээнет териниз, —
Деген кезде үйдүн ээси негедир
Уялынкы сөз айталбай элендейт.
Акырында ачык айтат:
— Бул үйдү —
Үчкоргондук бир дыйкандын колунан
Багы менен сатып алган элем, — дейт!
— Андай болсо арман айтып нетээрбиз,
Сенин дагы,
менин дагы
бул төгүлгөн жемиштерге
Тердебептир чекебиз!
Экөөбүз тен бүгүнкү күн —
Ушул бактын мөмөлөрүн жетилткен
Ал дыйканга конок болгон экенбиз.
Мейли, мейли! Өтөт бир топ убакыт,
Коюптурсун үй-бүлөндү кубантып.
Быягына дагы далай тер кетет! —
Деген экен үйдүн ээсин
Улуу акын тондон таптап жубатып!

Дал мына ушул окуядан
Бир ой чыгат бөлүнүп,

«Колум менен бак өстүрүп
Мөмөлөрүн жебей калдым» деген
Бир арманы турат мындан көрүнүп.
Бирок Током билди бекен? —
Тилинен бал өрүлүп,
Ырдын бышкан мөмөлөрү —
Баскан, турган, барган бардык жерлерге
Нөшөр болуп тургандыгын төгүлүп!

*1994-ж.*

## Акын Жоомарт аңызы

Акын Жоомарт отузунчу жылдары
Жанындагы бир жердешин жактырып,
Ага адамдык жасап далай жакшылык, —
Акыл айтып, ондоп берип ырларын
Жүрөт дайым гезиттерге бастырып.
«Көп нерсени түшүнөт деп күн өтсө,
Жылт-жулт эткен учкун болсо жүрөктө
Курчуп кетээр мезгил менен
Калабалуу опурталдуу күрөштө» —
Жүрөт дайым ушундай жакшы тилекте.

Бирок билгин күрөш дагы
Байланыштуу талыкпаган талантка.
Тагдыр аны табийгаттан
Кандай арга коркок кылып жаратса,
Душмандарга колтук ачып көп ирет
Ал акынды чапкан тура канатка.

Дүрт деп жанып акын Жоомарт кыялы,
Өткүр, кескин чечим кылып сыягы,
Жердешинин башкалаадан
жоголушун эп көрөт
Бир улутка тиелекте
коркунучтуу зыяны.

А жердеши өзү кылган иштерине өкүнүп,
Келет ыйлап:
— Кой деп мени кечирип!





Күрөштөгү акын үчүн
Эбегейсиз зор күнөө эле
Душмандарга колтук ачкан чекилик.
Өз жанынан белет алып поездге
Жибериптир башкалаадан кетирип!

Көп жылдан соң анын жазган катында
Өз күнөөсүн моюнга алып түшүнүп
Рахматын билдириптир акынга:
«Кечир мени, түшүнбөгөм, бул анык,
Ошондогу күнөөм үчүн
өндөн азам кубарып.
Элдир-селдир эптеп жазган ырымды
Койгула деп гезиттерге чыгарып,
Жүргөн күндөр бүгүн түшөт эсимде,
Көөнүн алып көп адамдан суранып.
Мен түшүндүм,
Асылганча колдон келбес нерсеге
Жүргөндүгүм он экенин элимдин
Малын багып,
чөбүн оруп,
эгиндерин сугарып!
Өзүңө да тийген тура зыяным
Коркунучтуу жолдон койдуң чыгарып!..»

Бул аңызды түшүнөт го эселек,
Эч бир адам ким бирөөнү
Акын кылып чыгарбайт,
Сүрөмөлөп колдон тартып жетелеп.
Чыкса дагы андай акын
Тирүүсүндө жазган ыры эрте өлөт.
Чыныгы акын тоскоолдукка карабай
Арча сымак ташты жарып
Көктөп чыгат көкөлөп!
Өлүмгө да башты байлап
Эл милдетин, журттун жүгүн көтөрөт!

Акын адам аянбаган
Өжөр, өктөм, көк болот.
Бирок анын акын деген атагына
Асылгандар көп болот.
Ыр жазалбай калган акын

Жүрөгүнөн күйүп-жанып өрттөнөт.
Көкүрөгүн жарып чыккан ырларга
Ата Журту ажарланып көрктөнөт.
Анткендиги, ар бир ойду, саптарды
Ал акындык жүрөгүнөн өткөрөт!
Таланты зор акын чыкса элинен,
Тууган журттун алыс кетээр айдыңы.
Андай акын бир эл эмес
Бардык элдин баа жетпеген байлыгы.
Бирок дагы эптеп-септеп ыр жазып
Мас адамдай тамтаңдаса —
Ойдун жетпей кайрыгы,
Кордоп турса акын деген атакты
Ал эл үчүн,
Ал журт үчүн,
Кандай гана,
Кандай гана кайгылуу!

*1994-ж.*

## Жөнөкөйлүк тууралуу ыр

Берекелүү күз мезгили.
Мөмөлөр
Тамшандырып таттуу болуп ырдан да...
Анда турмуш кызык эле мындан да!
Эсимде жок так жыл, айы
Балким, ошол 80-жылдарда
Акын Жолон келип калды Бишкектен
Жазуучулар Бирлигин ал башкарып
Орунбасар кызматында турганда.

Анан барып калдык кечки мейманга.
Урмат кылып тосуп алды
үй ээлери оболу.
Мен такилип кылып акын Жолонду:
— Төргө өтө бер биринчи,
Сенсиң үйдүн эң ардактуу коногу! —
Десем айтты:
— Улуусунар, силер төргө өткүлө!
Билип туруп салтты бузган болобу? —





Деди дагы бизди төргө өткөрүп,
Өзү такыр өтпөй койду жогору.
Анан минтти:
— Он бештеги баладан
Чалдаргаче коомдо жашайт сан адам.
Бардык жерде өзүн алып жүрүүнү
Билген жакшы ар адам.
Бирде мөгдөп кайгы тартып басынсаң,
Бирде көбүн басат сенин таразаң.
Бирок элди иренжитет ар убак
Бийлик,
байлык
жана дагы мансаптын
Көзү менен бул турмушту караган.

О бул ойго сезим, туйгу терендээр,
Ошондо эле бүгүнкүдөй элең Жер!
Акын Жолон оттой жанган жан эле,
Досторунун арасында кеменгер!
Эч убакта тойдум дебейт турбайбы,
Жазмышынан мурдараак
Жакшыларды жеген Жер?!
Бирок бүгүн төрдү көздөй жулунуп
Көбөйүүдө өз-өз камын жегендер.
Бардык жерде көкүрөгүн койгулап:
«Мен кыйынмын!»
«Мен кыйраттым!» — дегендер.

Көп турмушту көрдүк биз да өмүрдө,
Жакшы акылды тута албадык көңүлгө.
Жагымпоздор көтөрүлүп бийикке
Таланттуулар чыгып жатат төгүнгө!
Биз унуттук каада-салтты капкачан,
Биз унуттук жөнөкөйлүк жөнүндө.

Чынар көктөйт калын токой ичинде,
Өскөн сансыз дарактардын бириндей.
Булбул деле кол башындай бир чымчык
Тил жок, бирок анын таттуу тилиндей!
Молдо торгой безеленип чулдурап
Жөн туралбайт таң нуруна кирибей!

Жөнөкөйлүк — тыптынч жаткан көл өңдүү
Тайыз жана тереңдиги билинбей.

Киргил аккан бул жашоонун селинде,
Көп нерсени түйдүм,
азын түйбадым.
Достор күттүм мен өзүмө жараша,
Сыйын көрдүм, мен аларды сыйладым.
Сездим алдын кубануулар болоорун,
Сездим алдын кайгы-капа, ый барын.
Кубанганда — кара жерге сыйбадым,
Кайгырганда — жан адамга көрүнбөй
Жашырынып жүрөк менен ыйладым.
Бирок дагы эч убакта, эч качан
Эл алдына чыгып алып көрүнөө:
«Мен кыйратып жатамын» — деп өзүмдү
Мактанганга жол берген жок,
Менин тирүү ыйманым!

Биз чатырап күйдүк арча сыяктуу,
Мезгилдин бир алоолонгон отуна.
Эсепчидей күндө салган чотуна —
Ким боломун?
Жана кандай адаммын? —
Деген калыс милдетти
Калтырамын калың журттун сотуна!

*1994-ж.*

## Комуз тууралуу легенда

***(Доорубуздун залкар комузчусу Болуш Мадазимовго)***

Бул окуя болгон экен илгери,
Ооздон оозго унутулбай айтылып
Замандарга көчүп келет бир жери.
Хан болуптур кылычынан кан тамган
Күлүк минген жигиттери ирделүү.
Хан каарынан баштар ыргып турчу экен
Калабалуу жана бейпил күндөрү.





Бир заманда өткөн кегин доолашып,
Кирет бир күн хандын жерин жоо басып.
Аттанышат эр бүлөнүн бардыгы
Ата Журтун коргоо үчүн кармашып.
Кыргын согуш жүрөт Мекен чегинде
Кан төгүлүп,
аны топон-чаң басып!

Эр жигиттер кошуп улам эркине эрк,
Жоо колуна кыйроолорду келтирет.
Артын көздөй сүрүлүшүп душмандар
Ээри бошоп аттар качат тентиреп.
Ошол кезде
Эң биринчи — даназалап Жеңишти
Бул комузда Эрдик күүсү чертилет.
Бирок Жениш келген менен
Хандын жалгыз уулу ушул казатта
Душмандардын жебесинен мертинет.

Мындай кезде ортолукта
Акылдуулар айткан кеңеш ылганат.
Жеңиш туусун бир колунда булгалап,
Бир колуна кайгы кармап,
«Уулуң жоодон мертинди» — деп, —
Каары катуу хан алдына ким барат?!
Соо калбасын билет баары —
Башы кетпей тирүү бойдон ким калат?!
Душмандарды чөгөлөткөн алдына
Баатырлардын баатырлары тунжурап:
«Мен барам», — деп айталышпай кыйналат.

Кайрат, эрдик, акыл элде бар мына!
Жол табылбайт, дүйнө дагы тар буга.
Ар адамга жашоо керек,
Өмүр кымбат жердеги ар бир жандууга!
Турган кезде туюк жарга кептелип,
Жеңиш күүсүн чертип жаткан жаш жигит:
— Мен барам! — деп чыккан экен алдыга.

Куюндатып күлүк оозун ачтырып,
Артынан ал 3 — 4 жоокер ээрчитип,
Хан алдына барган кезде жаш жигит

— Кандай кабар апкелдиң сен? — деп айтат
Кабагына кар жаап, жүзүн таш кылып
Кубанычтуу кабар айтсаң урматтап,
Сыйга бөлөйм баатырларды баш кылып!
Эгер мага кабар айтсаң кайгылуу
Анда менден күтпө кылдай жакшылык?!
Коргошунду куйдурамын оозуңа,
Айт чынынды! — хан каарданат шаштырып!

Анда жоокер комузду алып койнунан
Дирилдетип күүлөп назик кылдарды,
Кайрыктарын кайра-кайра кубултуп
Төгөт ичте уюп жаткан сырларды.
Күүлөрүнүн улам чыгып айдыңы,
Салтанаттайт Жеңишти ар бир кайрыгы.
Анан күүлөр улам-улам муңканып
Жоктоп тынбай мертинишкен эрлерди
Добушу анын чыгат тынбай кайгылуу!
Кандай күйүт апкелгенин хан сезет`
Кандай арман жалгызынан айрылуу!

Күнөөсү жок буйрук менен баш кетип,
Кайгы тартып аза күткөн үйлөрдөй,
Хан ордосу күйгөн эмес мынчалык
Ошондогу күйүтүнө күйгөндөй.
Аалам анча болгон эмес кайгылуу
Ошол күнү комуз муңун
Угуп турган дүйнөдөй!
Хан комуздун кулагына коргошунду
куйдуруп,
Койгон экен бийик жерге илдирип:
«Мен өлгөнчө турсун бул деп сүйлөбөй!»

Андан бери —
Өттү мезгил, өттү заман жарышып,
Ошондогу хан каарына
Калган комуз дал ушу!
Кээде аёосуз кыргын болуп тынымсыз,
Жүрүп келет зор күчтөрдүн кагышы.
Канча дүйнө кармаштарда жок болду.
Далай элдин алга кетти арышы.





Бирок, бирок... Бул комузда сакталды
Бүтүн кыргыз элинин ар-намысы!

Комуз деген сыр төгүшсө ким менен,
Айтып аны түшүнтө албас тил менен,
Махабаттын кайрыгы бар түгөнбөс
Жүрөктөрдүн ирмеми бар миңдеген.
Ыргагы бар замандардын байыркы —
Катып калган сезимдердин
Жугумуна кирбеген!

Улуу турмуш сиңген буга
Ар бир анын кайрыгында такталып.
Тагдыры оор кыйын күндүн
Тосмосуна калса дагы капталып.
Кылымдардын кыйрын басып жоголбой
Дилден дилге келет күүлөр жатталып.
Ошондуктан,
Элибиздин аруу дили, эрдиги,
Жүрөгүнүн тазалыгы, кендиги,
Бул комуздун тулкусунда
Жүрөт дале сакталып.

Салааланып күүлөр агып,
Кирген жазгы дайралардай биригип,
Агып келип куюп жатат —
муза деген деңизге
Баа жетпеген кенч экени билинип!
Ошондуктан комуз турат
Ар бир кыргыз үйүнүн
Эң ардактуу жерлеринде илинип!

Комуз дили жөпжөнөкөй,
Комуз дили жапжарык!
Карапайым калк алдына ал барып,
Сайрап берет элинин ал
Арман-ыйын муңканып!
Салтанатын, кубанычын шанданып,
Ал байлыктын кулу болуп калган жок,
Алтын менен күмүшкө
Кеткени жок алданып!
Ал андыктан —

Чайковский, Бетховенди жараткан
Музыканын эң бир таза таңы аткан —
Европа эли турат бүгүн
Бул комузга таңданып.
Анын сырдуу кайрыгына таң калып!
Кылым кечкен тереңдикке арбалып!

*1994-ж.*

## Жар издеген жаш сулууга

Көптөн байкап ичтен ойлоп сызыла,
Эне бир күн сөз салыптыр кызына:
— Бойго жетип толуп турган убагың,
Башка сенин түбөлүктүү турагың.
Өзүңө тең сырдаш бирөө сөз айтса
Макул болуп баш кошуучу убагың.
Ойлон кызым, акыл-эсиң өзүңдө,
Жаштык кезиң күйүп турат көзүңдө.
Даракттын да үзүп алат мөмөсүн —
Бышып жетип эзиле элек кезинде.
Кыз көңүлү кимди болсо жибитээр,
Алгач ылгап кулк-мүнөзүн билип көр.
Калаабызда жүрөт шуулдап далайы
Азбы бүгүн сага жакчу жигиттер?!

Деген сөзгө кызы көпкө ой жоруп,
Энесине мындай дептир ойлонуп:
— Оюма алып салт-санааны, жобону,
Мен мындай бир тилек кылдым оболу —
Өңдүү, түстүү, бой-сымбаты келишкен,
Ар-намыстуу, билими да жогору,
Эр жигитке баш кошсом дейм түбөлүк! —
Бул максатым, балким, кабыл болобу?
Билбейм аны,
бирок ушул тилегим —
Аткарылат деген ойдо жүрөмүн!
Жолуктурсам эгер мындай жигитти
Анын үйү болуп калмак
түбөлүктүү түнөгүм.





Эл ичинде дал ушундай азамат
Бар экенин сезет дайым жүрөгүм! —

Дептир кызы суроосуна эненин...
Бул сөздү угуп түркүн ойго келемин.
Ар-намыстуу, өңдүү-түстүү, билимдүү
Жарды табуу —
арзуусу бул жаш кыздын
Бирок билбейм, бул арзуунун себебин?!
Ой-тилегин аткарылсын карагым,
Бийик,
таза,
улуу экен талабың.
Ажыратуу кыйын нерсе эмеспи
Жигиттердин жакшысын же жаманын.
Бул турмушка көзүң терен канбаган,
«Тазга барып жолугат дейт тандаган»...
Жигиттер көп калпак кийген башына,
Карөзгөй көп жаш кыздарды алдаган.
Аялзаттын ар-намысын коргоону
Ар мезгилде көңүлүнө албаган.
Көрүнгөндү ээрчип алып артынан
Көмүскөдө көлөкөдөй жандаган.

Бүгүнкүдөн башка эле го кечээгиң,
Өң-түсүнөн, кийиминен, сыртынан
Эч ким билбейт кимдин кандай экенин.
Нокто салса шыпырылган куулардан
Бүгүн минтип алсырады Мекеним!
Өктөм, өжөр, ойлогонун берберген,
Азамат аз Айга колун сермеген.
Бөлүп-жарып элдин ыркын кетирип
Эриш-аркак жашай албас эл менен.
Эркекмин деп жүргөндөрдү билемин
Кээ аялдын бутуна тең келбеген.

Жигитмин! — деп кийген менен тебетей,
Ал эместир —
Айчүрөктү сүйүп алган Семетей!
Мындай эрлер тарыхтан аз табылат,
Табылса эгер — акылына, эркине
Талантына бардык калкы багынат.

Бир асыл жар махабаттын дарысы,
Эркекмин деп жүрөт элде баарысы!
Бирок ошол жигиттиктин белгиси —
Акыл-эрки, кайрат-күчү, намысы!
Элин багат эч убакта мүңдүрбай
Эрктүүлөрү, эр азамат, калысы!

Таап турган көп сырлардын ачкычын
Акылдуу жар азаматтын бактысы!
Начар эрин мырзалыкка жеткирген
Ал аялдын акылдуусу, жакшысы.

Күндө калган гүл сыяктуу соолутпай,
Көп бапестеп көңүлүңдү оорутпай,
Кадырыңды баалай билген эр жигит
Калабы деп корком сага жолукпай!
Мунун баары — карайт тагдыр жолуна,
Азаматка бир асыл жар болууга —
Даярданып жүргөн кезде жаш сулуу
Да бир шумпай илбесе экен торуна!
А кээдечи?
Муздак жүзүн «жаз» кылып,
Миң кубулуп күлүп улам наз кылып,
Жолдон чыккан да бир сулуу —
Өз бактыңа туш келаткан жигитти
Кетээри чын азгырып?!

Бирок улуу ой-максатың, тилегиң
Алоолонуп жанып турат жүрөгүң.
Өз бактыңды табаарыңа
жоктур менин күмөнүм!
Бирок сенин ким экениң карабай
Көз талытат, зарыктырат аябай!
Кээде ыйлап муңканасың,
Көөдөндөгү кусалык эч тарабай!
Анткендиги —
Жигиттин да, кыздын да
Эрк-кайратын, аруулугун текшерет!
Мындай бакыт, андыктан —
Көз талытып абдан, абдан кеч келет!

*1994-ж.*





## Ош базарында

Мына ушул жол тийбеген Ош базары
Кылкылдап элге толот күнү кечке.
Бул менин сүйгөн жайым, алдым кепке.
Таң заардан жүк көтөрүп барамын да
Кайтамын жүк көтөрүп күүгүм кечте.

Бул жерде менин сүйгөн адамдарым,
Досторум, өзүм сымак тааныштарым.
Олтурат мындай бассам арак сатып
Базарга эч келбеген тугандарым.
— Не кылып жүрөсүңөр? — десем айтат:
— Кантебиз, тойбой жатса бүгүн карын.
— Ышкырып миң жылкы айдап жүрчү элең го?
— Сатып алып сатамын ар кыл самын.
— Сен жигит кайсы жерден келген элең?
— Алыстан...
— Андан көрө гезит саткын,
Жолугуп калчу элек го кээ бир күнү
Тереңинен гүлзар бактын?
Бир жери тамак айрып кыйкырасың
Мынабу келин өңдүү пайда тапкын.
Баалап ал андан көрө арзаныраак
«Каттамын» абийирсиз Жанузактын.
— Бери кел, шудуңдаган сигаретчи,
Минтсең сен кимдерге жагасың? —
Аларман ал жактан кеткенде
ал жакка барасың.
Аларман бул жерден кеткенде
Бул жерге жүгүрүп келип каласың?!
Акылың жок кандай анкоо баласың?

А тиги кайырчылар тизилишкен
Көпүрөнүн алдындагы —
Мен сүйгөн өткөөл жердин «булбулдары»!
Алаканын өткөндөргө жайып коюп
Тынымы жок сайрашат тегиз баары.
А мында эки кемпир катарынан
Сапырып бозолорун жаткан экен.
— Чанкапсың жүк көтөрүп, бозо ич! — дейт.

— Бекерге бересиңби мага, — десем:
— Бекерге ичип кет, — дейт келип эртең?!
А уулум ушундай болот базар деген,
Куржуну тирүүлүктүн ачуу бекен? —
Деп мени келекелеп күлөт улам.
Не деген жооп айтамын эми буган.
— Сникерс алыңыз, — дейт бир жаш жубан,
Сыйпалап чөнтөгүмдү,
Кармалап бир сомумду,
Агылган элге карап үнсүз турам.

Артыман дыйкан келди көтөрүнүп,
Пиязы, картошкасы чыптасында...
Салаңдайт бир баштыгы ныптасында.
— Качкыла, алармандар жол бергиле
Дыйкандын куштай жеңил чыптасына.
Бошоткун, ал олтуруп сатчу жерди,
Кудайым жолдун боюн өзү берди.
Жерге коюп «жепжеңил» жүгүңөрдү
Жазгыла уюп калган желкеңерди.
Чаңынды күбүп алгын жонуңдагы,
Маңдайдан аарчып алгын аккан терди.

Тизилет түркүн буюм катарынан,
Бизнесмен келди мына
Туркия сапарынан...
Максаты анын деле жалгыз пайда
Жеп-ичип жер боорунан татаары нан!
А мында товарлары кытайлардын,
Азыраак акчаң болсо сатып алгын.
Буюмдары жайылып турат мына
Индия, Иран, Жапан, Таиланддын...
— О кыздар, силерге айтаар сунуштарым,
Жакшы эмес тоорулушуп турушканын.
Акчаңар жетпесе эгер, арзанын ал
«Кымбат деп неге мынча?» — урушпагын.

Тизилген бастырмада жашылчалар,
Жыйылган секилерге өрүк, анар.
Шабдалы, алма, анжир, коон, дарбыздар,
Мисир жактан апкелген курма да бар.
Кудайым базарыңарды берсин, сатуучулар,





Айтамын баарыңарга ысык салам!
Жолуңар силердин да тарам, тарам.
Мен дагы кудай бир күн буйруп калса
Силердин катарыңарга барып калам.
Азырынча үмүт менен алып келген
Буюмуңардын бардыгын сатып алам?!
Колума кирип теңге,
Бир гана мен бай болуп кеткенимде.
Азырынча жанымда үч сомум бар
Анын даамын силер таткыла, —
Мага бир боо көк пияз саткыла!

*1998-ж.*

## Акын жана эрдик

Алтын казна — асыл ойду шилеген,
Акылынан ыр саптарын күрөгөн,
Далай улуу акындардын көзү өттү —
Кыйырына кылымдардын түнөгөн.
Алар азыр уктап жатат,
Алатоонун боорун мазар жай кылып!
Далай заман өттү аларга кошулуп,
Санак жеткис күндөр батып, Ай чыгып.
Бирок дагы,
Акын болуу жөнүндөгү бир аңыз
Ооздон-оозго бизге жетти айтылып.

...Ата уулун асырады, өстүрдү,
Ардактады эрезеге жеткирди.
Аралатты — элди-жерди, калааны,
Аралатты жазда ачылган көп гүлдү.
Ата касмин улантып
Турмуш жолун баштап кетээр деп турду.

Перзенти үчүн тынбайт ата санаасы,
Ата менен баланын
алыс болчу арасы.
Ата салтын улабастан —
Башка жолго түшкөндүгүн карачы? —
Окуп алып ал Жусуптун китебин

— Акын болом! — деди бир күн баласы.
Уулунун бул тилегине
Атасы анын караса да кызыгып,
— Олдо балам,
Мындай оор иш келээр бекен колуңан? —
Деген сөздү айтты ичтен сызылып.
Бирок ата уулуна ак жол тиледи,
Аткарылса кана жаштын тилеги?!
Акындыктын жол-жобосун
Буга кимдер үйрөтөт?
Алга сүрөп алып чыгат ким эми?
Акын деген атагына жараша,
Азап-ыйы бар экенин алдыда
Бул жаш гөөдөк билеби?
Анда муну шакирттикке берейин
Акын болуп туулган болсо жүрөгү?! —
Деп ойлонуп уулун бир күн ээрчитип,
Басып өтүп Алатоонун арасын,
Арытышып Чүйдүн кенен таласын,
Алып келип тапшырыптыр
Жусуп Баласагынга:
«Акын кылып чыгаргын» — деп баласын.

Алып калып,
«Акын болом» — деген ошол баланы,
Атасынын өчкөн кезде карааны, —
Баштап келип бак ичине акырын
Айткан экен Жусуп мындай акылын:

— Карагым, сен бул жагдайга карап ал,
Акын болуу — душмандарды беттеген
Айбаты зор баатырларга барабар!
Кээ бирде сен сайып жыксаң душманды,
Кээде кайра болооруң чын жарадар!
Жоону жеңүү — болбойт дайым оңунан,
Мындай оор иш келген эмес эч качан
Коркоктордун колунан!
Сен биринчи үйрөнгүн —
Жоону жеңген баатырлардын мүнөзүн.
Алгач өзүң андап алгын —
Эмнелерге жарактуусуң бир өзүң?
Өз элиндин акыл-эсин оюңа ал,





Жашоодогу талыкпаган күрөшүн.
Андан кийин тирүүлүктүн
Эмне экенин билесиң?!
Жоо колунан эгер жараат албаса,
Ошол жигит баатыр боло алабы?
Жүрөгү анын жараланып турбаса —
Ошол акын — акын өндүү жалындап
Жүрөгүнө башканын от жагабы?!
Жоого аттанса — баатыр эли кайгыда,
Баатыр жары ар убакта каралуу!
Алоолонуп махабатты даңктаса
Акын жары болот дайым жаралуу!
Жашоонун бул айыгышкан күрөшү
Жаңылбаган сабак болсун сага бу?
Өз элиндин ар-намысын коргоо бул —
Акындыктын айтылбаган талабы!
Бул өнөргө далай адам асылган,
Бирок, бирок...
Кайраты ага жеткен эмес көбүнүн.
Эрөөлгө чын чыккан эрдин бириндей
Бул өнөргө саюу керек өмүрүн!
Ажыратып туруу керек ар убак
Бул күрөштүн чындык менен төгүнүн.
Кана, буга эмне дейсиң карагым?
Түпкүрүнө чөктүң мынча санаанын?
Акын жүрөк ылгап турат ар убак
Ар айтылган сөздүн жакшы, жаманын!
Аткарылып кетээр балким күрөшсөң
Акын болом деген сенин талабың, —
Деген экен акын Жусуп мурутун
Сыпаа сылап,
көзүн тиктеп баланын.

Бул окуя болгон экен
От ойнотуп жүрөк менен сезимге,
Акын Жусуп «Кут билимди»
Жазып жаткан кезинде.

Андан бери сайлардан көп суу акты,
Мезгил деген соолтту далай булакты.
Далай татаал замандарды аралап
Бизге жетти акын жазган «Кут билим» —

Сарптаган бүт жаштык өткүр куракты!
Көрсө, акын бул китепке бериптир
Талант күчүн курал кылып кубаттуу!

Гүлдү мактап жазгы жашыл чөптөгү,
Жылдыздарды данктап ырдап көктөгү,
Бирок билбей бул өнөрдүн сырларын
Бизге маалым далай акын өткөнү.
Жалбырактай күзгү желге отолуп
Көптөрүнүн үнү бизге жетпеди.
Ал учурдун алыс калды карааны,
Салыштыргым келбейт бүгүн сага аны?!
Канткен менен качан болсо керектир
Жусуп Баласагындын
Акындарга койгон улуу талабы!

Арасында арыш керген жылдардын,
Мизи кайтты элге айтылчу сырлардын.
Жалыны жок жазмакейлер көбөйдү
Жардыланды табити ойго ырлардын.
Поэзия — ал куралга айланды, —
Байлык,
Мансап — бийлеп турган жыргалдын.

Эч карабай ыйман менен ырайга,
Жамаачылап жүз ыр жазып бир айда, —
Эрдик, эрки жетпегендер бүгүнкү
Бул өнөрдү жакын турган Кудайга,
Учкуну жок саптар менен булгашып,
Тебелешти таманында ылайга?!

Махабатка — өлөмүн деп жалынып,
Элдин атын,
Мекен атын —
Колко кылып жамынып,
Жалган жерден жар салгандар, —
Жатат бүгүн жанын сабап ак уруп.
Акын деген ыйык атты
Кор кылгандар көбөйдү,
«Орден» кылып көөдөнүнө тагынып!

Ысык оттуу нурларына
Байыркыдай бөлөп турат Жерди Күн!





Дале бүгүн сактап келет
Бүт эл салтын, элдигин!
Ооз көптүргөн ыйманы жок сөздөргө
Толуп бүттү Жер бүгүн.
Акын болом! — деген бардык жаштарга
Каалар элем мен бүгүн —
Жусуп Баласагындын,
Алыкулдун —
Эрки менен Эрдигин!!!

*1994-ж.*

## Көралбастык, ичкүйдүлүк жана алсыздык жөнүндө ыр

Тагдырдын мүшкүл кыйын жолун бастык,
Тарыхтын татаал таштуу белин аштык.
Мезгилдин борошолуу бурумунда
Билинбей көкүрөктө уюп кастык,
Жеткирбей үмүттөргө
Өз ишин жасап келет көралбастык!

Бул илдет Брунону отко жаккан,
Гарсиа Лоркага да койгон капкан.
Дантестин колу болуп — Пушкинди аткан,
Кылыч болуп Улукбектин
мойнунан кыя чапкан.
Кекенген Мартыновдун огу болуп
Лермонтовдун көөдөнүнө «орден» таккан!

Көралбастык — Алымкулдай жолбашчыны
Артынан аңдып келип атып кеткен.
Алымбектей датканын башын кескен.
Сары изине чөп салып кууп жетип
Бак ичинде Нүзүптүн канын төккөн.

Күн көзүнө карашып күндө шектүү,
Кылымдарга карартып эки бетти,
Кыйырына мезгилдин тузак коюп
Кыйла ак жүрөк эрлерди элеңдетти.

Көз көрүнөө жамандык ишин жасап
Көралбастык — илээшип бизге жетти.

Бизге жетип өзү да майдаланды,
Билиндирбейт кастыгын, айла барбы?!
Кыйкырышса тамагы айрылганча
Чочуган чоң сыйлады кайра аларды.
Ким каршылык көрсөтсө билет алар
Кайсы «жайга» алпарып жайгарарды.
Күнөөсүздөр соттолуп канча дагы
Кыдырышты Сибирде тайгаларды.

Бүгүн мына карагын айлананды:
Жарганатка — жаман иш тоонун таңы.
Жайлоо баркын эч качан донуз билбейт,
Занды тытат кыш күндүн каргалары.
Эшек билбейт кадырын эч убакта
Күмүш жүгөн башына салгын жаңы.
Ит иттигин ар убак жасап келген
Алтын каргы мойнуна таксаң дагы!

Ушул жерде айтылат мындай кеңеш:
Улуу турмуш кур бекер өткөн эмес.
Бийиктикке бүркүттөр учуп жеткен
Кузгун күүлөп канатын жеткен эмес.
«Бытбылдык» — деп бөдөнө сайраса да
Булбул болуп эч качан кеткен эмес.
Эр жигитке айтылчу элдин баасы
Эрте барып базардан сатып келип
Эл алдында жапкан ал чепкен эмес.

Акмак көпсө адамды көзүнө илбей,
Ак-каранын өң-түсү ага бирдей!
Утурумдук мансапка азгырылып
Улуу турмуш нелигин чанат билбей.
Өзүмчүлдүк сезимин жеп түгөтүп
Өзгөлөрдү жек көрүп калат сүйбөй.
Өз жолунан адашкан мындай жандын
Өмүр жолу караңгы айсыз түндөй.





Чындык, жалган арасын жарык чачып
Учкул мезгил таанытат тийген Күндөй!

Бул тирүүлүк дайрадай тынбай агат,
Бизге калды өткөндөн түркүн санат.
Карөзгөйдөн эр жигит мертинсе да
Өрнөгү анын бийикке канат кагат.
Атак-даңкы дүңгүрөп эл оозунда
Калк ичине кадыры кетет тарап.
Ичкүйдүлүк уу чөптөй заарын катып
Сансыз чөптөн билинбейт турсаң карап.
Дал ошондой адамдар арабызда
Күйүтүнөн ыйлашат ичи канап.
Кайра жууруп камырдай ийлесең да,
Канча жолу түшүнтүп сүйлөсөң да,
Көралбастар көралбас бойдон калат.

Көтөралбай мезгилдин эң оор жүгүн,
Алсызданды аргасыз Мекен бүгүн.
Ар бир атуул кыйкырбай оор учурга
Көрсөткөнү жакшы эле бекемдигин.
Көрүнгөнгө асылып чырлашса ким,
Көпчүлүккө таанытат бечелдигин.
Көралбастык жана да ичи тардык —
Бүгүн элге таасындап айтып турат
Алсыздыктын белгиси экендигин.

Мен өмүрдө элден көп санат уктум,
Ойлорума ар убак болдум туткун.
Кээде жылдым тырмалап боорум менен,
Кээде эргип көкөлөп бийик учтум.
Кээде чөгүп кетсем мен терендикке
Кээде жеңил жогору калкып чыктым.
Башкага гөр казган жан түшөт өзү
Эсеби бар бирөөгө тоскон буттун?!
Көралбастык,
алсыздык,
ичкүйдүлүк —
Пендедеги бир белги шордуулуктун!

*1994-ж.*

## Хандын өмүрү жана өлүмү тууралуу

*Ибн Синанын айткандары*

Ар бир ачкан илими орноп көңүлгө,
Аз эмес көп өмүр кошкон өмүргө,
Аңыз кеп-сөз дале келет айтылып
Алп дарыгер ИБН СИНА жөнүндө...

Көрөгөчтүк оту жанып көзүндө,
Табыпчылык өнөр сактап өзүндө,
УЛУКМАН деп атагы элге таралып
Акыл-ойго толуп турган кезинде, —
Хан өзүнө дарыгерди чакырып,
Мындай деген суроо салат акырын:
— Жаш өткөндө адам көзү карыгат,
Жаңылбастан көп ноокасты дарылап,
Айыктырып алып калып ажалдан
Алкыш алдын адамдардан ар убак.
Бүт аралап жердин ой-кыр, талаасын
Таптың түркүн оорулардын дабаасын.
Айткын мага, өлбөс кылып дары таап
Алып калса болобу адам баласын? —
Деген кезде,
Жасалгалуу сарайга
Көз жиберип, ойго тунуп далайга,
Жооп берүүчү жыйынтыкка келиптир
Ханга тике мындай жообун бериптир:
— Азиз ханым, болбо буга санаадар,
Санаа деген көңүлдөгү жараат ал!
Өмүр чиркин эң эле окшош нерсе го
Учкан желге, аккан сууга барабар.
Ар бир адам узарталат өмүрүн,
Ал эгерде тапса элинин көңүлүн.
Мекени үчүн, эл-журту үчүн сарп кылса
Өмүрүнүн жарымдан көп бөлүгүн...
Ар пендеге ар кыл тагдыр түзүлөт
Узак жашап жылды айлантсын жүз ирет
Ал жарыкка келген өңдүү көз жарып
Эрте-кечпи өмүр жиби үзүлөт!
Эч ким билбейт барат канча ал жашка
Мекен үчүн айыгышкан кармашта,
Өлбөс болуп жашап калат эл менен





Өз өмүрүн Эрдиктерге алмашса!
Сиздин өмүр байланыштуу ордого,
Азиз ханым, ал опокшош олжого.
Мунун баары унутулбай айтылып
Байыркыдан келе жаткан жол-жобо, —
Деген сөзгө хан бир азга кападар
Боло түшүп:
— Көңүлүмдө санаа бар.
Хан өмүрү узунбу, же кыскабы?
Тиешеси жокпу мунун сага алар?
— Хан өмүрү калк оозунда айтылган
Кеп-сөздөрдүн маанисине барабар! —
Деген жоопту айткан кезде Улукман
Ойго тунуп олтуруптур муюп хан...

*Август, 2004-ж.*

## Эгемендүү эркиндик жөнүндө
### (Какшык)

Буюрса биз мына кайра жаралдык,
Социализмдин тамырынан кан алдык.
Жакшылыктар үйүбүзгө толо кирип
Корообуздан качып чыкты жамандык.
Демократ болуп,
коммунисттик коомду тандык,
Согушсуз империянын чеңгелинен
Оңой-олтоң кан төгүлбөй чыгып алдык.
Өз элибизди өзүбүз башкарып
Эгемендүү өлкө болуп калдык...
Эмичи, эмне десек да,
Эмне жесек да — өзүбүз билебиз,
Кайда барсак каршылык жок
Эл-жер кыдырып ээн-эркин жүрөбүз.
Кааласак — калпагыбызды босогонун башына,
Өтүгүбүздү төрүбүзгө илебиз.
Каалабасак — үйдүн эшигинен эмес,
түндүгүнөн киребиз.
Кудайга шүгүр —
Эгемен өлкө болуп аталдык!..
Колубузга Эркиндикти бат алдык.

Көпчүлүк калк жокчулукка картайып
Алдым-жуттумдар байлыкка жашардык.
Мынаке, айыл-кыштактарда да эркиндик,
Шаарларыбызда да эркиндик!
Жети-сегиз жылдан бери
Эркиндиктин эшегине көп миндик!
Эркиндик деп атууда таныбыз да,
Эркиндик деп кагууда каныбыз да!
Эркиндик деп ар жактан келгендер көп
Эркиндиктен артууда саныбыз да!
Волга, вольва, жип минген эркиндик
Бычак миздүү,
дарбыз курсактуу
эркиндик жаныбызда.
Өзүбүз да, сөзүбүз да эркин —
Асмандагы ай-жылдызды караган
Көзүбүз да эркин.
Тилибиз, динибиз да эркин —
Эмне деп элди алдасак боло берет,
Канчалык жалганды көп айтсак
Ошончо капчыгыбыз толо берет!
Тамагыбыз айрылганча кыйкырган
Эркиндик эми бизге дайым керек!
Бардыгыбыз эркиндикке эми жеттик,
Үрөнүн кошоматтыктын арбын септик,
Көбүбүз Россиянын шаарларына
Азыбыз Казакстан талааларына
Таруудай тыркырап иш издеп кеттик!
Ал эми баягы биздин Жармамат
Тез эле үйрөнүп алды
Адамдарды алдаганды бат.
Эркиндик сага да берилген го Кубат,
Керекпи Эркиндик? —
Сен да биринен алып бирине сат?!
Ал үчүн чуркоо керек тынымсыз
Таманың тешилгенче кабат-кабат!
Мисалы, жанагы тергөөчү Максүт
Андан үзө бергин үмүт,
Мыйзамдагы адилеттикти эмес
Алдыдагы ажалыңды күт?!
Тиги Эшалынын Эркинбегин карачы,
Өз өлкөм деп эч бир тынбайт санаасы. —





Кечээ күнү АКШдан учуп келди
Эркин элдин эркин өскөн баласы...
Айтор, оозубуз да,
мурдубуз да,
кулагыбыз да эркин!
Эркиндикке тоюп бүттү
элибиздин арасы.
Айыгууда айыкпаган жарасы.
Ачынында — Азаттык деп
Агарткан элек го чачты,
Азаттыгыбызды өз колубузга алганы
Азаттыгыбыз кекиртегибизден ашты?!
Азапка салган элек башты!
О жараткан,
Бизге акыйкат издеп тапкан
Башкачараак эркиндигиң керек?!
Барбы, ошондой эркиндигиң бөлөк:
Жөтөлсүз,
кеселсиз,
армансыз,
жалгансыз,
Ар убак адамдарга берүүчү көмөк,
Акыйкат жүзү бар,
адилет изи бар,
Парасыз,
жалаасыз —
Баарыбызга туура келе турган
Эркиндигиңди бизге жөнөт!

*1998-ж.*

## Түрк балдары

Таралыппыз түпкү атабыз Жапастан,
Туркийлер деп дүйнө калкы аташкан...
Бир мезгилде алп чынардай тамырлап
Чачырадык, алыстадык башаттан.
Акырындап ар улутка бөлүнүп
Айбан болдук бир бирине таш аткан?!

Бир эл элек — бирдей чыккан сүйлөмү,
Бириктирген бийлигине дүйнөнү...

Асман аты шамал менен жарышып
Ар-намыс, эрк! — болгон ойго түйгөнү.
Атак алып аргымактын жалында
Адат болгон барган жерден үйлөнүү!

Жоокерчилик зор жумушту аткарып,
Бардык жерден байлык, бийлик, барк табып,
Аргымактын туягына жалынып
Аалам бооруун чыкты аталар аңтарып.
Баатырдыгы, батылдыгы, намысы —
Барган бөтөн элде калды сакталып!

Ардакташып канга сиңген амалды,
Акылдуудан арсыз балдар жаралды.
Бир биринен хандык таажы талашып
Билинбеген кек алуулар таралды.
Каары катуу кастык сезим уялап
Кан төгүлдү далай жолу таң алды.

Көп замандар өттү-кетти көрүнүп,
Түрктөр кетти тымтыракай бөлүнүп...
Бири суусуз чөлгө качты жан сактап
Кармаштарда каны суудай төгүлүп.
Алп тоолорго, айдың чөлгө жашынды
Азаптуу бул тагдырына сөгүнүп!

Бийлик үчүн бири бөлдү эл ичин,
Кылыч сунду байлык үчүн, жер үчүн,
Бири түлкү кейпин кийип аңдыса,
Бири кийди карышкырдын терисин.
Акырындап ар-намыссыз бузулду —
Аталардан келе жаткан келишим.

Аалам сырын териштирип бүт карап,
Адат болчу ат үстүндө уктамак.
Аталардын Түрк ааламын бир бүтүн
Аздектебей бөлүп кеттик тытмалап.
Кытай чебин курсаң дагы чегиңе
Карт тарыхта карапайым журт калат.

Оошуп келген таасирлерге туруштук
Бералбастан ой казнасын унуттук.
Баасы кымбат багынбаган Биримдик





Баркы калбай бара жатат улуттук!
Кайда калды касиеттүү Ынтымак
Каадабыздан качты аруу тунуктук!

Түшүнгүлө азыркы акын санаасын,
Эске тутуп улуу Түрк тоо-талаасын, —
Бир бирине жок болсо эгер Ишеним
Кастык күчөп Түрк балдары арасын,
Кол көтөргөн бөтөн журтка багынып
Кол астында күңкор болуп каласың?!

*2005-ж.*

## Өмүрдөн да кымбат үч улуулук жөнүндө Жусуп Баласагындын айткандары

Аалам билет Жусуп Баласагынды,
Анын жазган «Кут билими» байыркы
Калк дилинде кылымдарга жаңырды.
Биздин күнгө жетип келди жоголбой
Түпнускасы Стамбулдан табылды.
Доорлор өттү калабалуу, жайчылык,
Жылдар жылып, күндөр батып, ай чыгып,
Бирок Жусуп айтып кеткен асыл кеп
Калк дилинде дале жүрөт айтылып...

Бул өмүрдүн көп сырына кызыккан
Бир жаш жигит собол таштайт Жусупка:
— Айтыңызчы, баштан турмуш өткөрүп,
Бул жашоодон көптү билип, көп көрүп,
Акыл калчап аалам сырын билипсиз,
Пайгамбардай куттуу жашка кирипсиз.
Адам үчүн өмүр кымбат эмеспи
Ага бир да нерсе жоктур теңешчү.
Өмүрдөн да кымбат нерсе бар бекен, —
Бул жашоодо чыкпай турган көңүлдөн?..

Жусуп бир аз топтоп оюн-акылын
Жооп бериптир жаш жигитке акырын:
— Өмүрдөн да кымбат нерсе — үчөө бар,
Эсиңе тут, ыйык алар билип ал.

Биринчиси — сенин асыл Мекениң,
Билгин, ансыз өмүр даамсыз экенин,
Мекенсиздин өмүр жолу караңгы,
Теленгит дейт андай жолбун адамды.
Эр жигиттин өз Мекени — кайраты
Кайда жүрсө болгон анын айбаты.
Бөтөн жерде Мекен эрдин тиреги
Эл-жерим деп согуп турат жүрөгү.
Мындай кезде сөздүн жоктур төгүнү
Мекен үчүн эрлер кыйган өмүрүн.
Башка жерде жигит өлсө жанынан
Туулган жердин ууч турпагы табылган!

Экинчиси — Ишеними элиңдин,
Ишенимсиз — кызыгы жок өмүрдүн.
Ишеним — бул ыйык, улуу касиет
Ага хан да, ага баары баш иет.
Ишенимге ким бек болсо оңолот,
Ишенимден кеткен адам жоголот.
Эр адамда бул жол-жобо сакталган,
Жанын кыйган, бирок аны аткарган.

Үчүнчү бир ыйык нерсе — махабат,
Ал сезимдин чагылганы аталат.
Табыш үчүн ал жүрөктүн көңүлүн
Не бир эрлер кыйган асыл өмүрүн.
Махабат деп санаа желдей жарышкан
Баатырлардын кылычтары кагышкан.
Эч нерсе жок бул сезимге теңелээр
Аба жарып учкан далай жебелер.
Жаралбаган ал жомоктон, санаттан,
Кагылышта жерден суудай кан аккан.
Махабат — бул сезимдеги ал жарыш,
Ал Мекенге, Ишенимге байланыш.
Анын күндөй тийип турат жарыгы
Алыс, терең Ата Журтта тамыры!

Бул сөздөрүн окуп Баласагындын
Бой дүргүткөн санааларга кабылдым.
Жапкандан соң «Кут билимдин» барагын
Унуттук деп байыркынын талабын
Акыл пештеп айланамды карадым, —





Алалдыкпы аталардын сабагын?!
Унгусу өчүп барат каада-салтыбыз,
Кур дымакка өтүп алдык жалпыбыз.
Тилибизди саттык башка тилдерге
Улут духу өчүп барат билгенге.
Ар-намысты байлык, сомго алмаштык
Алсыз, тайкы сыртды өнөргө жармаштык,
Өз уулдарын чыкты мээлеп аткандар
Өз кыздарын чыкты пулга саткандар.

Мекен деген ыйык сөздүн куну өчтү
Куту качты Алатоонун күнөстүү?!
Кошоматчы, паракорлор жамырап
Өсүп барат бардык жерде тамырлап.
Мекен, Сүйүү, Ишенимдин маңызы —
Ата Журттан өчүп барат дабышы.
Аталардан калган ыйык байлыкты
Андабастан бул чындыктан тайдыкпы?!
Акыл жетпей алгы сөздүн коруна
Калабызбы кийинки муун шоруна?!

Улуу сырын ачып Баласагындын
Башты мыкчып санааларга кабылдым?!

*2004-ж.*

## Жүргүнчүлөр
## (Автобустан репортаж)

Бул жашоо — ушундай бир чебер уста,
Келатам алыс жактан автобуста.
Биз барчу жерибиздин узун жолу,
Биз ойлоп бара жаткан ойлор кыска!
Эл тыгын ортолукта.
Сумка, кап, карзинкалар
урунуп ар бир бутка
Көкүрөк көкүрөккө,
далылар далыларга
кабатталып
Жол жүрүп келатабыз болуп жупка!
Кыйноого өзүм кетип бараткансыйм,

Автобус аба жарып алдыга учса!
Алдымда бир жаш жигит отургучта
Өбөктөп аялына келет уктап...
Жанында бир карыя турат анын
Бир колу дуб таягын,
Бир колу жөлөнгүчтү бекем ныктап.
Тикесинен араң турат жалгыз буттап.
Бир келин жаш бөбөгүн —
Шамалдайт деп алган чуктап.
Сол жакта сапсары чач бир жаш жигит
Жанындагы жаш жубанга улам ыктап,
Он жылдап көрбөй жүрүп жолуккансып
Баратат бети-башын жалап-жуктап.
Арт жакта жалгыз аял —
Ак жерден соттолуп кеткен
Уулунун арманын айтып
баратат ыйлап-сыктап!
Жанымда бир жаш келин
Жупжука беде гүлдүү көйнөк кийген,
Үстүндө курткасы бар булгаарыдан
каштары бир чийилген...
Тамагына туруп калган бир кара мен. —
Аны сен карап туруп
өзгөрүлөт бүтүн дүйнөң.
«Ашыгы болсом анын» —
деген бир жетпес үмүт,
ишке ашпас жалгыз тилек —
Жүрөктө, көкүрөктө калат түйгөн.

А тигинде бир жапжаш кыз
Денеси бир жумуру —
Дайранын кызыл фарель балыгындай.
Илептери жука ушундай,
Памидордун сыйрылган кабыгындай,
Өңү-түсү албырыңкы,
Түнү жанган кызыл парда
терезенин жарыгындай, —
Крокодил терисинен жасатылган
темгил күрөң сумкасын
эмчегине кысып алган,
Ошол кыз узун бойлуу
Бир жигиттин колтугуна туруп алган.





Үмүтү оттой жанган, —
жигиттин жүрөгүндө
түгөнбөс бардай арман!
Түбү жок терең көлдөй,
Типтирүү жүргөн өлбөй,
Түпөйүл бардай арман!
Мындайда үмүт кирет аздан жылып,
Нурундай эрте жаздын жылуу, ылык.
Тирүүлүк кыйноо беле? —
Киргендей жыпжылаңач кымбатчылык.
Бул келген азап-тозок өтүп кетээр,
Бир көргөн түшүң өңдүү эстен чыгып.
Эгерде төгүлсө тер.
Түшүмүн берип турса бул улуу жер, —
Чыгарар бул кокуйду,
жаз алды уй жонунда
уктап жаткан мака куртту
чыгаргандай сыртка сыгып.
Көңүлгө үмүт кирет аздан жылып,
Нурундай жаздын ылык!

Автобуста олтурбай орундукта,
Жол жүрүү картаң жанга абдан кыйын.
Уктаган жигиттерге отургучта
Карынын кадыры азыр жалгыз тыйын.
Арт жакта келе жаткан жанагы аял
Арманын келеп жиптей чубай берип,
Кайрадан баштады ыйын. —
«Көрбөстөн өлөмбү» — деп,
Ак жерден соттолуп кеткен уулдун сыйын.
— Уурулар бир жесирдин уурдады уюн, —
Деп айтып келе жатса бир аксакал, —
— Бишкекте кечээ күнү,
Милициялар чогулуп болду жыйын, —
Деп айтты да бир чунак.
Булдурттап өз бутунда араң турат.
Жанында сары чийкил бир жаш бала
Мыскылдап мыйыгынан күлкү курат.
Байыртан улууларга боло келген,
Урмат, сый — жыгылыптыр талдай кыйган.
Кетиптир көп жаштардан бүгүн ыйман.
Орундуктан көзү өтүп
келе жаткан чолок чалдын бул арманын

Болбоду бир дагы жан бүгүн туйган.
Жасанып чыккан үйдөн,
Жынсы жана акыркы модадагы куртка кийген,
Кыз-жигит келаткансып
алыскы Талас, Чүйдөн
Эч нерсе билбегенсип,
эч нерсе көрбөгөнсүп,
Мелтирешет коргошундай
эритип кытка куйган.
О кайда биздин ыйман? —
Чачылып кеттиби азыр,
Кылымдап элим топтоп, элим жыйган.
О кайда биздин ыйман?!

Бою өстү өтө бийик кризистин,
Теректей көккө тийип,
Тормозсуз автобустай
тик ылдый кетип барат,
Кырсыкты, кыйындыкты башына үйүп.
Көйнөгүн жакырлыктын төшүнө кийип.
Жашоонун баасы барат улам оорлоп,
Көнүлүн көп адамдын ээлеп алды
Өткөн жыргал турмушка болгон куйүт.
Ызасын,
арман-ыйын көөдөнүнө
көнүлүнө бекем түйүп.
Теректей шыптап койгон
кризис өстү бийик
көккө тийип!
Күндөрдүн кадамы оор
саздагы арабадай
айдаса ат тарталбай
араң жылган.
Алыстап кеткен сымак
жашыл майдан мында турган.
Келечек мираж сымак жанып-өчүп,
Капталдан куюн согот кудай урган.
«Алла» деп тооба кылган жандар арбын
Чыгам деп жакшылыкка качан мындан.
Жашы өткөн картандарга кыйын болду
Мойнуна көтөргөнсүп
суусу толо кара кумган.





Максат деген улуу нерсе,
Үмүт зор дагы мындан!
Сооданын доору бүгүн кирип келди,
Бетон арык ичиндеги
аккан суудан
агып ылдам!
Күндөрдүн кадамы оор, —
саздагы арабадай,
айдаса да ат тарталбай
араң жылган.
Салондун ичи толгон
түркүн сөздүн гаммасына.
Чолок чал жүрүп келет
сыйынып Алласына.
Автобус бурулушка катуу келип
Кыйшайып түзөлдү араң жамбашына, —
Сөгүндү бир жаш жигит —
Сеткасы оонап кетип
Чачылган тепкичтерге алмасына!
Бул турмуш өтүп барат билинбестен
Өмүрдүн жашоо деген кармашына.
Автобус жолдон четтеп,
чаң ызгытып өтүп кетти
Жакындап кемерленген жар башына.
Ар түркүн үндөр чыгып кудайлаган
Салондун ичи толду
түркүн сөздүн гаммасына.

Айнектен көзгө түшөт
Созулган талаалардын кыйырлары.
Балдардын жетегинде оттоп жүрөт
арыктын бойлорунда
Айылдык адамдардын сыйырлары.
Баласы соттолуп кеткен
арт жакта келе жаткан
аялдын арман-ыйы
дагы эле тыйылбады.
Мындайда боорун ооруп,
гүл сымал калган соолуп,
Ыйлап ал дегин келет, ыйын барбы?!
Коммерсант болуп алып
алдыга озуп чыкты
адамдардын кыйындары.

Пайданы төрөп жатат
Банктагы,
карыздагы,
чөнтөктөгү тыйындары!..
Бүгүнкү күндө жаңы, —
Жалкоолорго,
эринчээкке,
эпсиздерге кыйын баары!
Айнектен калкыйт артка
Жаз алды келген тапка
Созулган талаалардын кыйырлары?!
Трасса кыйма-чийме
Каршы-терши машиналар өтөт, кетет.
Аралап шаардын ичин
биз келип токтогон жай, —
авто бекет!
Ачылды шарак этип алдыңкы эшик!
Бир адам бата турган жарты тешик.
Дүрбөдү эл:
— Эх, мына эми келдик! — дешип.
Кээ бири жулунушту алды жакка
Буттарды, буюмдарды тебелешип!
Ыйлады бир жаш бала,
Эки аял жатты тынбай жемелешип.
Жупкадай кабатталып
тыгылып турган элдин
Жибергенсип боосун чечип
Салондун ичи бүтүн
кыймылга кирип кетти элендешип!
Баягы орундукта
уктап келе жаткан жигит
Жөнөдү алды жакка
турган элди суудай кечип!
Түшкөндөр улам тарап эки-экиден
Жатышты көчөдөгү агымдарга
синип кетип...
— Өх, — дедим улутунуп! —
Шаарыма келдим го деп Алтын Бешик!
Курткамды кубангандан алдым чечип,
Ошума жеттим го деп Алтын Бешик!

*1998-ж.*



# ПОЭМАЛАР



# Мухаммед пайгамбар баяны

## (Поэма)

### 1

Бардыгы Алланын айтканындай
Болот деп жетелендим үмүтүмө,
Бисимилла!
Дилим менен аткан тандай
Баштадым бул дастанды улуу түндө!

Дастаным — ал элчиси тазалыктын,
Мухаммед пайгамбарым тууралуу ыр.
Андачы? О пендем сен тыңдап уккун
Төгүлсүн сөз бермети, агылсын шыр.

Зарылдыр моюн сунуу улуулукка,
Керектир башты ийүү адалдыкка.
Ар убак суктанабыз сулуулукка
Көрөт ал айлананы тоого чыкса.

Ааламды ким окуса, үйрөнсө эгер,
Алысты анын көзү көрүп турар.
Турмушта, тирүүлүктө болбойт нелер
Мойнума тилек кылып тактым тумар.

Карманып калыстыкты өңдөн аздым,
Сактадым таза бойдон ниетимди.
Пайгамбарым жөнүндө баян жаздым
Береттир Алла Таала тилегимди?!

### 2

Кайыгып асманынан жылдыз учкан,
Бул жердин дүйнө калкы атын уккан.
Перс булуңу жана дагы Кызыл-Дениз
Суулары жээгин жууган Арабстан!

Көгүлтүр төбөсүндө бийик Асман,
Чөлдөрү кумдуу жайык уктап жаткан.
Жашаган Адам Ата улуу өлкө
Акылман, алп көкүрөк уулдар тапкан.





Чегинде замандардын эң иралды,
Бул жерди бакыт нуру аралады.
Ибрагим, Исмайыл, Муса, Давид
Анан берди — Закария, Сулайманды!

Арнаптыр Алла Таала кудурет, билим,
Кабылдар жүрөгүнөн Теңир тилин.
Нух ташкыны кезинде кыйрап калган
Каабаны кайра курат Ибрагим!

Агылып адам дили кайра, кайра,
Мусулман калк агылат болуп дайра!
Сафа, Маава тоолору көркүн ачып
Кааба айланат дүйнөдө ыйык жайга.

Жылдардын мезгил менен атты таңы,
Көбөйүп эл, курулду шаарлар жаңы.
Дүйнөгө Хижаз жери берген тура
Ыйык шаарлар Мекке менен Мединаны.

Замандар ырас мындан өтөт шашып,
Бакытты бул жердеги ала качып.
Байлык менен мансапты өөдө коюп
Калышат эки уруу эл араздашып.

Жарышып жайкы, кышкы өтөт жылдар,
Саналып шоодураган колдо пулдар.
Байлык менен мансапка кызмат кылат
Жакырлар акчасы жок, алсыз кулдар.

Бир алдын ыйык жердин ындыны өчөт,
Сатылып колдон колго кулдар өтөт.
Кыздарды ыпылас ишке мажбурлашып
Ынтымак-ырыс, таалай мындан кетет.

Кырсыкка да бир кырсык болот себеп,
Аскерин куралдантып душман келет.
Кайгысы, элдин муңу мүңкүрөгөн
Теңирге ошол кезде жетсе керек.

Алланын мына көргүн кудуретин,
Алыш үчүн кара ниет душман өчүн,

Сансыз куш учуп келип таш жаадырып
Чыгарат тыптыйпылын душман көчүн.

Жараткан бул тилегин элдин берет,
Абраха кошуну чөлдөрдө өлөт.
Бул окуя өткөндөн беш күндөн соң
Бир ымыркай Мухаммед дүйнөгө келет!

**3**

Мухаммед төрөлгөндөн элдин баары,
Баш иет ынтымакка кетип каары.
Арасын уруулардын достук каптайт
Оорулуу айыккандай ичип дары.

Уялап бакты-таалай элге келет,
Бөбөккө периштелер бата берет.
Ыроолойт пайгамбарлар санаттарын
Жарыкка улуу инсан келди, демек!

Эң жакшы сапаттар ага берилди белек,
Балага анын баары суудай керек!
Нух пайгамбардын эрдиги,
Исмайыл пайгамбардын чечендиги.

Жакып пайгамбардын тапкырлыгы,
Ибрагим пайгамбардын баатырдыгы,
Жусуп пайгамбардын сулуулугу,
Жунус пайгамбардын улуулугу,

Дауд пайгамбардын азаалыгы,
Яхия пайгамбардын тазалыгы —
Мусулмандын бактысы үчүн турмушта
Ар убак бул сапаттар керектелмек!

Мухаммед жарыктыкка келген кезде,
Абдулла атасы анын жок эле элде.
Алыскы сапарынан келе жатып,
Көз жумган Мединада, арман эле.

Бир Алла билет кайда алат жанды?
Кайсы күн тоспой калат аткан таңды?





Ымыркай уулун көрүү насиби ага
Атасы Абдуллага буюрбады.

Чабарман сүйүнүчтүү кабар алып,
Чоң атасы Абдул миталибге жетип барып,
Биринчи сүйүнчүлөйт небирелүү
Болгондугун Күн сымал жүзү жарык!

Чоң ата олтуралбай кубанып бек,
Бөбөктү жөө көтөрүп алып келет.
Каабага сыйындырып атын коёт
Алланын пендеси бул — Мухаммед деп.

Эненин баласы үчүн жүрөгү ак,
Амина ымыркайды көп урматтап,
Татыктуу аялзаада араб сымал
Бакмачы Халимага уулун тапшырат.

Халима көз салды да сүйүнгөндөн,
О мындай сулуу перзент эч көрбөгөн.
Чачылды ысык мээрим жүрөгүнөн,
Перзентке чырай берген өзгөрбөгөн.

Бөбөктү багып көрүү бакыт тура!
Кубаныч кубанычка кошту мына!
Таза аба, ынак сүт ичип чоңойсун деп
Көтөрүп алып кетти айылына!

Айылда пайда болду куттуу белги,
Токчулук, бейпил турмуш кошо келди.
Үч уулу менен бирге Халиманын,
Бир өсүп,
биргe ойноп эркеледи!

**4**

Бир күнү балдар жүрдү сууну бойлоп,
Койбоду эч нерсени алар ойлоп...
Бир кезде аппак канат куштар келип
Көтөрүп Мухаммедди жатышты ойноп!

Келишип балдар чуркап Халимага,
Айтышты болгон ишти коркуп ага.

Жанына жетип келип Мухаммеддин
Сурады:
«Зыянсызбы, алар сага?»

«Зыянсыз. Алар учкан периштелер,
Учушуп кайдан-жайдан мага келээр...
Нурларга жүрөгүмдү толтурушту, —
Дейт Мухаммед, — мага күч, кубат берээр».

«Мандайы бул баланын мынча жарык?» —
Халима ойлой берет ан-таң калып!
Беш жашка толгон кезде апасына
Тапшырат Мухаммедди алып барып.

Өлүмүн күйөөсүнүн ойлой бере,
Санаага бата берип алсыз дене,
Кабылып жүрөк оору дартына ал
Амина алсызданып калган эле.

Тагдырдын буйругун көр эми мына,
Ал барып күйөөсүнүн кабырына,
Кайрылып келалбастан каза болот
Экинчи бир ыйык жай Мединада.

Мухаммед жети жашта жетим калат,
Турмуштун сыноосунан сабак алат.
Балага чоң атасы таяныч болуп
Үйүнө алып кетет садагалап!

## 5

Мухаммед ойду жыйнап көңүлдөгү,
Байкады көп турмушту өмүрдөгү.
Ал укту көп кеңешти Кааба алдында
Маанилүү маселелер жөнүндөгү.

Акылын укту терең карыялардын,
Ар убак тосуп чыгып таңдын алдын.
Кудайды кудуреттүү ойлоор эле
Кыйналып жатышканын ар бир жандын.

Эч качан жасабады жаман жорук,
Ал өстү жоош жана ойлуу болуп.





Сактады ал дилинде бир Алланы
Тиледи жакшылыкты элге толук.

Талаага кой кайтарып чыккан күндө,
Жер бети жашыл тартып келет түргө.
Жаздагы бул сыйкырга суктануучу
Олтуруп ал ойлорго батчу бирде.

Айланып карап туруп бардык жерди,
Жолдорго кыйма-чийме көз жиберди.
Узатып карар эле ал жолдорго
Чубашып бара жаткан кербендерди.

Тынчы жок чыр-чатактуу мезгил эле,
Урушуп араздашкан ар кай жерде.
Мал-мүлкүн тоноп алчу каракчылар
Кол салып капысынан кербендерге.

Өлтүрүп адамдарды туткунга алып,
Балдарды базарларга алып барып,
Пул кылып сатышчу анда,
кордоп бирден
Тил албай кежирленсе чеке жарып.

Мухаммед бул жорукка чыдай албай,
Ойлонуп ойго батчу ал ар кандай.
Сүйлөшүп уйку көрбөй таң атырчу
Эти ысып алоолонуп дене, маңдай!

Бар болчу анда кайрат жана эрдик,
Ак ниет, чынчыл, асыл боорукердик!
Айтышты: «Кайрымдуу!» — деп бүтүн эл-журт
Дилинде жолотпогон текеберлик!

Аз-аздан ак кызматтын тарап нугу,
Угулуп жакшылыктын жарык нуру.
Айтканы Мухаммеддин Куран болуп
Таралды жер бетине улуулугу.

Баштады караңгыда жарык жолду,
Ачкөздүк, зомбулукка бөгөт болду.

Аёосуз күрөш ачып динсиздерге
Баштады Ислам үчүн сансыз колду.

Мухаммед айтты элге:
— Чындык өлбөйт,
Жараткан залимдерди жакшы көрбөйт!
Калышат жалганчылар каргышына
Пендесин тегиз карайт, аны бөлбөйт!

Бир гана бул ааламда Кудай улук,
Бардыгын көрүп турат көктө туруп.
Исламдын элдешпеген душманы бул
Ириткен элдин ичин бузукулук!»

«Ниети бузуктардын жөнү башка,
Ойлогон жаман ою тиет ташка!
Бир Алла ченеми жок ырайымдуу
Жана да ал кайрымдуу акыйкатта!»

Капыр бойдон өлгөндөр айтпай келме,
Алтынды тартуулашып барсын жерге,
Алардын ниети эч кабыл болбойт
Тозокко барып түшөт андай пенде?!»

Бул аятты угушчу жаш да, кары,
Бул Алланын сөзү деп колдоп баары.
Пайгамбарым Мухаммедге ишеништи
Ыйык жайга азирети Кааба айланды?!

Андан бери канча да заман өттү,
Кечирдик башыбыздан күндөрдү өрттүү!
Ислам дини тазалык, такыбалыктан
Мусулманды дүйнөгө көкөлөттү!

Канча да артыбыздан мезгил келет,
Төрөлөт далай муундар дагы демек!
Мухаммед пайгамбарымдын бул окуусу
Жүрөгүндө мусулмандын жашай берет!

*Февраль, 1995-ж.*





## Махабат тагдыры
### (Поэма)

Тоолук кыз мал тосуп тоодо өстү,
Жынайлак шиберди аралап...
Жарышып жел менен мелдешчү
Гүл терип жүгүрчү талаалап.

Желеде бээлерди саадырып,
Кулундун жалын ал тарады.
Табийгат жамгырын жаадырып
Ай нуру асмандан карады.

Өстү кыз денеси чыналып,
Өстү кыз ызгаарга кайыгып.
Чачтары жер чийди чубалып
Ак жүзү нурларга чайынып.

Асмандан айылга түштү күн,
Кармалбай колдорго калкылдап.
Сөздөрү бал болду шипширин
Күлкүсү — жарк этти таң сымак.

Быштыы деп тоонун бул алчасы,
Белгилеп ар дайым бу күндү, —
Алам деп артынан канчасы
Арбалып ар кимдер жүгүрдү.

Алыстан акмалап көз тигип,
Кусалык уятка бастырып,
Бир өскөн айылдык жаш жигит
Арзыды көңүлдөн жактырып.

Мына эми бир сырды билип көр.
Дилдеги сезимин сатпады.
Канча да айылдык жигиттер
Негедир сулууга жакпады.

Онунан чыкпады канча үмүт,
Мындайда кылмакчы эми не?
Келди да шаардык бир жаш жигит
Качырып апкетти таксиде!..

Турмуш бул — дирилдеп желегин
Белгисиз бутакка байланды.
Шаардык бир соодагер неменин
Экинчи жарына айланды.

Айылдык жаш жигит калды эми
Жалынга жүрөгүн жандырып...
Өмүрлүк ал сүйгөн жарды эми
Түбөлүк жиберди алдырып.

Куш болчу сыланган бир өзү,
Гүл эле ачылган бактагы.
Дирилдек жайнаган мүнөзү
Негедир эрине жакпады.

Өзгөрдү чыбыктай сымбаты,
Ким келсе карады айбыга.
Бирөөгө жасаган урматы
Айланды түгөнбөс кайгыга.

Жылкы айдап бээни саап желеде,
Түйшүкчүл турмушта бүлүнгөн, —
Ал тоонун эркеси эле го
Мал айдап кырларда жүгүргөн.

Эми анын тагдыры өзгөрдү,
Байланды бирөөнүн эркине.
Тенине убада сөз берип
Ээн-эркин жер кезип келчү эле.

Азырчы? Башы да айланып,
Айталбайт ичтеги арманын.
Кол-буту жиби жок байланып
Түшүнөт капаста калганын.

Ар күнү калып ал казапка,
Күндөрү ый менен өтөөрбү?
Баш ийип аз эмес азапка
Чыдагыс жемени көтөрдү!

Бир күнү кабылып санаага,
Баш тартып алгачкы сүйүүдөн —





«Мейли деп калсам да талаада» —
Ал чыгып кетти эми үйүнөн.

Кийимсиз, акчасыз ач калып,
Турмушта адамдай күнөөлүү,
Ар кимдин жумушун аткарып
Түн ичи вокзалда түнөдү.

Идиш жууп ашкана ичинде,
Түпөйүл санаага капталды.
Ал көрдү жыргалды — түшүндө,
Өнүндө — оор жумуш аткарды.

Нанын жаап, кирин жууп бирөөнүн,
Эки-үч сом болду анын тапканы.
Не деген ой басып жүрөгүн
Ирееге бурчу эле жатканы.

Көөдөндү сансыз ой сыдырып,
Кыйындык жолукту астынан.
Үйлөрдөн үйлөрдү кыдырып
Ар түркүн иш жасап бакты жан.

Аппак кол акырын туурулуп,
Ак жүзү аз-аздан кирдеди.
Жаш курак камырдай жуурулуп
Өмүрдү бул жашоо иргеди.

Жуургандай эмчектин сүтүнөн,
Жылмайса түн дагы жарылат.
Кир болгон кийимдин ичинен
Сулуулук байкалчу ар убак.

Түрүнсө жумуру билеги,
Тиктесе — көздөн от чачырап,
Суктантат супсулуу ирени
Жүзүнөн жылуулук жагылат.

Бир күнү бир чондун эшигин
Биринчи бул жубан аттады.
Кирин жууп, ал ичип кешигин
Пол сырдап, үйлөрүн актады.

Үй ээси ишинен келгенде,
Чай ичип олтуруп сөөрүдө, —
Окшотту бир жерден көргөнгө
Бир сезим калгансып өмүрдө.

«Кай жерден муну мен көрдүм» — деп
Тиктеди кыймылын кызыгып.
Жаштык кез көнүлдө элестеп
Олтурду ичинен сызылып...

Капыстан келиндин кареги
Жалт этип көзүнө чагылды.
Бүт дене дүрт этип дагы эми
Көөдөндөн туюк үн жаңырды?!

Тартылды сезимге бир кыска
Бир кезде сүйгөн кыз элеси...
Өң-түсү өзгөрүп турмушта
Арыктап ичкерген денеси.

Ак жүзү негедир шапайып,
Чөгүнкү, кирдеген көнүлү,
Жашоодо жол болбой кашайып
Кор болгон күлгүн жаш өмүрү.

Өчүргөн каректин жылдызын
Тепкилеп тагдырдын агымы.
Ууз сүйүү арнаган ал кызын
Бүшүркөп эми араң тааныды?!

Эртеси ээрчитип алпарып,
Жеңил бир кызматка киргизди.
Бир кезде аптыгып канчалык
Ашык ал болгонун билгизди.

Ар жактан колдорун сунушту,
Көбөйүп бергендер жардамын.
Алдынан акырын чыгышты
Дегендер, — алтыным, ардагым?!

Кийим да, оокат да табылды,
Жүрдү эми бир жумуш күтүнүп.





Аз-аздан үй ичи жаңырды
Баратты турмушка түшүнүп!

Бир үйгө жеткирди көчүрүп,
Жүрүшүп кетти эми иштери.
«Неге мен чандым» — деп өкүнүп
Алтынай бармагын тиштеди.

Алгач ал жардамдын берилген
Адамдык салтына багынды.
Акыры ийигип көнүлдөн
Аялдай ал бир күн жаңылды.

Ортодо махабат тутанды,
Жүрөктөр жалынга малынды.
Алоолоп махабат күч алды
Бакытка кол-буту чалынды.

Ар күнү бокалдар кагышып,
Көбөйдү мына эми тааныштар...
Күндөр — суу, куланды жарышып
Бирок жок тагдырды табыштаар!

Ар кечте кубаныч тагынып,
Бөлмөдө сан күүлөр агылды.
Терезе санаксыз кагылып
Санаксыз коңгуроо жаңырды.

Бир өмүр ыргакка багынып,
Акты эми алдыга көнүлдүү.
Кээ бирде барабан кагылып
Кээ бирде музыка төгүлдү.

Алыска угулуп каткырык,
Шарактап бийлер көп бийленди.
Жүрөктөн Жунусту жактырып
Махабат сырларын үйрөндү.

Ашыктык отуна арбалып,
Чалынып дилдеги үмүткө,
Тагдырга биринчи таң калып
Ал ашык болду бул жигитке.

Көп күнгө көрбөсө сагынды,
Ызадан кээ бирде ыйлады.
Тагдырга ар убак жалынды
Арманы көөдөнгө сыйбады.

Арзууга көкүрөк тойсо да
Алоолоп от болду жүрөгү.
Далайга жолукпай койсо да:
«Ал аман болсун» — деп тиледи.

Махабат жүрөккө сыйбастан
Төгүлүп турганын түшүндү!
Ал аны эч кимге кыйбастан
Ар күнү келет деп күтүндү.

«Сагынбайт» деген бир бүтүмдөн
Санаасы сан ойго чачылды.
Саргарып ыраңы күтүүдөн
Шам жагып таңдарды атырды.

Күлкүсүн күнүгө угам деп,
Күтүүдөн күүгүмдөп кеч кирди.
Куттуктап келгенде сунам деп
Кутуга гүлдөрдү өстүрдү.

Боёлгон жашылга көрктүү көрк
Бозорду өң-түссүз кайра да,
Босого аттаса көрсүн деп
Бөлөдү үй ичин саймага.

Караган кареги тешилип,
Канча да арадан күн өттү.
Канча ирет күнөөлөп, кечирип
Кайгыдан жыттады сүрөттү.

Эки көз кызарып уйкусуз,
Эсепсиз таң атты агарып.
Бул турмуш кызыксыз, болуп суз
Калгандай эң супсак жаралып.

Ашыктык ийнелеп жүлүнгө
Ал сезип азаптуу дүйнөнү,





Күч жетпес армандын жибинде
Кайгылуу ыр ырдап, бийледи.

Сан ойлор көөдөндү жаралап,
Сагыныч өрттөдү өмүрдү.
Канча ирет токтобой салаалап
Каректен ысык жаш төгүлдү.

Сагыныч азабын жеңалбай,
Саналуу кайтарды эшикти.
Көп күндөр өтсө да келалбай
Ал неге кечикти? Кечикти?

Үйүндө келбей эч тургусу
Жунус да жүрөгүн канатты.
Үй-жайы, жайнаган турмушу
Күн сайын суз тартып баратты.

Жылуулук эч калбай бүлөлүк
Жарынан ал укту жемени.
Туюлду оюндай түбөлүк
«Эми аны унуттум» — дегени.

Шамалга удургуп кеч кетип,
Чогулуп тараган булуттай,
Отуруп-турганда эстетип
Көкүрөк койду түк унутпай.

Сезалбай ал калган кызыгын
Жаш чакта атырган таңдарды.
Бир кезде сүйгөн ал кызынын
Сүйүүсү кайрадан жанданды.

Негедир ак бермет тагынып,
Колуна колдору сунулду...
Ырлары кулакта жаңырып
Сөздөрү терең ден угулду:

«Негедир жолугун булгалап,
Кырандан келгин деп чакырды.
Анан ал жүгүрсө жылгалап» —
Санаага жүрөгүн батырды!

Капыстан таш тийип денеге,
Серпилген жаралуу жыландай,
Ал өзүн тынымсыз жемелеп
Ойдолойт бир жерде туралбай?!

Анан ал өзүнчө кыжынат,
Боюна ченемсиз күч кирип,
Терендеп билинбей сызылат
Токтобой оргуган үшкүрүк!

Күндөрдүн артынан куюлуп
Баратты билинбей күн кетип.
Көңүлдө бир арман буюгуп
Жүрөктү баратты зилдетип.

Тиш оору сыяктуу таң атпай,
Арманга кошулуп муң-зары,
Айыкпас эң эски жараттай
Ай сайын, күн сайын ырбады.

Эми ал таптакыр билбеди,
Не кылып, турмушта — не дээрин?!
Азаптуу өттү көп күндөрү
Жигиттин түшкөндөй бедели.

Кээ бирде көзүнө жаш алды,
Ойлорго кабылып ар кандай.
Кош көңүл турмушта жашады
Намысын алдырып салгандай.

Түгөнүп жашоонун жарышы,
Бактысы төгүлүп, төгүлбөй —
Үй-бүлө, балдары, баарысы
Баратты көзүнө көрүнбөй!

Бир санаа койбербейт жакалап,
Билинбей таң атып, күн батты.
Көөдөндө уюган махабат
Ар убак жүрөгүн сыздатты.

Акыры келди бир чечимге,
Үйүнөн чыкты эми бүлүнүп.





Күн батып күүгүмдө, кечинде
Балдары тосту алдын жүгүрүп...

— Атаке, кай жакка барасың?
Калганда караңгы түн кирип? —
Үнчукпай ичтеги санаасын
Негедир койду бейм билдирип.

— Бар, үйгө киргиле, баарыңар,
Аздан соң мен кайра келемин, —
Деди да унутуп баарын ал
Эстеди жыргалын дененин.

Андан да бүт тулку жалындап,
Канында бир сезим дүргүдү.
Ансайын ал бат-бат арымдап
Караңгы көчөгө сүңгүдү!

Жаш келин көп күттү, сагынды,
Турганда аргасыз түңүлүп:
Шыңгырап коңгуроо кагылды
Ал чыкты алдынан жүгүрүп.

О анан көргөн ал көзүнө
Суктана тиктеди ишенбей.
Колунан тартты эми өзүнө
Буттары калгандай кишенде.

Шарактап дарбаза жабылып,
Жунус да ичкери шашылды.
Келиндин күткөнү табылып
Көңүлү гүл болуп ачылды.

— Күтүүдөн от болуп жандым да?! —
Алтынай мойнуна асылды.
Биригип босого астында
Бир топко шолоктоп басылды.

А Жунус жыпар бир жыттарга
Сезимден чөмүлдү, кириңди.
Үйдөгү саймалуу бурчтарга
Таң калып кареги тигилди.

О чиркин махабат лаззаты,
Миң түркүн боёкто айтылды.
Каламым, болду эми, жазбачы? —
Укпагам о мындай айтымды.

Тарабай сагыныч кумары,
Көңүлдөр жылдызга эргиди.
Сайрады жүрөктүн улары
Чыңалган денелер сергиди.

Миң түркүн күүлөрдүн кайрыгы
Шыбырап кулакка угулду.
Махабат — дүйнөнүн байлыгы
Миңдеген түстөрдө кубулду.

Бөлмөдө жашады тирүүлүк,
Ааламдын сырлары агылып.
Бир эшик ичинен илинип
Үч-төрт күн турду бек жабылып?!..

Бул кечте тополоң башталып,
Автомат үндөрү жаңырды!
Эссиздер бүт элди башкарып
Көздөрдөн жек көрүү чагылды.

Ар жактан баңгилер биригип,
— Ким бар, — деп үйлөрдү антарды.
Акылсыз гөөдөктөр жүгүрүп
Күчөттү көп жерде жаңжалды.

Миш-миштер бороондой дүрүлдөп,
Жол менен ар жакка таралды.
Көчөдө танкалар күрүлдөп
Көргөндүн чачтары агарды.

Таштарга айнектер быркырап,
Ар жерден буюмдар тоңолду.
Көп үйлөр өрттөлдү шыркырап
Көчөдөн күнөөсүз жоголду.

А биздин каармандар сүйүүгө
Түбөлүк жатышкан көрк берип.
Келиндин жашаган үйүндө
Кетишти экөө тең өрттөлүп?!





Кимдерге зыяны бар эле
Ким жүрөт турмушта жаңылбай,
Күнөөлүү бандиттер дагы эле
Кетишти бу күнгө табылбай.

Мындайда берилбейт жардамдар,
Жомогу айтылаар сан жылга.
Не дейбиз? Ал биздин каармандар
Туш болду ушундай тагдырга.

Ким келет учурду тандачу?
Бүттү бул эки ашык баяны.
Биз дагы чарчадык.
Андачы
Нокотту коёлу —
Аягы!

*1990 — 93-ж.*

## МАЗМУНУ

**Адам жана табият** ........ 3
Оштогу менин өмүрүм ........ 4
Адам жана табият ........ 6
Табият жана биз ........ 8
Көк челип турган өлкөм — Кыргызстан ........ 9
Тоолордогу улуулук ........ 10
Бүлөөлү ........ 11
Акбосого ........ 12
Жайлоо тууралуу ыр ........ 13
Жаз деми ........ 15
Арал деңизи ........ 16
Дениз жээгиндеги ой толгоо ........ 17
Аламүдүн дайрасы ........ 18
Мазарым Токбай-Ата ........ 19
Табият койнун аралап ........ 20
Аалам ........ 21
Тоолуу өлкөм ........ 22
Ташка өскөн гүл ........ 24
Көл менен көңүл ........ 24
Аккуулар ........ 25
Сен Көлүм чалкып жатасың ........ 28
Кызгандым көлдөн өзүңдү ........ 29
Өттү жайдын жакшы маалы жайдары ........ 30
Сулайман тоонун түбүндө ........ 31
Деңиздей толкундай бер, Ысыккөлүм ........ 32
«Хамса» булагы ........ 33
Караденииз — «Комета» аттуу кайыкта ........ 34
Адам, аалам, табият ........ 36
Жер боорунда ........ 37
Кыргыздын көзү менен караганда ........ 38
Ата Журт ыры ........ 39
Мекеним сенсиң менин ........ 42
Деңиз жээги ........ 43
Адам жана аалам ........ 45
Булут чүмкөп тоонун чокусун ........ 47
Мургаб дайра ........ 48
Шаардагы жазгы кеч ........ 49





Өскөн жер ........ 50
Жаз алды ........ 51
Кичиказык жайлоосунда ........ 51
Келген күн ........ 53
Тоолор ........ 54
Кең Ажике жайлоосу ........ 55
Саркашка ........ 56

**Өмүр издери** ........ 57
Өмүр издери ........ 58
Койчунун арманы ........ 59
Амалдын азгырыгы ........ 60
Кымбатчылык ........ 60
Биримдик тууралуу ........ 61
Тамекичи Токтобай ........ 62
Жараткандан сурануу ........ 63
Өтүлүн ал Ата Журттун ........ 64
Биздин жол ........ 66
«Батыштан жүргөн бороон даракты урат» ........ 67
Элиме тилек ........ 68
Акылдын Чолпон жылдызы ........ 68
«Арзыбаган аз-аз тилек өтөлүп» ........ 69
«Бул ааламды таанып билүү жагынан» ........ 71
«Согушу улам аздап тамырымын» ........ 71
Жылуусуу ........ 71
Тоолук элиң толкуп уксун ырыңды ........ 73
Жүрө берсин жүрөктөрдө жаңырып ........ 74
Бала ........ 74
Аялзаты — бул турмуштун күзгүсү ........ 76
«Чындыкты мен өзүңдөй келем танбай!» ........ 77
Бүгүнкү оптимизм ........ 78
«Жаркырап чыккан Ай сымак» ........ 79
Колдон келсе ........ 80
Эки өмүр ........ 80
«Сиз эң жакшы адамсыз ........ 82
Ойлуу неге менин башым ........ 83
Эртеңибиз болот кандай? ........ 84
Бири кем дүйнө ........ 85
Нооруз — жаздын майрамы ........ 87

Элдин уулу жашайт дайым түбөлүк ........ 87
Жыйырманчы кылымга ........ 88
Билбейм бүгүн кайсы жолдо баратам ........ 89
Дыйканга ода ........ 90
Жаратканга табынуу ........ 91
«Бүгүн сенин туулган күнүң эмеспи» ........ 92
Сексенге чыккан куракта ........ 93
Эншерилди арабыз ........ 94
Күзгү санаркоо ........ 95
Балдарга кеңеш ........ 95
О, бул аймак Түштүк жери чалкыган ........ 96
Сүйгөн калаам — менин Ошум ........ 97
Колдосо экен аталардын арбагы ........ 99
Маркум Жолон досумдан кат ........ 100
Бул дүйнөнү түшүндүрүү ........ 101
Тосой айылы ........ 102
Тазалык ыры ........ 103
Илим дарагы ........ 104
Барпынын ак батасы ........ 105
Жалгыздык ........ 106
Рыспайдын орду турат жоктолуп ........ 107
Жоокери кандуу согуштун ........ 108
Алоолонгон жаштык кезим кайдасын ........ 109
Сөз мааниси ........ 110
Кыргыздын бир эр-азамат уулу элең ........ 111
Жазуучу-акындардын ал-абалы ........ 111
Туулган жерди сагынуу ........ 112
Сурануу ........ 113
Ош шаарым ........ 113
Аруу тилек ........ 114
Сокем дале жаш жигиттей күчүндө ........ 115
Жашай берет эмгеги ........ 116
Ата Журт деп согуп турат жүрөгүн ........ 117
Ар-намыстуу ачык, айрым иниме ........ 118
Тарата бер маданият жарыгын ........ 118
Сегиз саптар ........ 119
Эркин саптар ........ 121
Эки жаштын аруулугу ........ 123
Жапжашыл жаннат болуп калса керек ........ 124





Акындардын кайгысы ........ 125
Рыспайдын акыркы ыры ........ 126
Туулган жердин элеси ........ 127
Эне тилим ........ 127
Не эрте келип алдың быйыл, күзүм? ........ 128
Айбанаттар багында ........ 129

**Публицистикалык ой-толгоолор** ........ 131
Курманжандын эрки, эрдиги, кайраты ........ 132
Токтогулдун арманы ........ 134
Акын Жоомарт аңызы ........ 136
Жөнөкөйлүк тууралуу ыр ........ 138
Комуз тууралуу легенда ........ 140
Жар издеген жаш сулууга ........ 144
Ош базарында ........ 147
Акын жана эрдик ........ 149
Көралбастык, ичкүйдүлүк жана алсыздык жөнүндө ыр ........ 153
Хандын өмүрү жана өлүмү тууралуу ........ 156
Эгемендүү эркиндик жөнүндө (*Какшык*) ........ 157
Түрк балдары ........ 159
Өмүрдөн да кымбат үч улуулук жөнүндө Жусуп Баласагындын айткандары ........ 161
Жүргүнчүлөр (*Автобустан репортаж*) ........ 163

**Поэмалар** ........ 169
Мухаммед пайгамбар баяны (*Поэма*) ........ 170
Махабат тагдыры (*Поэма*) ........ 177

*Көркөм-адабий басылма*

**Ташбаев Кармышак**
**(Аликетегин)**

**Оштогу менин өмүрүм**

Ырлар, публицистикалык
ой толгоолор жана поэмалар


Чыгышына жооптуу *Кадыров Ж. С.*
Редактору *Теңирбергенова Ж.*
Тех. редактору *Сооронкулова Ж. С.*
Компьютердик калыпка салган *Федосеева И. М.*
Корректору *Жакеева Б.*
Мукабаны жасалгалаган *Кадыров М. С.*

Форматы 84 x 108 $^1/_{32}$. Көлөмү 12,0 б. т.
Офсеттик кагаз. Нускасы 200 даана.
Заказ № 203.

«Бийиктик» басмасы,
720000, Бишкек ш., Киев көчөсү, 77,
тел.: 66-75-58, 62-02-11.



Кармышак
ТАШБАЕВ
(Аликетегин)



# Оштогу менин өмүрүм